# АТА-ЭНЕЛИК СЫЙЫНУУНУН КҮЧҮ



Сторми Омартиан

Сторми Омартиан

# АТА-ЭНЕЛИК СЫЙЫНУУНУН КҮЧҮ

…Теңирдин алдында жүрөгүңдү суудай төк…
балдарыңдын жаны үчүн Ага колуңду сун…

*Жер.ыйы 2:19*

## ЫРААЗЫЧЫЛЫК

Менин өзгөчө ыраазычылыгым:

- *Менин кызым Аманда жана уулум Кристоферге;* алар жашоомду кубанычка толтургандыктары үчүн жана сыйынууга көптөгөн шылтоолорду бергендиктери үчүн.

- *Менин жубайым Майклга;* отуз жыл аралыгында сан жеткис убакыт мени менен бирге биздин балдар үчүн сыйынууда болгондугу үчүн.

- *Мени менен чогуу сыйынууда болушкан менин сонун досторума* — Сьюзан Мартинесге, Роза Томпсонго, Донна Саммерге, Ян Уилльямсонго — менин балдарым, мен үчүн жана ушул китептин ийгиликтүү аякташы үчүн көптөгөн сыйынуулары үчүн.

- *Жыйырма жыл аралыгында менин кайтаруучум жана отуз жылдан ашуун убакыт бою менин руханий атам болгон Джек Хейфордго;* мени сыйынганга үйрөткөндүгү үчүн.

# СӨЗ БАШЫ

Менин энем — дүйнө жүзүндөгү эң мыкты эне. Ал мени дайыма колдоп турат жана бардык учурда мага жардам берүүгө аракеттенет. Анын сүйүүсү жана сыйынуулары үчүн мен абдан ыраазымын. Ал мен үчүн күнүгө сыйынат жана бул менин окуумда да, жашоомдо да мага чоң жардам берүүдө деп ойлойм. Анын сыйынуулары мага көп өзгөргөнгө жардам берди, жана, балким, ошол сыйынуулар үчүн гана мен бул дүйнөдө жашап жатат болушум керек. Бир жолу энемдин сыйынуусу керемет жараткан — менин жашоомдо эч качан болот деп ойлобогон укмуштуу окуя болду. Менин классымда бир кыз бар болчу, ал менин жүрөгүмдүн үшүн алган абдан арам жана жаман кыз эле, мен андан алыс болууга аракет кылчумун. Мен ал жөнүндө энеме айтып бергем, энем болсо мага ошол кыз үчүн бирге сыйынууну сунуш кылды. Мага бул ой жакты да, энем экөөбүз ал үчүн сабактар аяктаганга чейин жана жай бою күн сайын бирге сыйынып жүрдүк. Кийинки окуу жылы керемет болду: ал кыз толугу менен өзгөрүп, менин эң жакын курбуларымдын бири болуп калды. Ушуга чейин мындай нерсе эч качан болбогондуктан, бул окуя менин бүт жашоомо таасирин тийгизди.

Энемдин сыйынуулары өз ишин аткарууда. Аларга жоопторду дароо ала албасам да, алар мага жардам берүүдө. Мен Теңирге жана энеме абдан ыраазымын. Рахмат сизге, эне.

*Аманда Омартиан (13 жаш)*

## Аманда, он жылдан кийин

Акыркы он жыл аралыгында мен күн сайын энемдин сыйынууларынын таасирин сезүүдөмүн. Бүгүн да мен анын мен үчүн жогору көтөрүп турган сан жеткис сыйынууларына жоопторду алуудамын. Менин жашоомдун бу же тиги учурунда энемдин сыйынуулары кандай ролду аткарганын мен дароо түшүнбөсөм да, бирок кайсы жерде болсом да, кандай акылсыздык кылсам да, энемдин сыйынуулары мени коргоп турганын мен билем. Качандыр бир убакта, кандайдыр бир деңгээлде болсо да мен энеме окшош болуп калууну эңсейм. Өзүнүн сыйынуулары менен ал биздин үй-бүлөнү сактап калды. Ал күн сайын сыйынууда Кудайдын колун ушунчалык бек кармап тургандыктан, душман, көптөгөн күчтүү аракеттерине карабастан, биздин жашоого батынып, кире алган жок. Тез арада Кудайга жалынгандан башка эч нерсе калбай калган, мага өлүм коркунучун туудурган, кооптуу абалдарга мен көп жолу дуушар болгом. Эгер менин ата-энем мен үчүн — өзгөчө менин жашоомдун кооптуу учурларында ар дайым сыйынууда болбосо, мени менен эмне болушу мүмкүн экенин эми мен түшүнүп турам. Алардын сыйынуулары мени коргоп турган, мага күч берип, мен коргоого, колдоого же жетектөөгө муктаж экенимди билбей турганда да мени жетелеп турган. Ата-энемдин сыйынууларысыз мен бирдиктүү, бактылуу жана үмүткө толгон адам боло албайт элем деп ойлойм. Сыйынуу жашоомдун эң маанилүү бөлүгү болуп калгандыктан, мен азыр менин энем жетектеген аялдардын сыйынуу тобунун туруктуу жана

ишенимдүү мүчөсүмүн. Мен эми жашоомду сыйынуусуз элестете да албайм.

*Аманда Омартиан (23 жаш)*

Менин сүйүктүү жана камкор ата-энемдин сыйынуулары чындыгында мени коргоп турганын мен мойнума алышым керек. Менин энем жана атам бардыгын түшүнүшөт, бирок кээде алар абдан күлкүнүчтүү болуп калышат. Менин ата-энеме таандык болгон мыкты сапаттардын арасынан мен алардын мен жана менин эжем үчүн сыйынууларындагы туруктуулугун баалайм. Алардын сыйынууларынын менин жашоомдо ойноген ролу жөнүндө айтып бергим келсе, анда бул китепте энем жазганынан мен көбүрөөк жазсам керек эле. Ошондуктан, ата-энелик сыйынуунун күчүн толук сезген бир окуяны гана эстейин.

Менин он сегиз жылдык жашоом бою ата-энем ар дайым менин коопсуздугум үчүн сыйынышкан. Мен «тынч» деп аталган Лос-Анджелес шаарында жашагандыктан, алардын сыйынуусу мага калкан болчу. Айтып бергим келген окуя мен мектепте окуп жүргөн жылдарда болгон. Кудай мени өтө оор автомобиль авариясынан сактап калды. Бир күнү эртең менен мен жана менин эки классташым коопсуздук куру менен курчанбай машинада бара жатканбыз, так ошол учурда жол кесилишинде башка автомобиль менен тике маңдай сүзүштүк. Бир досум оор жарадар болду, ал капталдагы терезе аркылуу сыртка ыргып кетти, экинчиси болсо рулга урунуп, бетин талкалап алды. Мен арткы орундукта отургам, бел жагымдан гана бир аз жаракат алдым. Биз бардыгыбыз өлүп калышыбыз ыктымал эле, бирок Кудай Өзүнүн канаттарынын көлөкөсүндө жашырып, ырайым кылды. Так ошол учурда мен ата-энемдин сыйынууларынын маанилүүлүгүн сездим жана бизди корку-

нуч күтүп турганда Кудай Өзү кийлигишип, сактап калаарын так көрдүм.

Менин жашоом үчүн тынымсыз сыйынууда болгондуктары үчүн мен ата-энеме абдан ыраазымын. Ал сыйынуулар мени коркунучтуу абалдардан коргоп гана тим болбостон, мага такыбаалыктын жана адилдиктин жолунда калганга жардам беришти.

Азыр, мен он сегизге толгондо, менин ата-энемдин сыйынуулары аркылуу менин жашоомдо сөзсүз жакшы бир нерсе болот деп ойлойм. Алар мен тезирээк үйлөнүп, өзүмчө бөлүнүп кетишим тууралуу сыйынып жатышат го деп божомолдоп турам, ошондо алар жеңилдей түшүшөт болуш керек.

*Кристофер Омартиан (18 жаш)*

## Кристофер, он жылдан кийин

Артка кылчайып, жашоомдун акыркы он жылын караганда, сыйынуунун улуу күчүн жана менин азыркы жашоом — бул энемдин сыйынууларынын көзгө көрүнөр натыйжасы экенин мойнума албай кое албайм. Бүгүн да менин сүйүктүү, баталуу, камкор жана кээде ушунчалык күлкүнүчтүү көрүнгөн ата-энем менин жанымда. Менин аман-эсен болушум үчүн ысык сыйынууларга ар дайым убакыт тапкан ата-энем менин жашоомдогу эң зор бата экенине мен бек ишенем. Туруктуу сыйынуу деген эмне экенин жакшы билишкен менин жакындарымдын сыйынууларысыз мени менен эмне болмоктугун мен элестете да албайм.

Бир нече жыл мурун мен бир абдан татаал кырдаалга дуушар болдум. Ыйык Жазууларды окуу жана сыйынуу мен үчүн адаттагы салтка айланып, жашоону өзгөртө ала турган курал болуп эсептелбей калды. Натыйжасында, мен зор кыйынчылыкка учурадым: мен финансалык кризиске кабылдым; узак

жылдар бою ишеничтүү досум менин аркамдан чыккынчылык кылып, сокку берди. Бирок, эң негизгиси — мен кубанычтан жана тынчтыктан айрылдым. Бир күнү кечинде мен энеме телефон чалдым да, бардыгын айтып бердим жана мен үчүн сыйынып туруусун өтүнгөнүм эсимде. Энем болсо мага Кудай булардын баарына жол бергендигинин себеби — менин көңүлүмдү Өзүнө бурдуруш үчүн экенин айтты. Эртеси күнү мен Жазууларды ачканда, бир аят таң калтырды: «Баарынан мурда Кудайдын Падышачылыгын жана адилеттигин издегиле, ошондо мунун баары силерге кошулуп берилет» (Мат. 6:33). Буга чейин бул аятты мен канча жолу окугам, бирок эч качан анын сөздөрдүн жөнөкөй, бирок терең маанисин сезген эмесмин! Мен өзүмдүн жеке көйгөйлөрүм менен бушайман боло берип, мага күч бере ала турган Анын Рухун бүт жүрөгүм менен издөөнүн ордуна мен Кудайдан муну же тигини суроо менен алек болгон экем. Так ошол замат мен Теңирдин алдында бир гана каалоо — Анын жүзүн издөө каалоосу менен жүз-төмөндөп жыгылдым.

Бул окуя Кудай көпчүлүк учурда бизге кыйынчылыктардын иримине чөгүп кетишибизге уруксат берери жана Анын эркин таануу деген өзүбүздүн эң негизги муктаждыгыбызды деги биз качан түшүнөөрүбүздү чыдамдуулук менен күтөрүн көрсөтүп турат. Биздин жыгылуубузду Ал Аны менен жакыныраак мамиле орнотушубуз үчүн жардам берүүгө колдонот. Кудай мени ыңгайлуу зонадан чыгып, Ага таянууга чакырганына мен так ишенем. Ошондо мен ошончолук төмөн кулабасам, бүгүн мен ушундай татыктуу жумушка, жаңы, кызыктуу жана тез өнүгүп жаткан ишке ээ болбойт элем жана менин бүт жашоомдун сүйүүсү болуп калган эң сулуу колукту менен алдыдагы баш кошуубузга кубанып турбайт элем. Ушул кырдаалдардын ар бири мен эч качан татыктуу болбогон, бирок Анын

ырайымы менен менин үстүмө төгүлгөн Теңирдин укмуштуудай батасын билдирип турат. Мунун бардыгы менин ата-энемдин мен үчүн жана Теңир алдында менин жолум үчүн жалындуу сыйынууларынын себебинен гана мүмкүн болду. Албетте, энемдин сиңирген эмгеги көбүрөөк, себеби атамдын сыйынууларынын жарымы «Чикаго Беарс» командасынын ийгилигине арналган эле.

*Кристофер Омартиан (28 лет)*

# КИРИШ СӨЗ

Мен он жыл мурун «Ата-энелик сыйынуунун күчү» аттуу китеп жазып чыгарганда, анын тиражы миллиондон ашык экземпляр болуп кетерин мен ойлой да алган эмесмин. Менин ойлорумдун баары Теңир мени балдарым үчүн сыйынганга — ысык жана эффективдүү сыйынганга үйрөттү жана мен башка ата-энелер менен өзүмдүн тажрыйбамды бөлүшкүм келгендиги менен гана алек болчу. Биздин үйдө балдарыбыз үчүн арачылык кылып, ар дайым сыйынган сыйынуу чогулуштары болуп башталган нерсе азыр биздин жашообуздун максаты болуп калды. Биз өзүбүздүн сыйынууларыбыздын күчүн сезип жаттык жана укмуштуудай натыйжаларын көрүп жаттык. Ушул жылдар аралыгында сыйынууларыбызга алган жооптор биздин ишенимибизди бекемдеп, балдарыбыз биринин артынан бири чоңоюп, өз үйлөрүн куруу үчүн ата-эненин үйүнөн чыгып кетип жатышканына карабастан, дагы көбүрөөк тырышчаактык жана туруктуулук менен сыйынууларыбызды *улантканга* шыктандырып жатты.

Мен өз китебимдин бул басылышына «Бойго жеткен балдар үчүн кантип сыйынуу керек» деген дагы бир бөлүмдү

коштум. Бул бөлүм зарыл болчу, себеби сиздер, ата-энелер катары, балдарыңыздар канча жашка чыкса да жана алар кайсы жерде болсо да, алар үчүн кам көрүүнү жана алар үчүн сыйынууну токтотпойсуздар деп ойлойм. Ал эми сыйынууну *баштоо* эч качан кеч болбойт. Сиздердин балдарыңыздар эбак эле бойго жетсе да жана сиздер буга чейин эч качан алар үчүн сыйына элек болсоңуздар да, бул китепти окуп, так бүгүндөн баштап сыйына баштасаңыздар болот. Азыр менин балдарым жыйырмадан ашып калышты, бирок мен дагы деле алар үчүн сыйынууда ушул китептин жардамына кайрыламын. Албетте, мен да, сиздер сыяктуу эле алардын жашоосундагы кандайдыр-бир өзгөчө муктаждыктардын толтурулушу үчүн сыйынам. Бирок, бул китеп мага көпчүлүк учурда мен алар өздөрү эскертмейинче, унутуп калган муктаждыктарды да эстөөгө жардам берет. Бул китептин акыркы бөлүмүндө мен ар бир бөлүмдүн аягында берилген сыйынууларга кошумча отуз жөнөкөй сыйынууну сунуш кылам, алар сиздердин бойго жеткен балдарыңыздар үчүн сыйынууларыңыздар тагыраак болушуна көмөктөшөт.

Өз балдарыңыздар үчүн сыйынууну чечкенде, алар үчүн сыйынуу сиздердин жүрөгүңүздөрдүн ар күндүк каалоосу болуп калганын көрөсүздөр. Өз сыйынууларыңыздар менен алардын жашоосуна оң таасир тийгизүү менен бирге, ата-энелик үйдөн чыгып кеткенден кийин да, сиздер алар менен тыгыз байланышты сактап каласыздар. Мындан сырткары, алар үчүн сыйынуу сиздердин ата-энелик жүрөгүңүздөрдөгү туруктуу кубанычтын булагы болуп калат.

*Сторми Омартиан*

## БИРИНЧИ БӨЛҮМ

# ӨЗ БАЛДАРЫ ҮЧҮН СЫЙЫНУУНУ КАНТИП ҮЙРӨНҮҮ КЕРЕК

Бул жер үстүндөгү улуу иштердин бири, эң оор жана эң жоопкерчиликтүү иштердин бири. Бул иш зор кубаныч алып келе алат жана катуу жүрөкзаада кыла алат. Башка эч нерсе жан дүйнөбүздү ушунчалык байыта албайт жана башка эч нерсе ушундай катуу иренжүүгө алып келе албайт. Адамдын жашоосундагы эч бир тармагы бардыгы жакшы болуп турганда ушунча чоң сүйүнүч менен көңүл эргүүнү сезүүгө мүмкүнчүлүк бербейт, бирок ийгиликсиздик келсе, ушунча капага салбайт.

Балдарды тарбиялоо!

«Тарбиялоо» деген сөздүн өзү эле чоң адамдарда ар түрдүү сезимдерди пайда кылат. Биз балдарыбызды тарбиялоого болгон күчүбүздү жумшайбыз. Биз эми мына ийгиликке жеттик деп эсептеген мезгилде балдарыбыздын жашоосундагы жаңы этап бизге жаңы көйгөйлөрдү алып келет. Кээде биздин ушул долуланган толкундуу деңиздеги сүзүүбүз жетишерлик тегиз, шар болгонсуйт, ал эми башка учурда биз бороондо калып, башыбызга чейин толкун каптап калат. Кээ бирде биздин айлабыз түгөнөт, ошондо багынып бергибиз

келет: эмне болсо, ошол болсун — толкундун алдында калсам да макулмун.

Бирок мен силерди шыктандыргым келет. Биз бороон-чапкындын эркине багынбашыбыз керек. *Биздин балдарыбыздын жашоосу кокустуктан көз каранды болбошу керек.*

Бөлмөдө тырмагыңды тиштеп жана колуңду кырсылдата, биздин балдарыбыз алып келе турган «күтүлбөгөн сыйлыктын» алдында титирөө менен, кыжырдана ары-бери басуунун кереги жок. Бизге ар бир бурчта аларды коркунуч күтүп тургандай сезилсе да, балдарыбыздын жашоосундагы бул же тигил этаптын жакындап келишинен коркпошубуз керек. Биз жеткилең ата-эне боло албайбыз, бирок өз балдарыбыздын өмүрүн жакшы тарапка өзгөртүп баштоого мына азыр биздин күчүбүз жетет. Бала канчага чыкканы маанилүү эмес: үч жолу үйлөнүп ажырашкан отуз жаштагы уул (үч учур тең анын спирт ичимдиктерине ышкылуу болгондугунан болгон) бизге жеткилеңдей көрүнгөн, төрөлгөнүнө үч күн болгон бөбөктөн кем эмес сыйынууга муктаж. Биздин балдарыбыз канча жашта болсо да, биздин сыйынууларыбыз аларга жакшы болушуна кызмат кылат. Сыйынуунун мааниси өз күчүбүз менен балдардын жашоосун өзгөртүүгө аракет кылуу эмес, а бардык учурда жеткилең ата-эне болгон — биздин Асмандагы Атабызга кайрылууда болуп саналат. Мына ошентип, кадам артынан кадам таштоо менен, өз балдарыбыз үчүн арачылык кылууну үйрөнүү менен, биз өз сыйынууларыбызда Кудайга биздин балдарыбыздын жашоосундагы ар бир нерсени майда-чүйдөсүнө чейин айтып бере алышыбыз керек. Бул жерде адам элестете албай турган зор *күч* жашырылган. Ошондуктан ата-энелик сыйынуунун күчүн баалабай коюуга болбойт.

Тилекке каршы, менин ата-энем аларды туурап жашоого үлгү болууга ылайыксыз эле, менин апамды оор басырыктуу

адам деп атоого кыйын эле. Мындай багынтуучулук ыкма колдонгон тарбиялоонун натыйжасынан кереметтүү бошонуум жөнүндө мен өзүмдүн «Сторми» («Харвест Хаус» басмаканасы) аттуу китебимде баяндап кеткем. Кристофер төрөлгөндөн кийин апамдын мага кылгандай мамилесин кээде мен да өз уулума кылып жатканымды байкаганым тууралуу да айтып кеткем. Качандыр-бир убакта күбө болгон ата-энелерибиздин жүрүм-турумун жана алардын каталарын биз Кудайсыз болсок, байкабастан кайталаарыбызды мен түшүндүм. Кээде, алсыз учурларда биз түшүнүп, анан өзүбүздү колго алганча эле, капыстан балалыгыбыздын сүрөттөрү көз алдыбызга чагылгандай жарык болуп чыга келет. Мындай моменттерде биз балдарыбыздын көңүлүн оорута турган сөздөрдү айтып коебуз. Бул андан бетер ичибизде тамырлап, андан соң укмуштуу көлөмдөргө чейин өсүп жеткен балдарыбыздын алдындагы күнөөлүү сезимди ырбатат. Менин бактыма жараша, мен бул кыйынчылыктардан өткөнгө жардам берген адамды таптым, анын колдоосу менен мен балама зыян алып келбей, бул көйгөйдү жеңүү колуман келди. Бирок, бардык ата-энелер мындай абалдан жеңүүчү болуп чыгышпайт.

Башынан эле өзүмдү жаман эне деп эсептеп, тун уулум төрөлгөндөн баштап мен туталанып, кабатыр боло бердим. Менин өз энем менен болгон мамилемден алган жарааттардан кийин, баламды да ошондой майып кылып албайын деп коркчу элем. Мен үйдө болгон балдарды тарбиялоо жөнүндөгү бардык китептерди окуп чыктым, балдарды тарбиялоодогу машайакчылык ыкмалар жөнүндөгү семинарлардын эч бирин калтырбоого аракет кылдым. Мен мындай пайдалуу маалыматтардын бардыгын сиңирип алганга умтулдум, бирок мунун бары жетишсиз болду. Мени баламдын руханий, эмоционалдык, акыл жагынан жетилүүсү тууралуу сансыз

коркунучтар кыйначу, андан сырткары, аны менен бир нерсе болуп кетиши ыктымал деген коркунуч мени чоң азапка салчу. Аны бирөө уурдап кетүүсү мүмкүн эле, ал сууга чөгүп кетүүсү, жол кырсыгына дуушар болуп, оор жарадар болушу, ооруп калышы мүмкүн эле, аны бирөө бузуп кетиши мүмкүн эле, бирөөнүн колуна түшүп, азап тартып же жөн эле өлүп калышы мүмкүн эле. Баламдын келечеги үчүн коркунуч мени тушап, алсыратып койду. Энелик жүрөктө болуп жаткан чочулоону басууга канчалык аракет кылсам да, журналдардагы кандайдыр-бир макала, телевидениедеги кылмыштар жөнүндөгү жаңылыктар балам үчүн коркунучту ого бетер күчөтүп турчу. Мындан сырткары, биз кылмыштуулугу менен «даңкталган» Лос-Анджелес шаарында турчу элек. Бул мени таптакыр алсыратчу эле.

Бир күнү мен айлам түгөнүп, жалындым: «Теңир, мен мындан ары чыдай албайм. Мен суткасына жыйырма төрт саат бою баламды кайтара албайм. Менин жаныма тынчтык бериңиз. Эмне кыла алам?»

Кийинки бир нече жума бою Теңир мага ишенип, Кристоферди Ага тапшырышым керектигин айтып, жүрөгүмө сүйлөдү. Уулубуз төрөлгөндө, биз күйөөм экөөбүз сыйынуу чогулушунда аны Кудайга арнап, сыйынганбыз, бирок, Кудай бизден андан да чоңураагын күтүп жаткан. Кудай биздин балабыздын жашоосун Ага толугу менен тапшырышыбызды каалап жатты эле. Бирок биз, баланы Кудайдын колуна тапшыргандан кийин уулубуздун тагдыры үчүн жоопкерчиликти өзүбүздөн чечип кое алабыз деп эсептеген эмеспиз, биз өзүбүздү Теңир менен тыгыз байланышта болууну каалаганбыз. Ал Өзүнүн күчтүү колун сунаарын, бизди үйрөтүп, өзүбүз жасаганга караганда бардыгын мыкты жасаарын, ал эми биз, өз кезегибизде, ал «жолдон карыганда да чыкпаш»

үчүн «баланы башынан түз жолго салуу» (Нак.с. 22:6) керектигин, тартипке салып, үйрөтүүгө биз милдеттүү экенибизди билчүбүз. Биз толугу менен Кудайга таянышыбыз керек эле, себеби Кудай гана балабыздын тарбия алуусу жөнүндө кам көрө алат эле жана Ал гана анын жашоосун тегиз кыла алат эле.

Кристофердин жашоосунун ар бир чөйрөсү үчүн сыйыныш керек эле. Муну кабыл алгандан кийин, мен бир нерсени түшүндүм, эгерде уулум үчүн коркунуч каптай баштаса, демек, Ыйык Рух мен сыйынышым үчүн, Кристофердин кандайдыр-бир көйгөйүнө менин көңүлүмдү буруп жатат. Мен сыйынып, уулумду Кудайдын колуна тапшырганда, Ал мени бул түйшүктөн бошотуп койчу. Албетте, мен эми бул муктаждык үчүн башка эч качан сыйынган эмесмин дегенди билдирбейт, бирок, жөн гана бул жүк бир нече убакытка менин ийинимден алынып салынчу. Бул көйгөй кайрадан пайда болоор замат, мен жаңыдан сыйына баштайм. Теңир менин уулум менен эч качан жамандык болбойт деген убада берген жок, — бирок менин сыйынуум Кристофердин жашоосунда таасирленип, аны коргогон Кудайдын күчүн жаратчу, мен болсо тынчтык тапчумун.

Мен дагы бир нерсени түшүндүм: балам үчүн сыйынууда мен Теңирден өзүмдүн өзүмчүл жеке каалоолорумдун аткарылышын сурабашым керек. Мен сураган нерсе аткарылган учурларда, натыйжасында бардыгыбыздын көңүлүбүздү чөктүрүүгө алып келчү. Көптөрүбүзгө мындай сыйынуу тааныш болсо керек: «Теңир, Кристофер эрге жеткенде, биздин эң жакын досторубуздун кызына үйлөнсүнчү» (*Ал кыздын ата-энеси менен кудалашсак жакшы болмок*). Же: «О, Теңир, Аманданы ушул мектепте балдар жакшы кабыл алышына жардам бериңизчи» (*Мага тынчыраак болоор эле*). Албетте, мындай жашыруун сырдуу ойлорубузду биз эч ка-

чан ачык айтпас элек, бирок алар биздин башыбызда кала беришет да, бизге таасир бере беришет, анан биз өзүбүздүн каалоолорубузду Кудайга таңуулай баштайбыз. Ошондуктан, мен сыйынуунун башка түрүн тандадым: «Теңир, балам үчүн сыйынууну үйрөтүңүз. Сиздин осуяттарыңыз менен тарбияланганды үйрөтүңүз жана Сиздин эркиңиз анын жашоосунда аткарылсын».

Төрт жарым жылдан кийин кызым Аманда төрөлгөндө, балага керек нерсени өзүмдүн каалоолорум менен алмаштырбай, Кудайдан балдарым үчүн сыйынуунун үйрөнүп калган элем. Ошондуктан, мен кызым үчүн тырышчаактык менен арачылык кылып жаттым. Кийинки он эки жыл бою Кудай менин сыйынууларыма кереметтүү жолдор менен жооп берип жатты, бүгүн да мен алардын натыйжасын көрүп жатам.

Биз күйөөм экөөбүз Кудайдын балдарыбыз үчүн кам көрүүсүн сезип жатабыз, ал эми балдарыбыз кубаныч менен Аны таанып, Аны урматташат, себеби ата-энелер балдары үчүн сыйынууда болушканда, Кудайдын күчү алардын жашоосуна кирет.

## Сыйынуу деген эмне жана ал кантип таасир берет?

Сыйынуу — бул Кудай асмандагы ак көңүл Чоң Ата же Санта-Клаус (Аяз ата) болгон сыяктуу Анын алдына алып келген каалоолордун тизмеси эмес. Сыйынуу — бул сиз өзүңүздүн жашооңузда Кудайдын бар экенин кабыл алып, Анын жетектөөсүн издеп жатасыз дегенди билдирет. Кудайдын жашооңузга катышуусун жана Анын күчү таасир беришин издөө, ал күч, өз кезегинде, бизге ар бир кыйынчылыкты жеңүүгө жардам берери — сыйынуунун мааниси так ушунда.

Ыйык Жазуу мындай дейт: «жер үстүндө эмнени байласаңар, асманда да ошол байлануу болот. Жер үстүндө эмнени чечсеңер, асманда да ошол чечилүү болот» (Мат. 18:18). Кудай бизге жер үстүндө бийлик берет, биз ошол бийликти кабыл алганда, Ал бизге Өз күчүн да берет. Бул биздин эмес, Кудайдын күчү болгондуктан, биз ошол күч толо турган идиш болуп калабыз. Биз сыйынганда, ошол күч сыйынып жаткан нерселердин баарына жете турган каналдарды ачат, биз болсо жөн гана өзүбүздүн алсыздыгыбызды мойнубузга алып, ошол күч таасир беришине уруксат беребиз. Сыйынуу аркылуу биз өзүбүздү Кудай алдында момун кылып, мындай деп келебиз: «Мен Сиздин катышууңузга жана Сиздин күчүңүзгө муктажмын, Теңир! Сизсиз мен алсызмын». Биз сыйынбасак, бизде эч бир көйгөй жок деп жар салгандай болобуз.

Ыйсанын ысымынан сыйынуу — Кудайдын күчүнүн казынасын ача турган кудуреттүү ачкыч: «Чындыкты, силерге чындыкты айтып коеюн, Атамдан Менин ысымым урматына эмне сурасаңар да, Ал берет» (Жак. 16:23). Ыйсанын ысымынан сыйынуу душмандын үстүнөн бийлик берет жана Кудай Сөзүндө убада кылгандын баарын аткарарына ишене турганыбыз жөнүндө күбөлөндүрөт. Кудай биздин ойлорубузду жана муктаждыктарыбызды билет, бирок Ал биздин сыйынууларыбызга жооп берет, анткени ар дайым жана бардык нерседе бизге тандоо укугун берет, анын ичине Ыйсанын ысымынан Ага ишенип, баш ийүү мүмкүнчүлүгү да кирет.

Сыйынуу бизге гана эмес, биз сыйынып жаткандарга да таасирин тийгизет. Балдарыбыз үчүн сыйынууда биз Кудайдын алардын жашоосуна кирип, алардын жашоосунун маанилүү бөлүгү болуп, аларга жакшылык алып келе тургандай болуп катышуусун суранабыз. Бирок, бул ар дайым жооп ошол замат келет дегенди билдирбейт. Кээде бир нече күн, ай, жада

калса, жылдар бою күтүүгө тура келет. Бирок, биздин сыйынууларыбыз эч качан пайдасыз болбойт. Биз сыйынып жатсак, демек, көрүп жатсак да, же көрө албасак да, сөзсүз бир нерсе өзгөрөт. Ыйык Жазуу мындай дейт: «Адил адамдын күчтүү сыйынуусу көп нерсени аткара алат» (Жакып 5:16). Биздин жашообузда жана балдарыбыздын жашоосунда боло тургандын баары Кудайдын эрки боюнча гана жана Анын күчүнүн аракеттенишинин негизинде гана ишке ашат. Сыйынуубуз менен биз Кудай үчүн жана Анын күчү үчүн эшикти ачып, аларды жашообузга киришин суранып, чакырабыз.

## Жеке муктаждыктардын тизмесинен баштагыла

Ар бир балам үчүн сыйынууну мен алардын түйүлдүк кезинен баштаганымды айта кетишим керек, себеби Ыйык Жазуу: «Ал… сенин ичиңдеги уулдарыңа батасын берет» (Заб. 147:2) дейт. Мен сыйынуунун күчүнө ишенсем да, бир нерсени түшүнө алчу эмесмин: Кудайга биздин жашообуздагы ар бир майда-барат нерсе канчалык маанилүү болду экен? Азыркы учур үчүн гана сыйынуу жетишсиз — келечек үчүн сыйынуу зарыл жана өтүп кеткен жашоонун жаман натыйжаларынан арылуу жөнүндө сыйыныш керек. Дөөт падышанын таптакыр үмүтү үзүлгөндө жана келечектин алдында коркунуч басканда, ал мындай деген эмес: «Эмне кыла алам, эмне болсо, ошол болсун!» (Заб. 142). Ал Кудайга кокуйлап, өз келечеги үчүн, азыркы учуру үчүн жана өтүп кеткен жашоосу үчүн жалбарды. Ал баардыгы үчүн сыйынган, биз да ошондой кылышыбыз керек.

Бул үчүн ар бир баламдын майда-чүйдөсүнө чейин камтыган муктаждыктарынан турган тизме керек экенин түшүн-

дүм. Бул эрксизден эсиме түшкөн идея эмес болчу, себеби мен билгем: мен ар бир муктаждык үчүн сыйынбасам, Кудай мага жооп бербейт болчу. Кудай менин толгон-токой суранычтарымды билерине так ишенчүмүн, ошондуктан, мен кам санабай, тынч элем. Жыл сайын үй-бүлөбүз менен океан жээгинде өткөрө турган убакытта мен күнүгө, таң заардан, баары уктап жаткан мезгилде, менин сыйынуу суранычтарымдан турган негизги тизме түзүп, Кудай менен мен бир нече баалуу сааттарды өткөрдүм. Мен олтуруп, океанды карап, колума барак кагаз жана карандаш кармап, Кудайдан жакынкы жылда ар бир балам жөнүндө сыйынуу арачылыгы үчүн акылмандуулук беришин суранчумун. Анткени Ал гана ар биринин азыркы учурдагы чыныгы муктаждыктарын жана келечекке карай жолдорундагы бардык кыйынчылыктарды билет эле. Ыйык Жазуу айтат: «Теңирдин жашыруун сыры — Кудайдан корккондорго, Ал Өзүнүн келишимин ошолорго жарыялайт» (Заб. 24:14). Ал биз сурансак, белгисизди ачып берет. Ошол таңкы мамилелешүүлөрүмдө Кудай мага жакшы насааттарды айтчу жана мен ар бир балабыз үчүн муктаждыктардын тизмесин түзүп, үйгө кайтчумун. Кийинчерээк, мен ар дайым ал тизмени толуктачумун.

Мен ушул убакытка чейин аларды сактап койгом, аларды алып, карап, сыйынууларыма жоопторду жана балдарымдын жашоосундагы өзгөрүүлөрдү көргөн сайын, Кудайдын Өз Сөзүнө өзгөрүлгүс ишенимдүүлүгүнө мен кайрадан кубанам.

## Кудайдын сөзү — сиздин куралыңыз

Балдарыбыз үчүн күрөш биздин тизелерибизде өтөт. Биз сыйынбасак, балдарыбыздын согуш талаасында душмандын туш-туштан берген соккусунун алдында алдастап жат-

канын сыртта туруп, карап туруу менен салыштырсак болот. Сыйынып жатсак, биз алардын жанында болуп, Кудайдан аларга жардамга келишин суранып жаткан болобуз. Биз сыйынууларыбызда Анын Сөзүн колдонгондо, колубузга ар бир душманды жеңүүгө жөндөмдүү болгон күчтүү куралды алабыз.

Кудайдын Сөзү «тирүү жана таасирдүү, кош миздүү ар кандай кылычтан курч…» (Эвр. 4:12), ал өзү тийген нерсенин баарын өткөрө саят. Кудай мындай деп айтат: «…Менин оозумдан чыккан сөз да кайра Өзүмө бекер кайрылып келбейт. Мен эмнени кааласам, ошону аткарат, Мен аны эмнеге жиберсем, ошону жүзөгө ашырат» (Ыш. 55:11). Бул Кудайдын Сөзү эч качан жемишсиз болбойт дегенди билдирет. Так ушул себептен бул китептеги ар бир сыйынуудан кийин мен Ыйык Жазуудан бир нече аяттарды коштум. Мен сыйынууга Ыйык Жазуудан ылайыктуу аяттарды кошуу канчалык маанилүү экенин билем. Сыйынуу учурунда керектүү аятты эстей албасаңыз, сыйынууну токтотпоңуз да, жакшы билген бир-эки аятты айтыңыз, ошондо укмуштуу кереметтер боло баштаганын байкайсыз.

Эгер сиз, Теңир менен баарлашууда, Анын Сөзүн окусаңыз, жана балдарыңыз үчүн Ыйык Рухтун жетегинде сыйынсаңыз, сыйынууга кошо алууңуз үчүн сизге Ыйык Жазуудан уламулам жаңы аяттар ачыла баштайт. Ар бир сыйынууда Ыйык Жазуудан сөзсүз эле жаңы аятты колдонуунун кажети жок. Бир же эки аятты жаттап алып, балаңыздын кандайдыр-бир көйгөйү чечилиши үчүн сыйынып жатканда ошол аяттарды кайталай берсеңиз болот. Мисалы, менин кызымдын мектепте кыйынчылыгы болгондо, биз ал экөөбүз ошол кыйынчылыкты жеңүүсү үчүн бирге сыйынчубуз, жана Аманда ар жолу менин кеңешим боюнча төмөнкү аятты кайталачу: «Мага күч-кубат берген Ыйса Машайак аркылуу бардыгын кыла алам» (Фил.

4:13). Мен жалгыз сыйынсам, төмөнкү аятты окучумун: «Адил адамдар чакырганда, Теңир аларды угуп, бардык кыйынчылыктарынан куткарат» (Заб. 33:18).

Сыйынууда Кудайдын Сөзүн колдонуу менен биз балдарыбыздын жашоосунда Кудайдын убадалары аткарылаарына кепилдик кылабыз. Кудайдын сөзү бизди жетелейт, бизге Анын ишенимдүүлүгү жөнүндө эскертип турат. Ошентип, Ал *биздин* жүрөктөрүбүздө ишеним жаратып, бизге *Өзүнүн* жүрөгүндөгү сырларды ачып берет. Бул бизге *Анын* сөздөрүнөн, *Анын* эркинен жана *биздин* бийлигибизден шектенбей, ишеним жана кайраттуулук менен сыйынууга күч берет.

Шайтанга жооп катары Ыйса аны Ыйык Жазуунун сөздөрү менен ашкерелеген. Мисалы, шайтан Ыйсага: «Мага табынсаң, бардыгы Сеники болот» дегенде, Ыйса минтип жооп берди: «Кет жанымдан, шайтан! Ыйык Жазууда «Кудай-Теңириңе табын, Ага кызмат кыл», — деп жазылып турат!» (Лука 4:8).

Ыйса — бардык нерседе биз үчүн үлгү. Биз Аны караганга жана Аны туурап жашаганга чакырылганбыз. Ал айткан: «Чындыкты, силерге чындыкты айтып коеюн, Мен кылып жаткан иштерди Мага ишенген адам да кыла алат, атүгүл, алардан да чоң иштерди кыла алат. Анткени Мен Атама кетип жатам» (Жак. 14:12). Ал дагы мындай деген: «Эгерде Менин ичимде болсоңор, Менин сөздөрүм силердин ичиңерде болсо, эмне кааласаңар да сурагыла, силерге берилет» (Жак. 15:7). Теңирдин Өз Сөзүндө берген насааттарына ылайык сыйынсак жана Ыйса Машайактын ичинде биз ээ болгон күчтүн жана бийликтин маанисин туура түшүнсөк, биз шайтанга чечкиндүүрөөк каршы тура алабыз. Эгер биз…

Аны *карасак*,
Анын жолдору менен *жүрсөк*,
Ага *таянсак*,

Ага *табынып*, Анын Сөзү менен жашасак,
Биз балдарыбыз үчүн *күрөштө жеңүүчү* болобуз.

Эсиңизде болсун, качандыр балаңыз үчүн сыйынсаңыз, анын бүткүл жашоосу так ушул сыйынуудан көз каранды болгондой сыйыныңыз, анткени, чындыгында, бул так ошондой. Эсиңизде болсун, жеткилең Кудайдын ою гана эмес — шайтандын да өз планы бар. Шайтан биздин балдарды курутуп, жок кылууну каалайт жана бул үчүн ал бардык мүмкүн болгон: баңгизаттарды, жыныстык катнаш, алкоголь, кежир кыялды, кырсыктарды, ооруларды жана башка чараны колдонот. Бирок, ал бул чаралардын эч бирин колдоно албайт, себеби биздин сыйынууларыбыздын таасиринде анын күчү кемийт. Ыйык Жазуу бизге үйрөтөт: «Күчтүү адамды байлап салмайынча, үйүнө кирип, мал-мүлкүн уурдоо мүмкүнбү?» (Мат. 12:29). Бул, душмандын аймагына кирип, анын өзүн байлап салмайынча жана аны бийлигинен ажыратып салмайынча эч нерсе кыла албайбыз дегенди билдирет. Ошентип, биз шайтандын балдарыбыздын жашоосуна кирүү аракеттерине каршы тура алабыз.

Албетте, биз балдарыбызды туура жолго салбасак, аларды Кудайдын осуяттарын урматтоону үйрөтпөсөк, Кудайга жага турган тандоону кылганды, тартиптүү болгонду үйрөтпөсөк, аларды жетектебесек жана аларга багыт көрсөтүп турбасак, шайтан бизге зор зыян алып келиши мүмкүн. Ыйык Жазуу мындай дейт: «Баланы башынан түз жолго сал, ошондо ал ошол жолдон карыганда да чыкпайт» (Нак.с. 22:6). Эгерде биз ата-энелик бул милдетибизди аткарбасак, балдарыбыз козголоң чыгарып, туура эмес жолду тандашышы мүмкүн, ал эми бул нерсе аларды Кудайдын коргоосунан айрылтат. Туура тарбиялоо жана Кудайдын жолунда жана Анын Сөзүндө окутуу — бул шайтандын эмес, Кудайдын планы ишке ашарынын

бирден бир жолу, Ыйык Жазуу бизди минтип үйрөтөт: «Шайтанга каршы тургула, ошондо ал силерден качат» (Жак. 4:7). Сыйынуу менен шайтанды байлоо жана анын пландарын талкалоо — рухий согуштун ажыратылгыс бөлүгү. Биздин шайтанга каршы туруубуз балдарды бошотот жана аларга Кудайдын жолун тандоого мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Биздин балдарыбыздын жашоосуна кирүүнү каалап, шайтан ар дайым аларды күнөөлөгөнгө жана соттогонго шылтоо издейт. Бирок ал курал болгон Кудайдын Сөзүнүн алдында баш ийбей кое албайт. Ыйык Жазуу мындай деп айтат: «Анан мен асмандан мындай деп сүйлөгөн катуу үндү уктум: “Биздин Кудайыбыздын куткаруу иши иш жүзүнө ашты, Анын күчү көрүндү, Анын падышачылыгы орноду, Анын Машайагы бийликти колуна алды, анткени биздин бир туугандарыбызды Кудайдын алдында күндүр-түндүр жамандаган ушакчы жерге кулатылды”» (Аян 12:10). Өзүнүн айкаш жыгачтагы өлүмү менен Ыйса ушакчынын омурткасын сындырды, бирок ал буга карабастан, Кудайдын берилген бийлиги — шайтандын таяныч-тиректерин талкалоого берилген бийлиги жөнүндө билбегендердин жандарын ээлеп алууга али күчтүү. Так ушул жерде күрөшкө биздин сыйынууларыбыз кошулат. Биз сыйынуу менен ушакчынын куруп койгон чептерин талкалап баштаганга чейин, күчтүү курал болгон Кудайдын Сөзүн биз ага каршы колдонуп баштаганга чейин биздин балдар коркунучтуу абалда болушат.

## Угулган сыйынуунун айкын үлгүсү

Биздин жыйын сыйынуу кичи топторун уюштурган эле, биздин уулубуз экиге чыкканда, күйөөм экөөбүз ушундай топтордун биринин чогулуштарын үзгүлтүксүз биздин үйдө өт-

көрө баштадык. Бара-бара биз бир нерсени түшүндүк: биздин топтун мүчөлөрүнүн муктаждыктары биз бир айда бир чогулуп, камтый алгандан да абдан көп эле, ошондуктан биз ай сайын дагы бир жолу атайын сыйынуу үчүн чогулуп турууну чечтик. Бул жолугушууларда биз ар бир муктаждык үчүн сыйынып турдук, бирок сыйынуу муктаждыктардын саны жана балдары үчүн ата-энелик суранычтардын көлөмү ушунчалык чоң болгондуктан, биз дагы бир толук күндү ар бир бала үчүн сыйынууга бөлүүгө мажбур болдук. Биз бул кызматты «Балдарыбыздын жашоосу үчүн арачылык» деп атадык. Бул кызмат абдан белгилүү болуп, бизге көптөгөн жаңы адамдар келе башташты. Чындыгында, бул китепти жазуу идеясы жыйырма жылдай мурун эле так ошол сыйынуу топторунда пайда болгон эле. Биргелешкен ошол сыйынууларыбыз кийинчерээк алып келген түшүмдөрүн ошол учурда арабыздан эч кимибиз элестете да албайт элек. Балдарыбыз үчүн арачылык кылууну үйрөнүү менен биз Теңирдин артынан ээрчип бара жатканыбызды гана билчүбүз жана биздин сыйынууларыбызга болгон көптөгөн жоопторду көрүп, сүйүнчүбүз (биргелешип, балдар үчүн арачылык кылып, сыйынуу чогулуштарын кантип уюштурууну сүрөттөгөн «Башка ата-энелер менен балдарыңар үчүн сыйынгыла» деген Тиркемени карагыла).

Ыйык Жазууда: «...жер үстүндө араңардан экөөңөр макулдашып алып, асмандагы Атамдан бир нерсе жөнүндө сурасаңар, сураганыңарды аласыңар» — деп жазылган (Матф. 18:19). Дагы: «...бир киши миң кишини, эки киши түмөндү кантип кууп чыкмак эле!» — деп айтылат (Мыйз. 32:30). Өз балдары үчүн Кудайга жалынуу үчүн чогулган он — он эки ата-эненин биргелешкен сыйынуусунун күчү канчалык улуу экенин эсептөө үчүн кыйын математик болуунун кажети да жок.

Бул китептин баш сөзү катары Ыйык Жазуудан мен алган аятта Кудай мындай дейт: «...Теңирдин алдында жүрөгүңдү суудай төк. Көчөлөрдүн булуң-бурчтарында ачарчылыктан өлүп жаткан балдарыңдын жаны үчүн Ага колуңду сун» (Жер. ый. 2:19). Дал ушундай ата-энелик сыйынуу маанилүү экенин мындан артык так айтуу мүмкүн эмес — *кызганчаактык менен, абдан берилип сыйынуу* — жана ушул сыйынууга жоопту да ошентип күтүү.

Биздин топтун сыйынууларына жооптор акыркы жыйырма жыл ичинде ушунчалык көп, алардын баарын чогултуп, ата-энелердин жана балдардын күбөлүктөрүнөн турган китеп жазса да болчудай. Биздин биргелешип, көшөрүп, суранган арачылыгыбыздын алгачкы жоопторунун бирин мен абдан жакшы эстеп калыптырмын.

Нэнси, жалгыз бой эне, өзүнүн кызы, Джанет үчүн сыйынуубузду суранган, ал ишенүүчү болгон, бирок ата-энесинин ажырашуусу алып келген көңүл калуу жана жүрөк сыздаткан оор нерселер үчүн ал Кудайдан жүзүн буруп кеткен эле. Биз Джанеттин коопсуздугу үчүн сыйынып жаттык, себеби Кудайдын ырайымынын калканычынын чыккан балдар катуу коркунуч астында экенин биз билгенбиз. Бир күнү, Джанет өзү жалгыз чоң жолдо машина айдап бара жатканда, ал кырсыкка учурап, каршы жолдо чоң ылдамдык менен келе жаткан мас айдоочу анын машинасын бет маңдай сүзгөн. Доктурлар бул окуяны керемет деп аташты, анткени абдан оор жарааттарды алса да, Джанет аман калды.

Узак убакыт дарылануу алып, Джанет толугу менен денелик жактан да, рухий жактан да айыкты. Биз да, анын апасы да ошол кырсыктан биздин арачылык сыйынуубузсуз ал аман калбайт эле деп так ишенебиз. Ал турмушка чыкты, анын күйөөсү абдан жакшы адам жана алардын жакшынакай кызы

бар, эми Джанет — мыкты машайакчы аял. Ал биздин миссиянын катчысы болуп, сегиз жыл иштеди, жана анын жашоосу ар дайым баарыбызга ата-энелик сыйынуунун күчү жөнүндө эскертип турат.

## Сыйынуулар жоопсуз калганда

Сыйынуучу ата-энелер үчүн эң чоң сыноо болуп, сыйынууларына жооп күтүү эсептелет. Кээде жооп тез эле келет, бирок, көбүнесе бардыгы тескерисинче болот. Мындай учурларда биз көбүнчө айлабыз түгөнүп, жада калса, Кудайга да ачууланабыз. Бардыгы үмүтсүз көрүнүп, биз колубузду көтөрүп, багынып берүүгө даяр болуп калабыз. Кээде, биздин сыйынгандарыбызга карабай, балдарыбыз туура эмес иш кылышып, анан, көңүл калуунун ачуу жемиштерин оруп жатканын көрөбүз.

Сиздин балаңыз туура эмес тандоо жасаса, сиз өзүңүздү жемелебеңиз жана сыйынууну токтотпоңуз. Балаңыз менен баарлашууну жана ал үчүн арачылык кылууну, аны Кудайдын Сөзүнө үйрөтүүнү улантыңыз. Багынбаңыз, тескерисинче, жеке жана биргелешкен сыйынууда *дагы көбүрөөк* ынтаа коюңуз. Күчкө толуп, минтиңиз: «Мен күрөштү жаңы баштадым!» — жана бул күрөштөгү курал — сиздин сыйынууңуз экени эсиңизде болсун. Чындыгында, бул күрөштү *Кудай* жүргүзөт. Сиз балаңыз менен эмес, шайтан менен күрөшүп жатканыңызды унутпаңыз. Сиздин негизги душманыңыз — *шайтан.* Балаңыздын жашоосунда өзгөрүүнү көргөнгө чейин сыйынууда туруктуу болуңуз. Сыйынууда туруктуулуктун даана күбөлүктөрүнүн бири катары Дөөттүн мындай сөздөрү кызмат кылат: «Душмандарымды кууп жетип, аларды жок кылмайынча, артка кайтпайм. Аларды талкалайм, алар тура

албай калышат, менин бут алдыма жыгылышат. Анткени Сен мага согушканга күч бердиң, мага каршы көтөрүлгөндөрдү бут алдыма жыгып бердиң» (Заб. 17:38-40). Дөөт максатына жеткенге чейин сыйынуусун токтоткон эмес, бул биз үчүн үлгү. Биз жооп алганга чейин сыйынууга чакырылганбыз.

Эгер сиз балаңыз үчүн Кудайга ачуулануу же таарынычты сезип жатсаңыз (абдан сүйүүчү ата-энелер менен да кээде ушундай болот), чын жүрөктөн Ага муну ачык айтыңыз. Андан өзүңүздүн айлаңыз куруганын, көңүлүңүз калганын жашырбаңыз, терс сезимдерди ичиңизде катпаңыз. Теңир менен өзүңүздүн жашыруун сырларыңызды бөлүшүңүз, кечирип, мындан ары кандай кылышыңызды көрсөтүшүн сураныңыз. Жана эң негизгиси: жүрөгүңүздө орун алып калган көңүл калуудан сиздин кайратыңыз кетип жана сыйынууңуз токтоп калбасын, мына ушуну байкаңыз.

## «Жеткилең» эмес, «сыйынуучу» ата-эне

Биздин балдарыбыздын жашоосунда бир нерсе оңунан чыкпай жатса, биз өзүбүздү күнөөлүү сезип, жеткилең ата-эне боло албаганыбыз үчүн өзүбүздү жемелей баштайбыз. Бирок, ата-эненин жеткилеңдиги алардын жашоосун жакшылыкка алып барбайт, себеби жеткилең ата-энелер жок. Эч ким жеткилең эмес, анда биз кантип жеткилең ата-эне боло алабыз? Ата-энелик *сыйынуу* — бул нерсе гана баланын жашоосунда негизги ролду ойнойт. Балдары үчүн *бардыгы* сыйына алышат. Сөзсүз эле анын ата-энеси болуунун кажети жок; анын досу болсо да, мугалими, чоң атасы, чоң энеси, эжеси, жээни же бөлөсү, кошунасы же жада калса, жөн эле чоочун адам болсо да — негизгиси, жүрөгүндө бул балага сүйүүсү бар болушу керек жана бул бала үчүн боору ооруш керек. Сыйынууга мук-

таж болгон бала тууралуу кимдир-бирөөдөн укса болот же гезиттен окуса болот. Сиз ага карата ата-энелик сезим сезсеңиз, улуу адам үчүн деле сыйынсаңыз болот.

Ата-энеси сыйына элек бала жөнүндө билсеңиз, дал азыр анын жашоосундагы бул кемчиликти толтуруп жана бул муктаждыкты канааттандыра баштасаңыз болот. Жүрөгүңүз тартылып жаткан ар бир баланын жашоосун коргоого чыксаңыз болот. Бир гана жүрөгүңүздүн түпкүрүнөн мындай деп жар салышыңыз керек: «Теңир, бул баланын жашоосу жакшы жакка өзгөрүш үчүн мен кантип сыйынышым керек, көрсөтүп бериңиз!». Андан соң, бул китепте сунуш кылынган сыйынууларды колдонуп баштаңыз да, Ыйык Рух сизди кайда алып барарын байкаңыз.

Ар бир бөлүмдүк акырында мен сиз үчүн сыйынуулардын үлгүлөрүн кошуп койдум. Сиз бир сыйынуу менен бир ай бою, же жума бою күн сайын сыйынсаңыз болот же азыркы учурдагы балаңыздын эң курч көйгөйүнө көңүлүңүздү буруп, сизге башка бир муктаждыкка өтүүгө белги болгон жеңилдик сезгенге чейин, анын чечилүүсү үчүн сыйынсаңыз болот.

Бул сыйынууларды мүмкүн болушунча көп кайталаңыз. Кудай: «Бир сураныч менен Мага кайра-кайра келе бербе» — деп айтпайт. Тескерисинче, Ал бизге ар дайым сыйынып турууга буйрук берет, бирок маанисиз кайталоолор сыйынууда мүмкүн эмес.

Так эрежени кармоого же ушул китепте берилген сыйынууларды гана колдонууга сиз милдеттүү эмес экениңизди билиңиз. Алар сиз андан ары улантып кетүү үчүн негиз сыяктуу, үлгү катары берилген. Бирок, алгач сиз өзүңүздү Кудай алдына момундукта алып келип, Ал көргүсү келгендей — татыктуу ата-эне жана арачы болууга жардам беришин сурап, Кудайга кайрылыңыз. Ыйык Рух жетелегендей сыйыныңыз, балаңыздын

Ыйык Рух сыйынууга түрткү берип жаткан муктаждыктары үчүн сыйыныңыз. Сиздин сыйынууларыңызга жооптор жөнүндөгү күбөлүктөрдү мен чыдамсыздык менен күтөм.

## *Сыйынуу*

**Теңир,** мен Сиздин алдыңызга тизе бүгүп, келем. Мен баламды Сизге жагымдуу кылып, өз күчүм менен тарбиялай албашымды түшүнөм. Мен Сиздин жардамыңызга муктаж экенимди билем. Мен баламды Сиз менен бирге тарбиялагым келет; мага акылмандык бериңиз, мени баамдагыч болгонго үйрөтүңүз. Мен Сиздин жетектөөңүздү издейм, менин балама (кызыма) жана мага төгүлүп турган Сиздин мол сүйүүңүзгө жана Сиздин күчүңүзгө жана чыдамдуулугуңузга муктажмын. Сиз сүйгөндөй сүйүүгө мени үйрөтө көрүңүз. Суранам: мени айыктырыңыз жана бошотуңуз, мени өзгөртүңүз жана өсүп-жетилген жана максаттуу адам болууга мага жардам бериңиз. Сиздин жүзүңүздүн алдында такыбаа жолдор менен жүрүүгө жардам бериңиз. Сизге ар дайым жаккандай жашашым үчүн, Сиздин осуяттарыңызды мага үйрөтүңүз. Мен Сиздин көз алдыңызда жагымдуу болушум үчүн, Сиздин Ыйык Рухуңуздун сулуулугу менден көрүнүп турсун. Мен өз балама туура мамиле кылышымды, аны туура жолдор менен тартипке салып, аны туура окутушум үчүн мени үйрөтүңүз. Мени кандай эне катары көргүңүз келсе, ошондой кылыңыз; сыйынганды жана баламдын жашоосу үчүн туура арачылык кылганды үйрөтүңүз. Теңир, Сиз Өз Сөзүңүздө: «Ишеним менен сыйынсаңар,

сураганыңардын баарын аласыңар» (Мат. 21:22) — деп айтпадыңыз беле. Ыйсанын ысымынан суранам: менин балам жөнүндө айтып жатканыңыздын баарына, эмне жөнүндө сыйынышым керектигин мага буюруп жатканыңыздын бардыгына ишенишим үчүн менин ишенимимди бекемдей көрүңүз.

## Сиздин сыйынууңузду таасирдүү кылганга жөндөмдүү болгон ЫЙЫК ЖАЗУУДАН АЯТТАР

Силер Мени тандаган жоксуңар,
Мен силерди тандап алдым. Барып,
жемиш берсин деп, жемишиңер туруктуу
болсун деп, силерди дайындадым. Ошондо
Атамдан Менин ысымым урматына
эмне сурасаңар да, Ал силерге
берет.
*Жкн. 15:16*

Адил адам түз жүрөт,
анын артында калган балдары бактылуу!
*Накыл. 20:7*

Атасы Уулу аркылуу
даңкталышы үчүн, Атамдан Менин
ысымым урматына эмнени сурасаңар да,
Мен аны аткарам. Менин ысымым
урматына эмнени сурасаңар да,
Мен аны аткарам.
*Жкн. 14:13,14*

Аталар, силер да балдарыңарды
кыжырдантпагыла, аларды Теңирдин
үйрөтүүсү жана акыл-насааты
менен тарбиялагыла.
*Эф. 6:4*

Ошондой эле куткарылгандыгыңарды
туулга кылып кийип, Кудай Сөзүн — рухий
кылычты алгыла. Жалынуу жана сурануу менен,
бардык учурда Рухтун жетеги менен сыйынгыла.
Дайыма сергек болуп, туруктуулук
менен сыйынгыла, бардык
ыйыктар үчүн...
*Эф. 6:17,18*

## ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

# БАЛАНЫ КУДАЙДЫН КОЛУНА КАНТИП БЕРҮҮ КЕРЕК

Биринчи баламдын төрөлүшүнөн кийин мен ал үчүн чочулай берип, таптакыр тынчтыктан айрылдым. Мен аны бирөө түртүп жиберет, ваннадагы сууга чөгүп кетет, өлүмгө алып бара турган оору менен ооруп калат, тамак берүүнү унутуп калам, аны ит тиштеп коет, автомобиль менен кырсыкка учурайт, аны уурдап кетишет же ал жоголуп кетет деп корко берчүмүн. Кудайга баш ийүү каалоосунан деле эмес, айлам түгөнгөнүнөн мен Ага жалынып, кайрылдым. Ал болсо ошол замат Кристофер — Анын бизге берген белеги экенин жана Ал бизге караганда жакшыраак кам көрө аларын эскертти. Мен Ыйык Жазуудагы насаатты эстедим: «Бардык түйшүктөрүңөрдү Ага тапшыргыла, анткени Ал силер үчүн кам көрөт» (1 Пет. 5:7).

«Теңир, дүйнөдө эң алгач мен уулум үчүн кабатырмын, ошондуктан аны Сиздин колуңузга берем, Сиз гана аны туура тарбиялай аласыз жана ал үчүн толук коопсуздукту камсыз кыла аласыз. Ата-энелик жүктү мен жалгыз көтөргүм келбейт; мен аны Сиз менен көтөргүм келет».

Ошол күндөн тартып, мени коркунуч каптаган учурда, дароо мен аны сыйынуу үчүн сигнал катары кабыл алып, менин жүрөгүмдө тынчтык орногонго чейин сыйынчу болдум. Эгерде тынчсыздануу менден кетпей жатса, мен жаныма Кудайдын тынчтыгы келгенин күтүү менен, Теңирдеги кыз бир туугандарым менен бирге сыйынчумун. Күн сайын мен уулумду Теңирдин колуна бердим деп жарыя кылчумун жана Асмандагы Атамдан ал үчүн кам көрүүсүн өтүнүп жүрдүм. Бул менин үстүмдөгү жүктү жеңилдетчү жана мен өзүмдү бактылуу эне катары сезе баштачумун.

Мен балдарым үчүн мындай сыйынууну көптөгөн жылдар бою көккө көтөрүп жүрдүм. Мен бул сыйынуу менен аларды эң биринчи жолу жыйындагы жекшембилик балдар тобуна алып келгенимде, күнү-түнү иштей турган наристелер үчүн бала бакчадагы эжекейинин колуна калтырып кетип жатканымда, биринчи жолу бала бакчага алып келгенимде, алардын жараларын тиктирүү үчүн доктурдун кабинетинде калтырганымда, алар биринчи жолу достору менен эс алууга кеткенде, алар ошол жерден достору менен жүрүшкө чыгышы үчүн алгач Вашингтонго учуп кетишкенде, аларды кемпингдерге узатып жатканымда, менин уулум эң биринчи жолу биздин машинаны айдоо үчүн рулга отурганда жана ар бир футбол ойноп жатканында сыйынчумун.

Жакында мен Кристоферди дагы бир жолу Кудайдын колуна бердим — ал колледжге кетип жаткан. Анын кетүүсүнө бир нече ай мурунтан баштап, мен ажыроо учурун элестетип алып, ыйлай баштадым. Ал кеткенден кийин биздин жашоо абдан өзгөрөрүн мен алдын-ала сезип жаттым. Бирок бул окуянын алдында Кудай мага бул сөздөрдү ачып берди: «Ошентип, силер кубаныч менен чыгасыңар, силерди тынчтык менен узатышат. Силердин алдыңарда тоолор жана адырлар ырдайт, та-

лаадагы бардык бак-дарактар силерге кол чабат» (Ыш. 55:12). Муну менен бирге Ал мага ажыроо учурундагы жүрөк оорудан кийин Кристоферге да, ошондой эле Майкл экөөбүзгө да кубаныч жана тынчтык келерин ачып берди. Биздин балдарыбыз жашоосунда кайсы этапта болушпаса да, аларды Кудайдын колуна берүү менен биз аларды *боорукер колдорго* берип жатканыбызды билүү маанилүү. Биз алардын алдыга жүрөктөрүндө кубаныч жана тынчтык менен барарын билебиз жана Кудай аларга ишенимдүү жолду көрсөтөт. Ошондой эле Ал бизге да кылат. Эне үчүн мындан артык сооронуу барбы? Дал ошол себептен, биз Кристоферди биринчи курстагы студенттер үчүн жатаканага алып келгенде, менин жанымды Теңир гана мага бере алган кубаныч толтуруп турду жана мен чындыгында эле тоолордун жана адырлардын ырдаганын угуп тургандай болдум.

Балдарымды Кудайдын колуна тапшыруу менин жашоомдо дагы далай жолу болорун мен билем. Алардын жашоосундагы эң олуттуу окуя болуп, албетте, алардын үй-бүлө куруусу болот. Бул жөнүндө ойлонгондо мен бала сурап, Кудайга кайрылган Аннанын окуясын эстейм. Теңир анын сыйынуусуна жооп берип, ал Шемуелди төрөдү. Андан соң Анна: «Мен Кудайга ушул баланы сурап сыйынгам, Теңирим мага сураганымды берди. Мен аны өмүрү өткөнчө Теңирге кызмат кылууга берем», — деди. Анан ал Теңирге ошол жерде ийилип таазим кылды» (1 Шем. 1:27,28).

Анна уулун Теңирге арноого убада берди жана ал эмчектен чыгаар замат Эйли ыйык кызмат кылуучунун алдына, Теңирдин үйүнө алып келди. Ушинтип, Анна өз антын аткарды. Бирок кабатыр болуунун кажети жок ( же тескерисинче, үмүттөнбөй эле койгула): сиздин балаңызды жыйынга жетекчинин жана анын аялынын колуна өткөрүп берүүңүздү Кудай талап

кылбайт. Чындыгында, Анна өз баласын Теңирге арнады, андан кийин ал Теңир буйруган нерсени аткарды. Натыйжасында, Шемуел бул жер үстүндө болуп кеткен Кудайдын эң улуу пайгамбарларынын бири болду.

Биз балдарыбыздын жашоосуна Кудайдын болгон кийлигишүүсүн аларды өзүбүзгө байлап же жалгыз өзүбүздүн күчүбүз менен тарбиялоого алектенип, чектебешибиз керек. Кудай сиздин балдарыңыздын жашоосун башкарып турганына так ишенбесеңиз, алар үчүн коркунуч сизди каптап алат. Аларды кое берип гана жана Кудайга алар менен мамилелешүүгө укук берип, биз Кудайдын жетектөөсүнө толук ишене алабыз. Анын Сөзүнө ылайык жашаганыңызда гана, Анын жолдору менен жүргөнүңүздө гана жана өзүңүздүн бардык кам саноолоруңуз жөнүндө сыйынууда Ага айтып турганыңызда гана мындай нерсеге жетише аласыз. Биз Кудайга гана таянышыбыз керек, себеби Ал биздин балдар үчүн бизге караганда бир далай жакшыраак кам көрө алат. Асмандагы Атанын колуна балдарыбызды берип жана Анын бийлигин кабыл алып, балдарыбыз жана биз өзүбүз да жүрөктөрүбүздө чексиз тынчтыкка ээ болобуз.

Биз бардык учурда бардык жерге жетишпейбиз, бирок Кудайдын колунан келет. Биз бардыгын көрө албайбыз, бирок Кудай көрөт. Биз бардыгын биле албайбыз, бирок Кудай билет. Балдарыбыздын курагына карабай, биз аларды Кудайдын колуна берсек, анда биз өзүбүздүн ишенимибиз жөнүндө жана Ага таянуубуз жөнүндө күбөлөндүрүп жатабыз, муну менен биз алардын жашоосундагы өзгөрүүлөргө алгачкы кадамдарды жасайбыз. Балдар үчүн сыйынуу мына ушундан башталат.

## Сыйынуу

**Теңир,** мен Сизге Ыйсанын ысымынан кайрылам жана баламды (кызымды) Сиздин колуңузга тапшырам. Сиз балам (кызым) үчүн эң жакшысын бере аласыз деп так ишенем. Сиз гана анын чыныгы муктаждыктарын билесиз. Мен аны Сиздин кам көрүүңүзгө жана коргооңузга берем жана анын ар бир муктаждыгы үчүн, Сиз менин жүрөгүмө сыйынуу үчүн салып бере турган ар бир муктаждыгы үчүн сыйынууга убада берем. Балам (кызым) үчүн сыйынууну үйрөтүңүз жана сыйынууда мени жетектеңиз. Ал үчүн сыйынууда менин жеке каалоолорумду айтпаганга жардам бериңиз. Сиздин эркиңиз анын жашоосунда таасирленишине жардам бериңиз.

Мени жалгыз калтырбай, менин баламды (кызымды) тарбиялоодо Сиздин шеригиңиз болууга уруксат бергениңиз үчүн рахмат. Адамдар сунуш кылып жаткан балдарды тарбиялоодогу ар дайым өзгөрүп турган жана ишенимсиз ыкмаларга таянбастан, Сиздин насааттарыңызды ээрчип, Сизден жооп күтүүдө акылмандык жана билимге ээ боло алганым үчүн Сизге ыраазымын.

Теңир, Сиздин кымбат белегиңиз — менин балам үчүн Сизге ыраазымын. Сиздин Сөзүңүздө жашоодогу ар бир жакшы белекти биз Сизден алабыз деп жазылган, мен кам көрүп жана тарбиялашым үчүн мага бул баланы (кызды) Сиз бергениңизди мен билем. Бул иште мага жардам бериңиз. Эмнеде мен ага дале өз эркимди

таңуулап жатсам, мага көрсөтүңүз жана Сиз аны жетелеп жүрүү үчүн Сиздин коргооңузга тапшырыш үчүн мага жардам бериңиз. Ар түрдүү коркунучтардын алдындагы менин тынчсызданууумдан мени арылтыңыз жана Сиз аны Өз колуңузда кармап турганыңызды түшүнүү кубанычын жана тынчтык бериңиз. Бардык нерседе мен Сизге таянам жана бүгүн менин уулумду (кызымды) Сизге тапшырам, Сиздин колуңузга берем.

## Сиздин сыйынууңузду таасирдүү кылганга жөндөмдүү болгон ЫЙЫК ЖАЗУУДАН АЯТТАР

Силер жаман болуп туруп,
балдарыңарга жакшы нерселерди бергенди билсеңер,
анда Асмандагы Атаңар Өзүнөн сурагандарга
жакшы нерсени бе-рери анык.
*Мат. 7:11*

Ал эми Теңир ырайымын Өзүнөн
корккондорго кылымдан кылымга көрсөтөт.
Адилеттигин Өзүнүн келишимин сактаган, башкача
айтканда, Өзүнүн осуяттарын унутпай аткарган
уулдарынын уулдарына көрсөтөт.
*Заб. 102:17,18*

Алар текке эмгектенбейт, балдарын
кайгы үчүн төрөбөйт, анткени алар Теңирдин
батасын алган тукум болот, алардын укум-тукуму
өздөрү менен бирге болот.
*Ыш. 65:23*

Балдар — Теңир берген мурас. Перзенттер —
Ал берген сыйлык.
*Заб. 126:3*

Эмне сурасак да, Андан алабыз,
анткени Анын осуяттарын аткарып жатабыз
жана Ага жакканды кылып жатабыз.
*1 Жкн. 3:22*

## ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

# БАЛАНЫ ЖАМАНДЫКТАН КАНТИП КОРГОЙ АЛАБЫЗ

Биз эң ысык сыйынууларыбызда көпчүлүк учурда Теңирден балдарыбызды коргоосун суранабыз. Жүрөгүбүздө балдардын жеке коопсуздугу үчүн тынчсыздануу болуп турса, алдардын көйгөйлөрүн чечүүгө аракет кылуу абдан кыйынга турат. Биз ошол келечек келерине шектенип жатсак, алардын келечеги үчүн кантип сыйына алабыз?

Биз Кристофер он жетиге толгончо, ал эми Аманда он экиге чыкканча Лос-Анджелесте жашадык, ошол жылдарда мен күн сайын алар үчүн коркунучта болдум. Ошол учурда шаардагы кылмыштуулуктун деңгээли туруктуулук менен өсүүдө болчу, ошондуктан биз жашаган аймак тынч деп эсептелгени менен, мен бекем ишене алчу эмес элем. Бул себептен мен күн сайын бул көйгөй үчүн сыйынчу элем. Чындыгында, мен алардын коопсуздугу үчүн алар менен бала чагында да бир нерсе болуп кетпесин деп, балдарым менин боюма бүткөндөн баштап арачылык кыла баштагам. Алар өсүп-жетилип жатканда, Теңир аларды ар кандай зордук-зомбулуктан, кыр-

сыктан сактасын деп сыйынчумун. Мен жалгыз да, ишенүүчү досторум менен да бирге сыйынчумун: «Мени көзүңдүн карегиндей сактай көр, канатыңдын астына калкалай көр. Мага кол салган кудайсыздардан, курчаган кас душмандарымдан калкала» (Заб. 16:8,9).

Аманда менен Кристофер, бардык балдардай эле, тизелерин уруп, чийилип-тытылганга чейин жыгылышчу, бир нече жолу доктурга кайрылып, жарааттарын тигип берүүсүн өтүнгөн да окуялар болгон. Кудайга шүгүр, абдан оор кырсыктардан алар алыс болушту. Бирок, мындай тынчтык уулум бир жолу оор жол кырсыгына кабылганга чейин созулду, мен ал окуяны бул китептин кириш сөзүндө айтып бергем. Бир күнү, уулум менен кызымды мектепке узатып — алар ар бири өз классташтары менен кетишкен — жаңы эле үйгө киргенде, бардык ата-эненин жүрөгүн чочуткан телефондун шыңгыраган үнү угулду.

«Омартин айым, уулуңуз азыр жакшы, бирок ал абдан оор жол кырсыгына кабыл болду жана ушул учурда ооруканада. Алардын машинасын тике маңдайынан башка машина сүзгөн, машинанын ичиндеги үч баланын бири да коопсуздук куру менен курчалбаган экен».

Ооруканага жеткенче, биз жолдошум экөөбүз үч бала үчүн тең сыйынып бара жаттык. Ушуга чейин биз канча жолу Кристоферге колубузду коюп, Кудай аны жол кырсыктарынан сакташы үчүн сыйынганыбызды эстеп бара жаттым. Ошол учурда Ыйык Жазуудан айткан аятыбызды да эстедим: «Анткени Ал Өз периштелерине сени бардык жолдоруңда коргоп жүрүүнү буйруйт. Бутуңду ташка уруп албашың үчүн, алар сени колдоруна көтөрүп кетишет» (Заб. 90:11,12). Кудай сыйынууларга жооп берет; Анын убадалары аткарылат. Мен бул жөнүндө билгем. Кристофер жол кырсыгына дуушар болгон-

до, Кудай Өз периштелери менен баламдын жанында болуп, аны коргошмок. Ыйык Жазуу адил адам жөнүндө айтканы да менин эсимде болчу: «Ал жаман сөздөн коркпойт, Теңирге таянгандыктан, анын жүрөгү бекем» (Заб. 111:7). Менин өзүм түшүнбөсөм да, тез эле тынчтанып калдым. Менин жанымды Кудайдын тынчтыгы толтуруп койду.

Ооруканага келип, биз кырсык болгон маалда биздин Кристофер машинанын арткы орундугунда, тизесине спорт кийими салынган чоң сумканы кучактап отурганын уктук. Так ошол сумка ал үчүн алдыңкы орундуктун жөлөнгүчүнө катуу тийбей калышына себепкер жаздыктай ролду аткарган, уулубуздун тизеси гана жарылып жана далысын гана катуу ооруп алган. Алдыңкы орундукта отурган бала терезеден ыргып кеткен эле жана анын жарааттары оор эле. Рулда отурган бала болсо, катуу тийип, бети жарылган. Автомобиль толугу менен талкаланган эле.

Кырсыкта жарaат алган балдардын ата-энелери болгон биз, коопсуздук куру менен курчануу зарылдыгын канча жолу катуу эскерткен болсок да, балдарыбыздын эч кимиси муну кылбаганына таң калдык. Алар биздин айтканыбызды уккан болсо, балким, эч кимиси жарадар болбос эле. Бирок, биздин сыйынууларыбыздын күчү менен баары аман калганына биз сүйүнүп жаттык. Балдарыбыз үчүн Ыйсанын ысымынан көптөгөн сыйынуулар көккө көтөрүлгөндүгү үчүн алар аман калгандыгын *баарыбыз* түшүнүп турдук жана бул үчүн Кудайга ыраазы элек.

Сиздердин сыйынууңуздар балдарыңыздардын кырсыкка кабыл болбосуна гарантия бербейт. Балдарыбыз канча ирет оор абалдарга дуушар болушаары анык, себеби бул абалдар күнөөкөр дүйнөнүн ажырагыс бөлүгү. Бирок, ата-энелик сыйынуу балдарды жамандыктан сактайт, ошондуктан, кыр-

сык болгон учурда да, балдарыбыз аман калышат, жана болгон нерсенин баары аларга зыян эмес, тескерисинче, пайда алып келет.

Сиздин сыйынууңуздун эффективдүү болушунун негизги шарты — Кудайдын Сөзү, ал сизге тынчтыкты алып келет. Лос-Анджелесте жашаган учурда менин үй-бүлөмдү жана мени жамандыктан сакташын суранып, канча жолу сыйынганымды эсептеп берүүгө мүмкүн эмес. Чеги жоктой көрүнгөн зордук-зомбулуктан сакташын Кудайдан жалынып-жалбарган сайын мен Ыйык Жазуудан төмөнкү аяттарды айтчу элем: «Мен үчүн өч алган, бөтөн элдерди багындырып берген Кудай, мени душмандарымдан куткарган Кудай даңкталсын! Мага каршы чыккандардын алдында Сен мени жогору көтөрдүң, мени катаал кишиден куткардың» (Заб. 17:48,49). Дагы бул аятты кайталайт элем: «Чептери бекем шаарда мага Өзүнүн кереметтүү ырайымын көрсөткөн Теңирге даңк!» (Заб. 30:22).

Калифорниянын дагы бир жаман жери — жер титирөөлөр. Уктаар алдында ар дайым мен Кудайдан үй-бүлөмдү коргошун суранып, сыйынчумун. Кээде жердин катуу солкунганы мени уйкудан ойготчу эле, мен жүрөгүм түшүп, караңгыда ойгончу элем, айланамдагынын баары солкуладап, кыймылдап турган учурлар болгон. Бул нерсе күндүн күркүрөгөнүнөн да катуу добуш угулушу менен коштолчу эле. Бул нерсе эсимден кетпейт; мындайды унутууга мүмкүн эмес. Мен үй-бүлөм үчүн Ыйык Жазуудан бул аяттар менен сыйынмайынча кайра төшөккө жатчу эмесмин: «Кудай биздин баш калкалар жайыбыз жана күчүбүз, кыйынчылык учурунда тез жардам берүүчүбүз. Ошондуктан жер титиресе да, тоолор жылып деңизге чөксө да, биз коркпойбуз» (Заб. 45:2,3). Кудайдын Сөзү кыйынчылык учурунда коргоону убада кылса да, мен Кудайдан

дагы суранчумун: «Теңир, Сизге жалынам, мындан башка жер титирөө болбосунчу. Бирок, эгер дагы кайталанса, бул жерде болтурбаңызчы. Эгер Сиздин эркиңиз боюнча ошол жер титирөө болгон жерде биз болушубуз керек болсо, суранам: бизди сактаңыз!».

1994-жылы 17-январда болгон жер титирөөнүн алдында биз Нортридждден көчүп кеткенибиз бул сыйынуума Кудайдын жообу болчу деп мен ишенем. Бир нече айдан кийин урандыларга айланган ал жерлерге мен балдарым менен барып, көзүбүз менен көргөндө, болгон окуядан биздин үрөйүбүз учту. Биз жашаган үй толук талкаланган экен. Биз Кудайдын күчүнүн таасирине, биздин сыйынууларыбызга жооп катары Анын ырайымдуу колдору бизди ошол жерден чыгарып, сактап калганын көрүп, Анын мээримине таң калдык.

Биз ошол жер титирөө болгон аймакта калган учурда да, Кудай ошол жердеги көптөгөн элдерге Өз ырайымын сунуш кылгандай эле, бизди да так ошондой сактап калмак деп мен ишенем. Кырсыктар жер-жерлерде болууда. Негизгиси — Кудайга таянуу, сыйынып, Анын жоопторун күтүү.

Сыйынганыбызда, жашообузда бир нерсе өзгөрөт, эгер биз сыйынбасак, эч кандай өзгөрүүлөр болбойт. Биз балдарыбыз үчүн сыйынбаган болсок, алар менен эмне болмок жана алардын жашоосунда эмне ишке ашпай калмак эле? Бир нерсе болушун күтпөйлү. Дал азыр, тезинен тизе бүгүп, чөгөлөйлү.

## *Сыйынуу*

**Теңир,** азыр мен балам (кызым, ысымы) үчүн Сизге сыйынам жана Сизден суранам, анын тегерегине коргоо чеп тургузуңузчу. Анын рухун, денесин,

акыл-эсин жана сезимдерин ар кандай жамандыктан сактаңызчы. Өзгөчө аны кырсыктардан, оору-сыркоолордон, аны майып болуп калуудан, деги эле ар кандай денелик, акыл-эстик жана сезимдик жактарына жаман таасирден сактаңыз. Сизден жалынып, суранам, менин баламды (кызымды) «...кыйынчылык артта калганга чейин Өзүңүздүн канаттарыңыздын алдында корголой көрүңүз» (Заб. 56:2). Аны ар кыл душмандык таасирден, ар кандай жашыруун коркунучтардан сактаңызчы жана ага каршы көтөрүлгөн ар кандай куралдын күчүн жок кылыңызчы. Теңир, биздин балдарды ар кандай коркунучтардан коргоо жөнүндөгү Сиздин көптөгөн убадаларыңыз үчүн ырахмат! Менин балама (кызыма) Сиздин ырайымыңыздын калкалоосунан эч качан чыкпашы үчүн, Сиздин жолдоруңузда, Сиздин эркиңизге тил алчаактыкта жүргөнгө жардам бериңиз. Менин баламды (кызымды) кайсы жерде жүрсө да, эмне кылып жатса да, коргой көрүңүз. Ыйса Машайактын ысымынан Сизге жалбарам.

## Сиздин сыйынууңузду таасирдүү кылганга жөндөмдүү болгон ЫЙЫК ЖАЗУУДАН АЯТТАР

Бардыгынан жогору турган
Кудайдын үйүндө жашаган, кудуреттүү Кудайды
далдаа кылган адам Теңирге: «Мен таянган Кудай менин
баш калкалар жайым, менин чебим!» — дейт.
*Заб. 90:1,2*

Сен суулардан өтүп бара жатканда,
Мен сени мененмин, сен дарыялардан өтүп бара жатканда,
алар сени чөктүрбөйт. Оттон өтүп бара жатканда,
күйбөйсүң, жалын да сени куйкалабайт.
*Ыш. 43:2*

Сага каршы жасалган бир да курал сени
жеңе албайт, сени менен сотто талашып-тартышкан ар бир
тилди сен айыптайсың. Бул — Теңирдин кулдарына Мен
берген мурас жана адилдик», — дейт Теңир.
*Ыш. 54:17*

Анткени сен: «Менин тирегим — Теңир», —
дегенсиң. Бардыгынан жогору турган Кудайды өзүңө
баш калкалар жай кылып тандап алгансың.
Сен эч кандай жамандык көрбөйсүң,
үйүңө жугуштуу оору жолобойт.
*Заб. 90:9,10*

Жатсам да, уктасам да, турсам да, мени Теңир коргойт.
*Заб. 3:6*

## ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ

# СҮЙҮКТҮҮ ЭКЕНИН БАЛАГА КАНТИП КӨРСӨТҮҮ КЕРЕК

Биздин балдарыбыз өтө турган оор сыноолордун бири, алардын оюна чындыктын жүзүн кийип, болжол менен төмөнкүдөй формада кирип алган жалган болушу мүмкүн: «Мени эч ким сүйбөйт». «Мени эч ким баалабайт», «Мен эч кимге кызыксызмын», «Мен эч нерсе кыла албайм», «Мен өтө эле семизмин» («арыкмын», «өтө эле узунмун», «өтө эле кичинекеймин»), «Мен келесоомун», «Мен өтө эле акылдуумун» жана башка. Балдар 12-13 жашка келгенде, ушундай жалгандардын кээ бирлери алардын акыл-эсине орноп алат жана көпчүлүк учурда, жетилип, чоңойгондо деле алардын бийлигинин астында кала беришет. Ошондуктан, сиздин балаңыз (кызыңыз) өзүн сүйүктүү жана керектүү экенин сезиши жөнүндө сыйынуу эч качан кеч болбойт деп мен ишенем; ал алгач, Кудайдын сүйүктүүсү экенин, андан соң бүт үй-бүлөсүнүн, досторунун жана башка адамдардын сүйүктүүсү экенин сезиши керек. Балдар үчүн ымыркай кезинен баштап эле же алардын жашоосунун кайсы гана болбосун, бир учурунан баштап, кандайдыр-бир мук-

таждыктары үчүн алардын бүт жашоосу бою сыйына башташа болот.

Бардыгыбыздын өзүбүздү четке кагылып калгандай сезген учурубуз болгон. Кимибиз кемсинүү, уялып, кысылуу сезген эмес элек, айыптуу сезим, эч нерсеге жараксыз, эч кимге керексиз, жолу болбогон адамдай сезим кимибизде болбой койду эле? Тегерегибиздеги адамдар соттоп, же биздин иштерибизди жактырбай койгондо, азап чеккен учурлар кимибизде болбой койду эле? Бардыгыбыз, ким тарабынан болсо да: үй-бүлөбүздүн бир мүчөсүнөнбү, досуманбы же таптакыр тааныбаган адамданбы, четке кагылуу деген эмне экенин билебиз. Бирөө муну оңой эле көтөрүп кетет, себеби ички жан-дүйнөсүндө өзүн сүйүктүү жана керектүү экенин билет. Башка бирөөнүн жүрөгүндө аны кагып, жаратпай койгон көп учурлардан терең жарааттар кала берет да, өзүнө карата жасалган айланасындагылардын жактырбагандай сезилген ар бир иш-аракеттерин кабыл алышы оор боло баштайт. Ошондуктан, биздин дүйнөдөгү кылынып жаткан жамандыктардын негизги себеби деп, бир адамдардын башкалар тарабынан четке кагылуусун эсептесек болот. Мисалы, жумуштан чыгарылып калган адам иштеген жерине барып, жетекчисин жана чогуу иштешкендерин атып салууда. Же четке кагылган эри аялын урат же өлтүрөт. Бирөө тарабынан кордолгон эне ачуусун баласынан чыгарууда. Адам өзүн эч кимге керек эместигин сезсе, анын жан-дүйнөсүндөгү эң жаман нерселер ачыкка чыгат, ал эми айланасындагылардын кабыл алуусу жана сүйүүсү, тескерисинче, анын ичиндеги эң жакшы сапаттарды ойготот. Өзүн чөйрөдөн куулгандай сезген адамга тегеректегилердин бардыгы ага каршыдай сезилет: ар бир көз караштан, жөнөкөй эле сөздөн, маанисиз эле иш-аракеттерден кыйкым таап, өзүнө каршылык-

ты сезет, — ал эми өзүн сүйүктүү сезген адам ошол эле абалдардан эч андай нерселерди байкабайт. Балким, эч ким ал адамга каршы эч нерсеси жоктур, бирок ал өзүн эч кимге керек эмес экенине ишенет да, өзүнө абдан чоң зыян алып келе берет.

Бирок, Кудайдын сүйүүсү бардыгын өзгөртө алат. Кудай бизди сүйөрүнө жана кабыл аларына ишенүү жашообузду толугу менен өзгөртөт. Теңир мындай дейт: «...Мен сени тандап алдым, ошондуктан Мен сени четке какпайм» (Ыш. 41:9), жана дагы: «...Мен сени түбөлүктүү сүйүү менен сүйөм...» (Жер. 31:3). Жана Ал Өз сүйүүсүн далилдеди, бул жөнүндө Ыйык Жазуу мындай дейт: «Машайак болсо биз күнөөкөр кезде биз үчүн өлдү. Бул аркылуу Кудай Өзүнүн бизге болгон сүйүүсүн далилдеди» (Рим. 5:8). Дагы эң кереметтүүсү бул: «Анткени Кудайдын Теңирибиз Машайак Ыйса аркылуу көрсөткөн сүйүүсүнөн бизди өлүм да, өмүр да, периштелер да, жогоркулар да, күчтөр да, азыркы учур да, келечек да, бийиктик да, тереңдик да, жаратылган эч бир нерсе ажырата албайт» (Рим. 8:38,39).

Биздин балдар бул чындыктарды сиңирип алуусу үчүн сыйынышыбыз керек. Алар Кудайдын сүйүүсүн кабыл алганда гана башка адамдарды сүйгөндү жана түшүнгөндү үйрөнө алышат.

Ар бир адамга эң алгач Кудайдын сүйүүсү керек болсо да, бала жашоосунда биринчи кезекте ата-энесинин ага карата болгон сүйүүсүн (же жек көрүүсүн) курч сезет. Ымыркай бала аны жашоосунун эң алгачкы учурунан баштап сезет. Ата-энелик сүйүү балага Кудайдын сүйүүсүн жаштайынан кабыл алууга мүмкүнчүлүк түзөт. Ошондуктан, балдарыбыздын жашоосундагы эң биринчи мүнөттөрүнөн баштап биз алар үчүн сыйына башташыбыз зарыл: «Теңир, мага баламды

(кызымды) чын жүрөктөн сүйгөнгө жардам бериңиз, Сиз каалагандай сүйгөнгө жардам бериңиз, ал түшүнө тургандай кылып сүйүү көрсөткөнгө мени үйрөтүңүз». Ал эми балаңыз азыр өсүп-жетилип калган кези болсо, бирок кандайдыр-бир себептен өзүн керексиз сезип жаткан учуру болсо, кечиктирбестен, дароо азыр сыйына баштаңыз. Кудайдын сүйүүсү менен анын жүрөгүн толтуруусун, сиздин жана башка адамдардын сүйүүсүнө анын жүрөгүн ачып берүүсүн Теңирден сураныңыз.

Балаңызга (кызыңызга) сүйүү көрсөтүүнү үйрөтүүсүн Кудайдан сураныңыз жана өткөн келишпестиктер үчүн айыптуу сезимге батырышына шайтанга жол бербеңиз. Сизге анын иштөө тактикасы белгилүү болушу керек: «Сенин балаң сен жаман ата (апа) болгонуң үчүн, өзүн керектүү деп сезбей жатат»; «Сен колуңан бир нерсе келгенде, балаңа сүйүүнү көрсөтө алат элең»; «Сени эч ким эч качан сүйгөн эмес, анан эми сен кантип бирөөнү сүйө аласың?». Бул жалгандын баары тозоктон чыгат да, шайтандын планынын бир бөлүгү болуп эсептелет.

Сизди айыптуу сезим же жашооңуздун кандайдыр-бир бөлүгүндөгү ийгиликсиздик кыйнап жатса, Кудайдын алдында ойлоруңузду ачыңыз, бул көйгөйдү Кудайдын колуна тапшырып сыйыныңыз жана бек чечим менен айтыңыз: «Теңир менин баламды сүйөт. Мен баламды сүйөм. Башкалар да менин баламды жакшы көрүшөт. Эгер менин балам өзүн сүйүктүү деп сезбей жатса, демек, ал душмандын таасиринен келген жалганга ишенип калган. Биз шайтандын жалганына макул болуп жашоодон баш тартабыз». Сизден чоң туруктуулук жана чыдамдуулук талап кылынат, ошондуктан сиз шайтандын жалганына жол бербеңиз, артка чегинбеңиз, ал жалганды Кудайдын чындыгы менен төгүнгө чыгарыңыз, андан

соң Теңир Өз сүйүүсүн балаңыздын (кызыңыздын) жүрөгүнө куюп берсин деп сыйыныңыз жана балаңыз (кызыңыз) сиздин жана башкалардын сүйүүсүн кабыл ала алсын деп сураныңыз.

Сыйынуудан тышкары, сүйүүңүздү көз караш менен, кучактоо, өбүү жана сылоо менен, ал гана эмес, иштериңизде, жасаган мамилеңизде жана айткан сөздөрүңүздө көрсөтүңүз. Мен балдарымдын көзүнө карап, мээримдүүлүк менен колумду тийгизип, сылап, «Мен сени абдан жакшы көрөм. Сен- мен үчүн азаматсың!» — деп айтканымда, менин байкашымча, ар дайым баламдын же кызымдын жүзү да, жүрүм-туруму да өзгөрүлчү. Сиз да ушундай кылып көрүңүз, өзүңүз күбө болосуз. Балким, бул сиз үчүн өзгөчө жаңы нерсе болгондуктан же балаңыз (кызыңыз) жетилип калган өспүрүм же чоң баладыр, ошондуктан алгач сиз өзүңүздү оңтойсуз сезээрсиз, бирок, уялбастан, так ушундай кыла бериңиз. Биринчи кадамды кылуу оор болуп жатса, Кудайдан күч сураңыз, балаңыз жана кызыңыз жан дили менен кабыл алышы үчүн да сыйыныңыз.

Жүрөгүңүздө балаңызга (кызыңызга) сүйүү жок болуп жатса, Ыйык Рухтан сураңыз. Ыйык Жазууда: «Кудайдын сүйүүсү бизге берилген Ыйык Рух аркылуу жүрөгүбүзгө төгүлгөн» (Рим. 5:5) — деп жазылган. Мындан сырткаркы толгонтокой нерселерден башка, Кудай сизди Өз сүйүүсүнө толтургусу келет, ал сүйүү башкаларга да төгүлүп туруусун каалайт. Балаңыз (кызыңыз) үчүн сыйынып жатып, сиз Кудайдын сүйүүсүн кабыл алышыңыз менен бирге аны көп эсе көбөйтүүдөсүз жана ал сиздин жүрөгүңүздөн ашып-ташып төгүлө баштоодо.

## Сыйынуу

**Теңир,** менин балам (кызым) (ысымын айтып) өзүнсүйүктүүжанакеректүүдепсезсинчи,суранам.Дал азыр анын жүрөгүн Сиздин сүйүүңүзгө толтуруңузчу жана Сиздин сүйүүңүз канчалык улуу жана чексиз экенин түшүнүүгө ага жардам бериңиз. Сиздин Сөзүңүз Сиз бизди ушунчалык сүйгөндүктөн, жалгыз Уулуңузду биз үчүн өлүмгө бергениңиз жөнүндө айтат (Жак. 3:16ны караңыз). Менин баламды (кызымды) анын жүрөгүнө шектенүүнүн уругун себүү максатында ага таңуулап, берилип жаткан шайтандын ар кандай жалганынан коргоңузчу. Ыйса: «Атам Мени кандай сүйсө, Мен силерди ошондой сүйөм; силерде Менин сүйүүм болсун» (Жак. 15:9) — деп айткан. Теңир, менин балама (ысымы) Сиздин сүйүүңүздө болуп турганга жардам бериңиз, ал Дөөт менен чогуу: «Сенин ырайымыңды эртерээк угайын, анткени мен Сага таянам. Мага жүрө турган жолумду көрсөт, анткени жанымды Сенин алдыңа алып келем» (Заб. 142:8) — деп айта алгандай болсун. Сиздин ага болгон сүйүүңүз чексиз экенин көрсөтүңүз жана аны кабыл алганга ага жардам бериңиз.

Мен Сизден суранам: Сиз сүйгөндөй, мен баламды эч шартсыз сүйгөнгө жардам бериңиз, ал сезе ала тургандай кылып, сүйүүмдү көрсөтө алганга да мага жардам бериңиз. Аны Сиз абдан сүйөөрүңүздү түшүнө алгыдай кылып, Сиздин сүйүүңүздү мен ага кантип беришим керек, мага көрсөтүңүз. Үй-бүлөбүздөгү ар бир адам аны жакшы көрө алсынчы жана ал кандай

болсо, ошондой кабыл алышсынчы жана менин балам (кызым) башка адамдардан да колдоо жана кайрат берүү ала алгандай болсунчу деп суранам. Ал эми азырынча, балам (кызым) сүйүктүү экенине ишеними өсө берсинчи, анын жүрөгүндө ушул сүйүүнү башкалар менен бөлүшө алгандай жөндөмдүүлүктү ачып бериңизчи. Анын жан-дүйнөсү бул сүйүү үчүн ачык болсун. Ал азырынча Сиздин сүйүүңүздүн тереңдигин таанып-билүүдө өсүп жатканда жана бүт жан-дили менен кабыл алып жатканда, анын өзүн Сиздин сүйүүңүз айланасындагыларга төгүлүп тургандай идиш кыла көрүңүз. Ыйса Машайактын ысымынан Сизге сыйынам.

## Сиздин сыйынууңузду таасирдүү кылганга жөндөмдүү болгон ЫЙЫК ЖАЗУУДАН АЯТТАР

Кудайдын сүйүүсү бизге бул
аркылуу айкын болду: Уулу аркылуу өмүргө ээ
болушубуз үчүн, Кудай бул дүйнөгө Өзүнүн жалгыз
Уулун жиберди. Сүйүү деген мындай: биз Кудайды сүйгөн
жокпуз, бирок Ал бизди сүйгөндүктөн, биздин күнөөлөрүбүз
үчүн Өз Уулун ырайым курмандыгы катары берди.
Сүйүктүүлөрүм, эгерде Кудай бизди ушундай сүйсө,
анда биз да бири-бирибизди сүйүшүбүз керек.

*1 Жкн. 4:9-11*

Анткени сен Кудай-Теңириңдин ыйык элисиң.
Жер бетиндеги бардык элдердин ичинен сен Анын Өз эли
болушуң үчүн, сени Кудай-Теңириң тандап алган.

*Мыйз. 7:6*

Кудайдын бизге болгон сүйүүсүн билип,
ошого ишендик. Кудай — сүйүү. Сүйүп жашаган адам
Кудайдын ичинде жашайт, Кудай да анын
ичинде жашайт.

*1 Жкн. 4:16*

Теңир сүйгөн бир туугандарым,
биз силер үчүн Кудайга дайыма ыраазычылык билдирүүгө
милдеттүүбүз, анткени Рух аркылуу ыйыкталып, чындыкка
болгон ишениминер аркылуу куткарылышыңар үчүн,
Кудай силерди башында эле тандап алган.

*2 Тес. 2:13*

Бизге Машайак аркылуу
асмандагы ар кандай рухий баталарды
берген Теңирибиз Ыйса Машайактын Кудайы
жана Атасы  макталсын! Биз Кудайдын алдында сүйүүдө
ыйык жана кемчиликсиз болушубуз үчүн, Ал бизди дүйнө
жарала  электен мурун Машайак аркылуу тандап алып,
Өз каалоосу жана жакшы тилеги боюнча Ыйса Машайак
аркылуу Өзүнө бала кылып алууну алдын ала белгилеп
койгон. Кудай Өз ырайымынын даңкы чыгышы үчүн,
сүйүктүү Уулу аркылуу бизге мол
ырайым көрсөттү.
*Эф. 1:3-6*

## БЕШИНЧИ БӨЛҮМ

# ТҮБӨЛҮК КЕЛЕЧЕК ЖӨНҮНДӨ ИШЕНИМДҮҮЛҮККӨ КАНТИП ЭЭ БОЛО АЛАБЫЗ

Эң алгач, биз балдарыбыздын Ыйсаны Куткаруучу катары кабыл алышын каалайбыз. Ошондо биз аларга түбөлүк жашоо убадаланганын так биле алабыз, өлгөндөн кийин биз алар менен жолугушаарыбызды так биле алабыз. Кандай сонун үмүт!

Дебби Бун жана анын күйөөсү Габри, «Балдарыбыздын жашоосу үчүн арачылык кылабыз» аттуу сыйынуу чогулуштарында Деббинин альбомдорунун бири үчүн ыр жазып берүүнү өтүнүштү, бул альбом аркылуу ал балдарга ата-энелердин жүрөктөрүндөгү эң терең сезимдерин ачып берүүнү каалаган эле. Мен бул ырдын текстин жазып, аны «Баарынан жогору» деп атадым; менин күйөөм обонун жазды, ал эми Дебби альбомго жаздырды да, эми өз концерттеринде аткарып жүрүүдө. Менимче, бул ырдын сөздөрү ар бир ишенүүчү ата-эненин ойлорун так билдирет. Мына бул ыр саптары:

*Дагы канча көп сөз айтыш керек, бирок алдыда кыска гана өмүр бар*
*Убакыт зымырайт!*

*Менин колумдан келсе, жашоодогу бороондордон коргоп,*
*сени кучагымдан чыгарбайт элем,*
*Мен сени менен ар дайым боло бербейм, балам,*
*Бирок бир нече сөз айта кетейин,*
*Үмүтүң үзүлгөндө да бул сөздөр жашай берет.*
*Эң алгач: Кудай — бул сени эч качан калтырбай турган Кудай,*
*Аны кара, себеби Ал — баарынан жогору!*
*Ал — сени сактоочу Сүйүү,*
*Сен жөнүндө кам көрүүчү Жүрөк,*
*Караңгы түндө адашсаң, Ал сени менен болот.*
*Ал — сенин түбөлүк Атаң,*
*Анын колунан сен эч качан түшүп калбайсың.*
*Ал — бүт жер жүзүн башкарып турган Кудай,*
*Себеби Ал — баарынан жогору!*
*Ал — сенин кубанычыңдын Булагы жана сенин кайгыңдын Сооротуучусу,*
*Ал — сен алдында коркунуч менен таазим кыла турган Кудай,*
*Себеби Ал — баарынан жогору!*
*Ал — төрөлгөнүңө чейин эле сен үчүн даярдалып коюлган падышачылыктын Эгедери,*
*Ал сенден момун жүрөктү күтүүдө.*
*Себеби Ал үчүн бул — баарынан жогору!*
*Дагы канча көп сөз айтыш керек, бирок баарын айтууга убакыт жок,*
*Жөн эле Теңирди сүй, себеби Ал — баарынан жогору!*

Биздин балдар бешке чыгышканда, өздөрүнүн жашоосуна Ыйсаны чакырууну чечишкен эле. Биз аларга Кудай жөнүндө айтып берчүбүз, Ыйык Жазуудагы окуяларды аларга окуп берчү элек, алар менен чогуу сыйынып, үзгүлтүксүз жыйынга алып барчубуз, алар жыйындан да Теңирдин артынан ээр-

чүүнү үйрөнүшчү эле. Кристофер менен Аманданын жүрөгү Ыйсаны кабыл алганга ачык эле, бирок биз эч качан аларга бул ойду таңуулаган эмеспиз жана кыйнаган эмеспиз.

Анын ордуна биз Теңирдин үйрөтүү сөздөрү алардын жүрөгүнө тереңдеп, кирсин деп жана ошол сөздөр аларда Кудай менен баарлашуу каалоосун пайда кылсын деп сыйынчу элек. Биз алардын бул чечимди биз тараптан эч бир басымсыз, өз алдынча чыгарышын каалаганбыз. Акыры, бул убакыт келгенде, Кристофер жана Аманда бизге Ыйса жөнүндө суроолорду бере башташты жана натыйжасында, бизден алар Ыйсаны өз Куткаруучусу катары таануусу жөнүндө сыйынып туруубузду суранышты. Биздин ата-энелик жүрөгүбүз уулубуздун жана кызыбыздын келечеги куткарылгандыгын түшүнүп, кубанычка толду.

Балдарыңыз канча жашка чыкканы эч маанилүү эмес, себеби алардын куткарылышы үчүн сыйынууну баштоо эч качан эрте же эч качан кеч болбойт. Ыйса айткан: «Чындыкты, сага чындыкты айтып койоюн, кимде-ким жогорудан төрөлбөсө, Кудайдын Падышачылыгын көрбөйт»(Жкн. 3:3). Ал дагы мындай деген: «Мына, Мен эшиктин алдында туруп, эшикти чертип жатам. Ким Менин үнүмдү угуп, эшигин ачса, Мен анынкына кирип, аны менен бирге тамак ичем, ал да Мени менен бирге тамак ичет» (Аян 3:20). Биздин балдарыбыз Ыйсага жүрөктөрүн ачып, бул жашоодо да, жер жүзүндөгү жашоосу аяктаганда да Кудайдын Падышачылыгына киришин каалайбыз. Билип алгыла: сиздер балдардын түбөлүктөгү келечеги үчүн сыйынбасаңыздар, ал келечек келбеши мүмкүн.

Балдар Теңирге ишенип калгандан кийин, ата-энелер Кудай менен алардын ортосунда тыгыз мамиле түзүлүшү үчүн сыйынышы керек. Кичине кезинде Кудай менен жүрүшүп, бирок кийинчерээк, өспүрүм кезинде же жетилип калган кез-

де, Андан баш тартып кетишкен балдар жөнүндө канча окуя укканбыз? Биз балдарыбыздын «Анын каалоосун акылмандуулук жана рухий түшүнүк менен толук таанып билишин» жана «Ага бардык жагынан жагып, бардык иште жакшы жемиш берип, Кудайды таанып билүүсү өсүшүн» (Кол. 1:9-10) каалайбыз. Пабыл менен Тиметей Колосалык балдар үчүн ушунтип сыйынышкан, биз да өз балдарыбыз үчүн так ушунтип сыйынышыбыз керек. Теңирдин өмүрү ар дайым биздин табиятыбыздын бир бөлүгү болуп кала турган, жаңы бир нерселерди сузуп ала турган булак болуп саналат. Анын Ыйык Руху балдарыбыздын үстүнө түшүшүн Теңирден ар дайым өтүнүүбүз керек.

## Сыйынуу

**Теңир,** мен Сизден өтүнөм: менин балама (кызыма) Сизди таанып-билүүгө жардам бериңиз. Анын жүрөгүн ачып, Сиз тууралуу чындыкты толук түшүнүүгө алып келиңизчи. Сиз Өз Сөзүңүздө айткансыз: «Эгерде сен өз оозуң менен Ыйсаны Теңирим деп ачык таанысаң, Кудайдын Аны өлгөндөрдүн арасынан тирилткенине чын жүрөгүң менен ишенсең, анда куткарыласың» (Рим. 10:9). Менин балам Сизди Куткаруучум деп атай алган ишеним бериңиз, ал Ыйык Рухка толуп, өмүрүнүн бардык чөйрөсүндө Сиздин бийлигиңизди таанысын, анын ичинде ар дайым Сиздин жолдоруңузду тандаганга жана ошол жолдордо жүрүү каалоосу жашаса экен деп мен сыйынам. Менин балама (кызыма) ал түбөлүк өмүргө ээ болушу үчүн жана азыр да ашып-ташыган өмүргө ээ болушу үчүн Ыйса Өз өмүрүн курман кыл-

ганын түшүнүүгө жардам бериңизчи. Ага Сиз анын бардык күнөөлөрүн кечиргениңизге ишенгенге жардам бериңиз, ал айып сезиминен түбөлүккө бошонушуна жардам бериңиз.

Сиздин эркиңизди билиш үчүн, Сиздин алдыңызда Сизге бардык нерседе жага тургандай, таза жүрүш үчүн, Сизди таанып-билүүдө ар дайым өсүп турганга жана жакшы жемиш алып келип турганга жардам бериңиз. Сиз Өз Сөзүңүздө менин укум-тукумума Рухуңузду төгөм деп айткансыз (Ыш. 44:3). Сизден суранам: так бүгүн да менин балама (кызыма) Сиздин Ыйык Рухуңузду төгүңүз.

Теңир, мага караганда баламдын (кызымдын) түбөлүк келечеги үчүн Сиз көбүрөөк кам көрүүдөсүз, ыраазымын. Ыйсанын ысымынан менин балам (кызым) Сизден эч качан шектенбесинчи жана Сиз багыттап койгон жолдон чыгып кетпесинчи деп мен Сизден суранам.

## Сиздин сыйынууңузду таасирдүү кылганга жөндөмдүү болгон ЫЙЫК ЖАЗУУДАН АЯТТАР

Атамдын каалоосу – Уулун көргөн,
Уулуна ишенген ар бир адамдын түбөлүк
өмүргө ээ болуусу. Мен аны акыркы
күнү тирилтем.
*Жкн. 6:40*

Анткени бул жакшы
жана биздин Куткаруучубуз Кудайга жагат.
Анткени Ал бардык адамдардын
куткарылышын, чындыкты таанып
билишин каалайт.
*1 Тим. 2:3,4*

Кудайдын Уулу келип,
бизге чыныгы Кудайды таанып билүүгө
акыл бергенин да билебиз. Биз Анын чыныгы
Уулу Ыйса Машайактын ичиндебиз. Ал —
чыныгы Кудай жана түбөлүк өмүр.
*1 Жкн. 5:20*

Кудайдын күбөлөндүрүүсү болсо бул:
Кудай бизге түбөлүк өмүр берди.
Ал өмүр Анын Уулунда.
*1 Жкн. 5:11*

Мен Атамдан өтүнүп сурайм,
Атам силерге башка Сооротуучуну,

чындык Рухун берет: Ал түбөлүк силер менен болот,
бул дүйнө Аны кабыл ала албайт, анткени Аны көрө да,
биле да албайт. Ал эми силер билесиңер,
анткени Ал силер менен, силердин
ичиңерде болот.
*Жкн. 14:16,17*

## АЛТЫНЧЫ БӨЛҮМ

# БАЛАГА АТА-ЭНЕНИ УРМАТТООНУ КАНТИП ҮЙРӨТСӨ БОЛОТ ЖАНА ТИЛ АЛБАСТЫККА КАНТИП КАРШЫ ТУРУУ КЕРЕК

Өзүбүзгө урматтоо менен мамиле кылууну талап кылуу — бул бир кызыктуу нерсе эмеспи? Адамдарга башкаларды урматташ керектигин эскертип туруу керекпи? Ооба, эгерде сөз өз балдарыбыз эмес, башка чоочун адамдар жөнүндө болуп жатса, ал эми балдарыбызды бул нерсеге үйрөтүшүбүз зарыл.

Ыйык Жазуу мындай дейт: «Балдар, ата-энеңерге баш ийгиле, бул Теңирге жагат, анткени ушундай кылганыңар туура. "Ата-энеңди сыйла" деген осуят – убадалуу осуяттардын биринчиси: "Сага жакшы болушу үчүн жана жер үстүндө өмүрүң узак болушу үчүн, ата-энеңди сыйла"» (Эф. 6:1-3). Биздин балдар Теңирдин бул осуятын аткарбаса, Кудайдын батасынан айрылып калуу гана эмес, өмүрлөрү кыскаруу коркунучуна да ээ болушат. Ыйык Жазуу минтип эскертет: «Атасы менен энесине тил тийгизген адамдын чырагы коюу караңгылыкта өчөт» (Накыл. 20:20). Балдарыбыздын жашоосуна таасир берүү бийлигине биз ээ экенибизди түшүнүү менен бирге, аларды катуу тартипке көндүрүп, алар үчүн сыйынуу жана туура

тарбиялоо — биздин милдетибиз. Бирок биз балдарыбыздын жүрөгүнө билинбей жайланышып, аларды чындык жолунан буруп кете турган каршылыктын рухун айырмалай да билишибиз керек жана ага каршы турушубуз керек.

Тил албастык — бул иш-аракеттеги текебердик. Моюн сунбастыктын руху мындай дейт: «Кудай же башка адамдар бул жөнүндө кандай ойлошсо да, мен өзүм каалаганымды кылгым келет». Ыйык Китеп мындай деп үйрөтөт: «Анткени моюн сунбастык сыйкырчылыктай эле...» (1 Шем. 15:23), себеби экөөнүн тең натыйжасы болуп толугу менен Кудайды кабыл албоо эсептелет. Ошол эле аятта: «...каршы болуу бутка табынуучулуктай эле күнөө» — деп айтылган. Текебердик козголоңчулукка алып келет, ал эми өзүнүкүнөн кайтпастык адамга тобо кылууга жана өзүн Кудайдын алдында баш ийдирүүгө тоскоол кылат. Моюн сунбаган адам кандайдыр-бир жасалма кудайга табынышы ыктымал. Эгер балдар ата-энелерин урматташпаса, бул алардын жүрөгүндө жасалма кудай бар экенин көрсөтөт (баланын курагынан көз каранды эмес). Бул кудайлардын аттары белгилүү: текебердик жана өзүн-өзү сүйүү. Ошондуктан, балдар ата-энелерин урматтаганды үйрөнүшпөсө, Кудайга моюн сунбай калышат. Алар: «Мен эмнени кааласам, ошону каалайм жана качан болсо да ошону каалайм» — дешет.

«Баш ийбеген уулдарга кайгы! — дейт Теңир, — алар Менсиз кеңеш өткөрүшөт, Менин Рухума жакпаган келишимдерди түзүшөт. Алар күнөөнүн үстүнө күнөө кошуп жатышат..» (Ыш. 30:1). Биздин сыйынууларыбыз баланын жүрөгүндөгү текебердиктин жана өзүмчүлдүктүн жасалма кудайларын жана моюн сунбастыктын рухун кулатууга жөндөмдүү.

Моюн сунбастыктын карама-каршысы — тил алчаактык же Кудайдын жолдорунда жүрүү. Тил алчаактык адамга туура жерде турганындагы жана туура кылып жатканындагы толук

коопсуздукту жана ишенимдүүлүктү сезүүгө мүмкүнчүлүк берет. Ыйык Китеп батаны тил алчаактыкка белек катары убада кылат, тескерисинче болсо — караңгылык жана өлүм. Биздин балдарыбыз Кудай алдында тил алчаактыкта жүрүшүн, өздөрүнө ишенимдүү болушуп, өздөрүн коопсуз сезишин, алардын жашоосу узак болуп, ички жан-дүйнөлөрүндө ар дайым тынчтык жана бейпилдик болушун каалайбыз. Чыныгы тил алчаактыкка кадамдардын бири — бул ата-энеге баш ийүүгө жана аларды урматтоого даярдык. Бирок, бул нерсеге баланы үйрөтүү зарыл, ал эми сыйынууда болсок, окутуу процессин жеңилдетсе болот.

Биздин уулубуз он төрт жашында өз бөлмөсүнүн дубалдарына сүйүктүү музыканттарынын сүрөттөрү болгон афишаларды илип алган. Бирок, алардын кийимдери, кээ бирлеринин жүрүм-туруму, жада калса алардын музыкалык чыгармаларынын мазмуну ачык эле бизге, ата-энелерге жагымсыз болчу жана Кудайды эч кандай даңктай тургандай эмес эле. Биз Кристоферден афишаларды алып салууну сураганда жана себебин да түшүндүргөндө, ал алгач, биздин сураныччыбызды аткаргысы келген жок, бирок, бир аздан кийин, ачык эрегишүү менен моюн сунду. Бир нече убакыттан кийин ал афишаларды кайрадан илип койду — башкаларын, бирок, биринчилерден жакшы эмес эле. Бул жолкусунда биз чечкиндүү түрдө катуу кириштик да, өзүбүз *мунун баарын* дубалдан чечип салдык.

Кристофер үчүн бул оор мүнөттөр эле. Тил албастыктын руху менен күрөшүп жатканыбызды биз түшүндүк, ошондуктан Ыйык Китеп буюргандай иш-аракет кылууну чечтик: «Шайтандын айла-амалдарына каршы тура алуу үчүн, Кудайдын бардык курал-жарагын кийгиле» (Эф. 6:11). Биз сыйынууда болдук жана Кудайдын Сөзүнө кайрылдык, биз Кудай

бул тоскоолдуктан өтүүгө күч берүүгө жөндөмдүүлүгүнө ишенимибизди жарыяладык. Биз күрөштү Рухта жүргүзүп жаттык жана Теңир абалды Өзү көзөмөлгө алып жатканын байкап турдук. Уулубуздун маанайы өзгөрдү жана кийинки жолу биздин ата-энелик талаптарга жооп бере ала турган афишаларды илип алды. Бул биздин сыйынууларыбыздын натыйжасында түздөн-түз таасир берген Кудайдын күчү эле.

Афишалар менен болгон окуя бүгүнкү күндө орчундуудай сезилбейт, бирок, ошол учурда биз Кудайдын жана ата-эненин эркинен жогору болууга аракет кылган каршылыктын күчтүү руху менен бетме-бет кездештик. Ал рух өзүнүн бийлигин бекемдеп алаардан мурун, биз алдын алып, татыктуу каршылык көрсөтүп, туруштук бере алдык. Биз бул күрөштө жеңишибиз зарыл эле, себеби Кудай жана Анын Сөзү биз тарапта экенин билчүбүз жана да, биз абдан маанилүү, биздин уулубуздун келечектеги түбөлүк жашоосу сайылып, коюлганын билгенбиз.

Сиздин балаңыз өспүрүм болсо же өсүп-жетилип калган адам болсо да, сиз анын кежир жана терс кыял болуп баратканын байкасаңыз, ата-эне катары, балаңызга көбүрөөк талаптарды коюп баштashыңыз керек жана сиздин карамагыңыздагы күчтүү курал болгон — сыйынууну унутпашыңыз керек. Сиз өз балаңыз же кызыңыз менен күрөшүүдө эмессиз, эсиңизде болсун, «анткени биз адамдарга каршы эмес, башчыларга, бийликтерге, бул караңгы дүйнөнүн башкаруучуларына жана асман астындагы жаман рухтарга каршы күрөшөбүз» (Эф. 6:12). Сиз душман менен күрөшүүдөсүз. Бактыга жараша, Ыйса «душмандын бардык күчүн тебелеп таштагыдай бийлик берген» (Лук. 10:19). Ошондуктан, коркпоңуз жана шектенбеңиз, андан көрө ошол бийликти колдонуңуз. Тил албастыктын руху балаңыздын мүнөзүндө ар бир убакта көрүнүшү мүмкүн, бирок

биз аны сыйынуу жана Кудайдын сөзү менен жоошута алабыз, ошол эле учурда тартипке салуу жана насаат айтуу сыяктуу тарбиялоонун ыкмаларын колдонууну да унутпайбыз. Сизди балаңыздын козголоңчулдугу чочутпасын. Ыйса Машайак — бардыгынын Башкаруучусу экенин эсиңизден чыгарбаңыз.

## *Сыйынуу*

**Теңир,** Сизден суранам: баламдын (кызымдын) ичинде Сизге моюн сунууну каалаган жүрөк жаратыңыз. Ошол жүрөккө Сиз менен, Сиздин Сөзүңүз менен, сыйынууда, Сиздин үнүңүздү угууда убакыт өткөрүүнү чаңкаган каалоо салып бериңиз. Өз жарыгыңыз менен баламдын жүрөгүнүн тереңинде пайда болуп жаткан баш ийбестиктин ар кандай жашыруун уругун ачыкка чыгарыңыз, ал урук табылып, жок кылынсын. Теңир, баламдын жүрөгүндө эч качан текебердик, өзүмчүлдүк жана тил албастык пайда болбосунчу деп сыйынам. Ыйса берген бийлик менен мен «душмандын бардык күчүн тебелейм» жана менин балам эч качан аларды билбеши үчүн жана анын буттары эч качан мындай өлүмдүү жолго баспашы үчүн, бутка табынуучулуктун, тил албастыктын, өжөрлүктүн, сыйлабастыктын рухтарына каршы турам.

Сиздин Сөзүңүздө жазылган: «Балдар, бардык нерседе ата-энеңерге баш ийгиле, анткени бул Теңирге жагат» (Кол. 3:20). Мен сизден өтүнөм: менин баламдын (кызымдын) жүрөгүн ата-энесине кайрыңыз жана анын өмүрү узак жана даңктуу болушу үчүн, аны атасын жана энесин урматтаганды жана аларга баш

ийгенди үйрөтүңүз. Анын жүрөгүн Өзүңүзгө буруңуз, анын бардык иштери жана жолдору Сизге жагымдуу болсун. Аны текебердиктин жана моюн сунбастыктын рухун таанып-билгенге үйрөтүңүз жана каршы турганды үйрөтүңүз, тобо кылууга шашканды жана алардан арылууга шашканды үйрөтүңүз. Аны ар бир күнөөгө каршы турган адам кылыңыз. Сиздин алдыңызда момун рухта жүрүүнүн сулуулугун таанып-билүүгө жардам бериңиз.

## Сиздин сыйынууңузду таасирдүү кылганга жөндөмдүү болгон ЫЙЫК ЖАЗУУДАН АЯТТАР

Эгерде тилимди алууну каалап,
Мени уксаңар, анда жердин ырыскысынан
жейсиңер. Эгерде баш тартып, өжөрлөнсөңөр,
анда кылычтан өлөсүңөр, анткени Теңир
ушинтип айтып жатат.
*Ыш. 1:19,20*

Алар азап чегип, темир менен
кишенделип, караңгыда, өлүм көлөкөсүндө
отурушту. Анткени алар Кудайдын сөздөрүнө
моюн сунбай коюшту, Бардыгынан Жогору Турган
дын чечимдерин четке кагышты. Теңир алардын
жүрөгүн оор жумуш менен моюн сундурду;
алар мүдүрүлүп жыгылганда, жардам
берер эч ким болгон жок.
*Заб. 106:10-12*

Атасын мыскылдаган,
энесине баш ийбеген көздү чөл
кузгундары чокуп салат, бүркүттүн
барчындары жеп салат.
*Накыл. 30:17*

Уулум, атаңдын акыл-насаатын ук,
энеңдин кеңешин четке какпа.
Анткени бул — башыңа кооз таажы,
мойнуңа мончок.
*Накыл. 1:8,9*

Алар тоң моюн тартып,
Өзүңө каршы чыгышты... Ошондо Сен аларды
кысымга алган душмандардын колуна
салып бердиң...
*Нек. 9:26,27*

## ЖЕТИНЧИ БӨЛҮМ

# АГАЙЫН-ТУУГАНДАР МЕНЕН ЖАКШЫ МАМИЛЕНИ КАНТИП САКТАСА БОЛОТ

Бир нече жыл мурун мен бир тууган эжем менен катуу урушуп кеттик. Бул эки жылга созулган мамилелердин үзүлүшү менен бүттү. Бардыгынын себепкери болуп бири-бирибизди таптакыр түшүнбөстүк болду. Таарынычтар бизди жакын адамдын жан-дүйнөсүн жана анын ичинде эмне болуп жатканын түшүнүү жөндөмдүүлүгүнөн ажыратты. Экөөбүз бир үй-бүлөдө өсүп-чоңойсок да, эки башка дүйнөдө жашагандай элек. Мунун баары мени абдан көп кайгыга салчу жана мен толук элдешүүгө келгиче жана ортобузда жакшы мамилелердин калыбына келишинче сыйынууну токтоткон жокмун. Биздин ата-энелерибиз ишенүүчү жана биз үчүн сыйынууда болгон ата-эне болсо, мындай чатак болбос эле деп мен ойлойм.

Биздин жаныбыздын душманы Кудайыбыз орнотуп койгон мамилелердин так ортосуна кирип, кастыкты тутандырып, араздашуунун уругун себүүнү абдан каалайт. Ал максатына — үй-бүлөнүн ортосуна жик салуу максатына канчалык тез жетишсе, ал үй-бүлөнүн мүчөлөрү ошончолук алсызыраак жана

ызакор болуп калат, ошондо душман алардын жашоосун башкарууну өз колуна ошончолук бат ала алат. Бүт үй-бүлөбүз үчүн жана агайын-туугандарыбыз үчүн, күйөөбүз, аялыбыз, балдарыбызды үчүн да сыйынууда болгонубузда, биз шайтандын арабыздагы мамилелерибизди бузуу мүмкүнчүлүгүн азайта алабыз.

Кызыбыз төрөлгөндө уулубуз төрт жашта эле. Башынан эле мен Кристофер менен Аманда жакын дос болуп калсын деп сыйынчу элем жана бул үчүн менин колуман келгендин баарын жасачу элем. Чынында эле, алгачкы жылдары алардын мамилелеринин бекемдигин бөлөк адамдар да байкашчу. Кристофер өспүрүм жашына кирген учурдан баштап, бардыгы өзгөрдү. Анын жаңы достору, жаңы кызыгуулары пайда болду жана кичүү карындашына таптакыр убактысы калбай калды. Амандага болсо улуу агасынын өспүрүм курдаштарынын тамашалары түшүнүксүз болду. Өзүн керексиз сезип, ал Кристоферден алыстап кетти. Мунун баары мени капалантчу, ошондо мен өзүмө соттун ролун алууга мажбур болдум.

Бирок, күндөрдүн биринде мен эмнеде жаңылыштык кетирип жатканымды түшүндүм: бул окуяларга чейин эле, Кристофер менен Аманданын ортосунда мамиле абдан сонун экенин көрүп, тынчтанып калган экем да, бул маселе үчүн сыйынбай калганмын. Эми, өзүмдүн катамды түшүнүп, мен кайрадан сыйына баштадым. Бара-бара абал өзгөрө баштады, келишпестиктер азайа баштады, жана алардын бири-бирине болгон мамилесинде жылуулук пайда болду. Эгерде мен бул ишти этибар албасам, экөөнүн ортосу менин эжем экөөбүздүн ортобузда болгондой, таптакыр бөлүнмөк деп ойлойм. Бүгүн да менин балдарымдын мамилелери каалаган үлгүдөн али алыс болсо да, ал мамилелер жаңылануууда жана ар дайым

бекемделүүдө. Мен болсо акыркы күнүмө чейин сыйынуумду уланта бермекчимин.

Канча деген үй-бүлөлөр алар үчүн эч ким сыйынбагандыктан гана эмне болсо, ошо болсун деп, тагдырдын агымына калтырылган? Менин билишимче, абдан көп. Үй-бүлө талкаланып, бир үйдө өсүп-чоңойгон адамдардын ортосунда бириктирүүчү эч нерсе калбаганын көрүү кандай капалуу. Мындай нерсе биздин балдарыбыз менен да болуп жатканын көрүү кандай кейиштүү! Бирок мындай болбошу керек.

Ышайя пайгамбардын китебинде Кудай сыйынган жана орозо туткан адамдардын жашоосунда кереметтер болорун айткан: «сени урандыларды калыбына келтирүүчү... деп аташат» (Ыш. 58:12). Келерки муундарга рухий биримдик сакталышы үчүн, Кудай бизди Анын эрки боюнча жаралган үй-бүлөлүк жана бир туугандык байланыштарды «калыбына келтирүүчү» болушубузду каалайт.

Ыйык Китеп дагы мындай дейт: «Өз ара бир ойдо болгула. Өзүңөр жөнүндө жогору ойлобогула, тескерисинче, момундардын жолун жолдогула. Өзүңөрдү акылдуу эсептебегиле» (Рим 12:16). Биз момундук жана биримдик үчүн сыйынышыбыз керек.

Ыйса айткан: «Тынчтык орнотуучулар бактылуу, анткени алар «Кудайдын уулдары» деп аталышат» (Матф. 5:9). Келгиле, тынчтык орнотуучулардан бололу: бул дүйнөдө биз көп эмеспиз го; «...тынчтыкка жана бири-бирибизди бекемдөөгө умтулалы» (Рим. 14:19). Келгиле, кийин башка туугандарыбыз үчүн да сыйынууну үйрөнүү үчүн, азыр эң кымбат адамдарыбыз үчүн — балдарыбыз үчүн сыйына баштайлы.

## Сыйынуу

**Теңир,** биздин үй-бүлөдөгү бардык адамдардын ортосундагы жакшы мамилелердин сакталышы үчүн мен сыйынам. Бизди ар кандай жамандыктан коргоңуз, көптөн бери келе жаткан кастыкты, ар келишпестикти жоюп салыңызчы. Менин балдарымдын жүрөктөрүн Сиздин сүйүүңүзгө жана үй-бүлөдөгү ар бир адамга болгон чексиз боорукердикке толтуруңуз. Аларды кечиргенге үйрөтүңүз. Өзгөчө (баламдын аты) жана (үй-бүлө мүчөсүнүн аты) ортосундагы бекем жана туруктуу, жакын жана жылуу мамилелердин калыбына келиши үчүн мен суранам. Алар ар дайым бири-бири менен тил табыша алсынчы, алардын жүрөгүндө өчөшүү эч качан орун албасын. Аларга бири-бирин сүйгөнгө, сыйлап, баалаганга жардам бериңиз, алардын мамилелери — Сиз жараткан мамиелелери — эч качан башка бузулбасын. Сиздин Сөзүңүз үйрөткөндөй мен Сизге жалынам, алар «бири-бирин бир туугандык сүйүү менен, чын жүрөктөн сүйүшсүн; бири-бирин озунуп урматташсын» (Рим. 12:10).

Менин балама агайын-туугандар менен келишпестиктерди Сиздин Сөзүңүздө жазылгандай кылып, чечкенге үйрөтүңүз. Эгер алар бири-биринен алыстап кетип жатышса, Теңир, Сизден суранам: алардын мамилелериндеги бул жараканы бириктире көрүңүз жана аларды айыктырыңыз. Сизден суранам, алардын достугунда түшүнбөстүккө, начар мамиле, келише албастык, тогошууга орун болбосун, алардын байланышы

бекем болсун. Менин баламды кечиримдүүлүккө жана ар бирине ылайык болгон чечимдерди кабыл алганга үйрөтүңүз.

Сиздин Сөзүңүз бизди үйрөтөт: «баарыңар бир ойдо болгула, кайрымдуу болгула, бир туугандарыңарды сүйгүлө, боорукер жана момун болгула» (1 Пет. 3:8). Ага «рух биримдигин тынчтык байланышы аркылуу сактоого аракеттенип» (Эф. 4:3), башка адамдар менен мамилелешкенди үйрөтүңүз. Ыйса Машайактын ысымынан Сизден өтүнөм: менин балам (кызым) бардык туугандарына сүйүүгө жана боорукердикке ээ болсун, бекем арканга окшоп, түшүнүк жана кайрымдуулук үй-бүлөдөгү бардык мүчөлөрдү биримдикте кармасын.

## Сиздин сыйынууңузду таасирдүү кылганга жөндөмдүү болгон ЫЙЫК ЖАЗУУДАН АЯТТАР

Тынчтык орнотуучулар
бактылуу, анткени алар «Кудайдын уулдары»
деп аталышат.
*Матф. 5:9*

Бир туугандардын чогуу
жашаганы кандай жакшы, кандай сонун!
*Заб. 132:1*

Силер бир ой менен,
бир ооздон Теңирибиз Машайак Ыйсанын
Кудайын жана Атасын даңкташыңар үчүн, чыдамдуулук
жана кайраттуулук берүүчү Кудай Өзү Ыйса Машайактын
үйрөтүүсү боюнча силерге өз ара
бир ой берсин.
*Рим. 15:5,6*

Мүмкүн болушунча, бардык
адамдар менен тынчтыкта болгула.
*Рим. 12:18*

Бир туугандар, Теңирибиз
Ыйса Машайактын атынан өтүнөм, баарыңардын
сөзүңөр бир болсун. Өз ара бөлүнбөгүлө,
тескерисинче, бир ой, бир пикирге келгиле.
*1 Кор. 1:10*

## СЕГИЗИНЧИ БӨЛҮМ

# БАЛАГА ИШЕНҮҮЧҮ ДОСТОРДУ ТАБУУГА КАНТИП ЖАРДАМ БЕРСЕ БОЛОТ

Мен балдарымдын достору үчүн ар дайым сыйынчумун жана көпчүлүк учурда алардын достору жакшы балдар болор эле. Бирок, кээде Кристофердин жана Аманданын, мен эне катары алардын ортосундагы мамилени жактырбаган тааныштары пайда болуп калчу. Ошол балдар мага жакпагандыктан эмес, алардын менин балама тийгизген таасири жакчу эмес. Бирок менин жалгыз куралым болуп, ар дайым сыйынуу болчу. Ошондой тааныштары өзгөрүшү үчүн же менин баламдын жашоосунан таптакыр жок болушу үчүн сыйынчумун. Кандай болсо да, сыйынуума жоопту мен ар дайым алчумун. Бир нече жолу ошол балдардын жашоосу бир чоң көйгөйгө айланганда, убакыт менин чочулоомдун негиздүүлүгүн ырастап берген.

Көбүнесе, ата-энелер балдарынын ким менен достошуп жүргөнүнө өтө кызгаанчаактык менен мамиле кылышат, алар «далым менен сезем» дегениндей эле, коркунучту алдын-ала сезишет. Мындай учурда Ыйык Рухтан абалды туура түшүнүүгө жана туура сыйынганга жардам беришин сураныш керек.

Биздин жашообуздагы ушундай коркунучтуу учурлардын бири болуп, үй-бүлөбүздүн Калифорниядан Теннеси штатына көчүп баруубуз болду. Бул олуттуу кадамды биз уулубуз мектепти бүтүрүп жаткан учурунда, кызыбыз болсо эми эле жетинчи класска көчкөн мезгилде жасадык эле, башкача айтканда, окуу жайын алмаштырууга эң ылайыксыз мезгилди тандаган элек. Албетте, ошол учурда мектепти алмаштырууну мен дале каалаган эмесмин, бирок күйөөм экөөбүз Теңирдин эркин, көчүүнүн зарылдыгына көрсөтүп турган эркин так түшүнүп турдук. Балдарыбызга бул кадам канчалык оор таасирин тийгизерин түшүнүп, мен көчөөргө бир нече ай мурун жана андан кийин да сыйына баштадым: «Теңир, балдарыбызга жаңы мектепте Сизге жаккан досторду тапканга жардам бериңиз. Бул жерге Сиз бизди алып келгениңизди мен билем жана Сиз менин балдарымды жалгыз калтырбайсыз. Курдаштарынын арасында кабыл алууга жана жакшы мамилелерге болгон менин умтулуумда алар моралдык кулк-мүнөзү Сиздин талаптарыңызга жооп бербеген досторду таап алышын каалабайм. Алардын жашоосуна аларга үлгү боло ала турган досторду алып келе көрүңүз».

Жаңы мектептеги алгачкы алты ай Кристофер жана Аманда абдан жалгызсырашты, мен болсо алар үчүн сыйынууда көптөгөн уйкусуз түндөрдү өткөрдүм. Мен өзүмдү абдан алсыз сезип жаттым. Мен алардын жашоосуна кийлигишип, алар кичине кезиндегидей, алар үчүн өзүм досторду тандап бере албайт элем да! Бирок, эгер мен ушинтип баштаган күндө да, Кудай менин сыйынууларыма жооп катары жасагандай нерсени жасай албас элем. Акырында, Кристофердин да, Аманданын да достору пайда болду, алар натыйжасында, алардын өмүрүндөгү эң мыкты достору болуп калышты. Бул жөн эле «кырдаалдардын дал келиши» эмес эле, бул жөнөкөй эле, кадимки «хэп-

пи-энд» эмес эле — бул менин арачылык сыйынууларымдын, «Теңир, менин балдарыма Сизге жагымдуу досторду тапканга жардам бериңиз, алар Кристофер жана Аманда үчүн үлгү боло алган достор болсун!» — деген Кудайга кайрылган менин көз жаштарымдын жана сураныччтарымдын жемиши эле.

Бул тууралуу Ыйык Жазуулар мындай дейт: «Ишенбегендер менен бирге жат моюнтурукка кошулбагыла. Себеби адилдик менен мыйзамсыздыктын ортосунда кандай жалпылык бар? Жарык менен караңгылыктын ортосунда кандай жалпылык бар? Машайак менен Белиардын ортосунда кандай макулдашуу бар? Ишенген адам менен ишенбеген адамдын ортосунда кандай жалпылык бар?» (2 Кор. 6:14,15). Бул сөздөрдө ишенбеген курдаштары менен мамилеллешүүгө тыюу салынбайт, бирок, биздин жакын досторубуз ишенүүчүлөр гана боло алары жөнүндө так көрсөтмө бар. Ыйык Китеп мындай деп сурайт: «Эки адам өз ара макулдашпай туруп жолго чыгабы?» (Ам. 3:3). Жана жооп берет: Албетте, жок: «адил адам жакынына жол көрсөтөт, ал эми мыйзамсыздын жолу аларды адаштырат» (Накыл. 12:26).

Балаңыздын жакын ишенүүчү достору жок болсо, бул муктаждык үчүн так азыртадан баштап сыйыныңыз. Алардын ишенбеген достору Теңирге ишенип калсын деп Кудайдан сураныңыз жана жаңы ишенүүчү достор алардын жашоосуна кириши үчүн сыйыныңыз. Далай ирет ата-энелер бир нерсени өзгөртө албай, балдарын кээ бир адамдардын терс таасиринен коргой албай, өздөрүн алсыз сезишет. *Кудайдын күчү* жана *Анын Сөзүнүн чындыгы* биз тарапта! Эгерде кимдир-бирөө балаңызды чындык жолунан буруп кетип жатса, кайгырбаңыз. Жаман жоро-жолдоштор менен мамилелешүүнүн коркунучтуулугу жөнүндө Ыйык Китеп көп жолу эскертет, бул эскертүүлөрдү тоотпой коюуга биздин эч акыбыз жок.

Өздөрүнүн тиги же бу үлгүсүн көрсөтүп, балдарыбыздын жашоосуна алардын достору зор таасирин тийгизишет. Ошондуктан, биз кантип балдарыбыз үчүн сыйынбай кое алабыз?

## *Сыйынуу*

**Теңир,** мен балам (кызым) үчүн сыйынуумду алып келем, Сизден ага ишенүүчү, алардын артынан ээрчигенге татыктуу досторду жөнөтө көрүңүз деп сураным. Менин балама досторду туура тандаганга акылмандуулук бериңиз, курдаштарынын арасында кабыл алынууга жетиш үчүн, ал эч качан өз абийирине каршы иш кылбасын. Мага да Ыйык Рухтан акылмандуулук бериңиз, мен анын туура дос тандоосуна жакшы таасир бере алайын. Мен суранам: менин баламдын жанынан ага терс таасир бергендердин баарын алыстат, же болбосо ошондой балдарды Өзүңүзгө окшоштуруп, өзгөртүңүзчү.

Сиздин Сөзүңүздө: «Акылдуу адамдар менен мамилелешкен адам акылдуу болот, ал эми акылсыз адамдар менен достошкон адам бузулат» (Накыл. 13:20) –деп айтылган. Теңир, менин баламдын акылсыздар менен мамилелешкенине жол бербеңиз, акылсыз досторунун зыяндуу таасиринен коргоңуз. Аны Сизди таанбаган адамдын жанынан алып кетиңиз, ал ошондой «достун» жолу менен барбасын, менин баламдын жаны ушундай тузакка илинип калбасын.

Эгер аны достору таштап кетсе сооротуңуз жана жаңы досторду тапканга жардам бериңиз, ал ошол досторуна жүрөгүндөгү терең сырларын айта алгандай болсун,

алар менен ал кандай болсо, ошондой, башкача айткан-да, Сиз кандай жаратсаңыз, ошондой боло алсын. Аны өз жашоолору менен Сизди даңктабаган адамдар менен мамилелешүүгө түрткү берген жалгыздык сезиминен жана өзүн-өзү төмөн баалоодон сактаңыз.

Мен Сизден Ыйса Машайактын ысымынан өтүнөм: чыныгы достуктун маанисин ага ачып бериңизчи, башка адамдарга өмүрүнүн аягына чейин, ынак дос болууну үйрөтүңүз. Менин балам Сиздин ысымыңызды даңктай турган достук мамилелерди кура алсынчы.

## **Сиздин сыйынууңузду таасирдүү кылганга жөндөмдүү болгон ЫЙЫК ЖАЗУУДАН АЯТТАР**

Мыйзамсыздардын
жолуна түшпө, зулумдардын жолу
менен жүрбө.
*Накыл. 4:14*

Мен силерге:
«“Бир тууганыңармын”, –
деп коюп, бузуктук кылганын,
дүнүйөкорлугун, бутка табынганын,
ушак сүйлөгөнүн, ичкилик ичкенин,
уурулук кылганын таштабаган адам менен
мамилелешпегиле. Атүгүл, аны менен
бирге отуруп тамак да ичпегиле», —
деп жазгам.
*1 Кор. 5:11*

Уулум, Теңирден
жана падышадан корк,
козголоңчулар менен байланышпа.
Анткени Теңир менен падышадан өлүм
күтүлбөгөн жерден келет, экөөнөн келе
турган кыйроону ким алдын
ала айта алат?
*Накыл. 24:21,22*

Ачуулуу адам менен достошпо,
ачуусу чукул адам менен байланышпа,

болбосо анын жолун үйрөнүп
аласың жана өз жаныңа
сыйыртмак саласың.
*Накыл. 22:24,25*

Кудайсыздардын
кеңешмесине барбаган, күнөөкөрлөрдүн
жолунда турбаган, бузулгандардын жыйынында
отурбаган адам бактылуу.
*Заб. 1:1*

## ТОГУЗУНЧУ БӨЛҮМ

# БАЛАГА КУДАЙДЫ ЧЫН ЖҮРӨКТӨН ИЗДӨӨНҮ КАНТИП ҮЙРӨТСӨ БОЛОТ

Гезиттерден жаштардын уурулук кылып, тоноп, киши өлтүрүп жаткандары тууралуу окуп, алардын сексуалдык катнаштарда ылгабагандыгы жөнүндө окуп, аларда Кудайдан да коркуу жок экенин, Анын жолдорун туура түшүнүү, Аны бүт жан-дили менен издөө аларда жок экенин көрбөй коюуга мүмкүн эмес. Алардын кээ бирлери машайакчылардын үй-бүлөсүнөн чыгышкан, алар өздөрү Машайакты Куткаруучум деп таанышкан, бирок алар Теңирдин коркунучунда тарбияланышбагандыктан, Анын алардын жашоосунда катышуусун каалашбагандыктан, алар өз денелеринин кумарларына багынып берип коюшкан.

Кудай алдында коркуноч деген биз бүт жүрөгүбүз менен Аны сүйүшүбүз жана урматташыбыз керек дегенди, Анын бийлигин жана кудуретин кастарлап, сыйлашыбыз керек дегенди билдирет. Кудайдын алдында коркунучтун негизин адамдык өмүрдүн Ансыз маңызы жоктугун түшүнүү, биздин үмүтүбүз эч качан үзүлбөсүн убада кылган Анын сүйүүсү үчүн ыраазычылык түзөт. Теңирдин коркунучу деген жандын

чаңкап, суусоосу, башкача айтканда, Ага жакындоого, Кудайга жакын келүүгө умтулууну билдирет.

Биздин айланабызда балдарыбызды Кудайдан алаксыта турган көптөгөн нерсе бар. Шайтан ар бир балага келип, азгырат да, анын берген жообун байкайт — бала анын салган «кайырмагына» илинер бекен? Бирок биз балдарыбызды Кудайдын жолдору менен жүрүүгө үйрөтсөк, тарбиялаcак, ошого чакырып турсак...

...аларга Ыйык Жазууларды окуп турсак,

...аларды сыйынууга үйрөтсөк, чындык Кудайда экенин жана убада кылганын Ал аткарарына ишенүүгө үйрөтсөк,

...аларга ишенүүчү досторду тандаганга жардам берсек,

...Кудай менен жүрүү чарчатпастан, эркиндикти чектебестен, тескерисинче, кубаныч жана сезимдердин толуктугун алып келерин көрсөтсөк,

...алар менен бирге жана алардын бардык муктаждыктары үчүн сыйынып турсак,

ошондо алардын жүрөгүндө руханий ачка болуу ойгонот жана Кудайды таанып-билүү каалоосу пайда болот.

Балдар Кудай жана Аны менен байланыштуу болгон нерсенин баары жашоодогу эң улуу тандоо экенин түшүнүшкөндө гана алар денесинин эмес, Кудайдын жетегинин астында жашай башташат; ошондо гана алар Анын жолдорун, Анын Сөзүн жана Анын жашоолорунда катышуусун издей башташат; ошондо гана Анын ысымынын алдында коркунучка ээ болушат жана өмүрлөрү узак жана ийгиликтүү болот. Анткени минтип айтылган: «Кудайдан коркуу өмүрдү узартат, ал эми мыйзамсыздардын өмүрү кыскарат» (Накыл. 10:27).

Калифорниядан Теннесиге көчүү маалында, биз, күйөөм экөөбүз, эң биринчи, жакшы жаштар тобу бар болгон жыйынды көрсөтүүсүн суранып, сыйындык. Биз сыйынуубузга жооп

алдык, натыйжасында, жаңы жыйындын жаштар тобуна балдарыбыз оңой эле аралашып кете алышты, ал жерден жаңы досторго ээ болушту жана Кудайга ишенимде өсүүнү улантышты. Кудайдын Сөзүн тынымсыз изилдөөдө болгон, Анын катышуусу сезилип турган жана Анын кубанычын Кудайдын башка балдары менен бөлүшүүгө мүмкүнчүлүк болгон жыйынды табуу кандай маанилүү! Бул дагы бир себептен абдан маанилүү — ушундай мамилелешүү Кудайды жана Аны менен байланыш болгон бардык нерсени издөөгө суусоону күчөтөт.

Келечекке калтырбай, дал азыр Сиздин балаңыздын ичинде Кудай алдында коркунуч жашасын деп, Ага жана Анын Сөзүнө ишеним жашасын деп, ал бүт жан-дили менен Анын жүзүн издегенди үйрөнсүн деп сыйына баштаңыз. Сиздин балаңыздын тагдыры — балаңыз ар дайым өз денеси менен күрөшүүдө болобу же ал Ыйык Рухка толуп, Кудайдын батасына ээ болуп жашайбы — ушундан көз каранды? Эсиңизде болсун: «Кудайдан корккондор эч нерседен муктаж болушпайт» (Заб. 33:10). Эч качан сыйынууну баштоо кеч болбойт, ошондуктан кийинкиге калтырбаңыз да, башка учурду күтпөңүз.

## *Сыйынуу*

**Теңир,** менин баламдын жүрөгүндө ар дайым Сизге умтулуу жашасынчы деп сыйынам. Ал дайыма Сиздин катышууңузду издесин, сыйынууда, даңктоодо жана табынууда Сиз менен убакыт өткөрүүнү издесин. Анын ичине Сиздин Сөзүңүздүн чындыгын изилдөө каалоосун салыңыз жана Сиздин осуяттарыңызды жана Сиздин жолдоруңузду сүйүүнү салыңыз.

Ыйык Рухтун жетегинде ишеним менен жашаганга аны үйрөтүңүз жана Сиздин буйруктарыңызды аткарууга дайым даяр болууну үйрөтүңүз. Менин балам Сиздин Ыйык Рухуңузга толуп, ар кандай кайгыларда жардам сурап, Сизге кайрылсын жана Сизден рухий жаңылануу сурасын!

Менин балам Сиздин осуяттарыңызды аткаруудан эч качан качпасын деп, бардык Сизге жакпаган адилетсиз жолдордон алыс болсун деп Сизден жалынам. Сиздин жолдоруңузга жана Сизге болгон сүйүүсү жана кастарлап-урматтоосу анын жашоосун, иштерин жана ал өз өмүрүндө жасай турган ар бир кадамын жарык кылсын. Жасаган иштеринин натыйжалары үчүн жоопкерчиликти мойнуна алганды жана денелик каалоолор менен жашоо бир гана жемишти — өлүмдү алып келерин үйрөтүңүз. Ал эч качан өз көзүнө акылдуу көрүнбөсүн, бирок: «Теңирден корк, жамандыктан кач» (Нак. 3:7) — деген осуятты эсинен чыгарбасын.

Алдайым ишенимдүү, жоопкерчиликтүү, боорукер, ачык, сүйүүчү жана жоомарт адам болушун суранам. Аны ар кандай текебердиктен, жалкоолуктан, шалаакылыктан, өзүмчүлдүк жана денелик кумардануулардан сактаңыз; ага Сизден болгон бардык нерсеге «ооба» деп жооп берген, ал эми денелик нерселерге «жок» деп жооп бере турган момун рух бериңиз. Өзүнүн ишенимине бек турганга күч бериңиз.

Менин балам Сиздин Сөзүңүздүн чындыгы боюнча, Сиздин Ыйык Рухуңуздун күчү менен шыктанган, табынуу, сыйынуу жана туура окутуу менен жашаган

жыйындын активдүү мүчөсү болуунү ар дайым кааласын деп сыйынам. Ал Сиздин Сөзүңүзгө үйрөнүп жатканда, Өз мыйзамыңызды анын акыл-эсине жана жүрөгүнө жазып коюңуз, ал Сиздин осуяттарыңыз чындык экенин түшүнүп, жашай алсын. Сыйынууну үйрөнүп жатканда, аны менен кошо Сиздин эркиңизди түшүнгөндү үйрөнө алсынчы. Сиз менен мамилеси чынчыл, ысык жана терең болсун. Анын жүрөгүндө ар дайым Ыйык Рухтун оту жалындап турсун жана Сизге жана Сизден болгон бардык нерсеге түгөнбөс умтулуу болсун.

## Сиздин сыйынууңузду таасирдүү кылганга жөндөмдүү болгон ЫЙЫК ЖАЗУУДАН АЯТТАР

Адилеттикке ачыккандар
жана суусагандар бактылуу,
анткени алар тоюшат.
*Матф. 5:6*

Теңирден коркуу —
өмүр булагы, ал өлүм торунан
сактайт.
*Накыл. 14:27*

Себеби мен Кудай үчүн
жашайын деп, мыйзам аркылуу
мыйзам үчүн өлгөм. Мен Машайак менен кошо
айкаш жыгачка кадалгам. Азыр мен жашап жаткан жокмун,
менин ичимде Машайак жашап жатат. Ал эми азыркы
денедеги жашоомду айта турган болсом, мени сүйгөн
жана менин ордума Өзүн курмандык кылган
Кудай Уулуна болгон ишеним
менен жашап жатам.
*Гал. 2:19,20*

Анын мыйзамдарын
сактагандар, Аны чын жүрөгү менен
издегендер бактылуу.
*Заб. 118:2*

Сенин чындык жолуңда
жүрүшүм үчүн, мени Өз жолуңа сал,
Теңирим. Сенин ысымыңдан коркуп турушум үчүн,
жүрөгүмдү бекемде. Сени чын жүрөгүмдөн мактайм,
Теңирим, Сенин ысымыңды түбөлүккө
даңктайм.
*Заб. 85:11,12*

## ОНУНЧУ БӨЛҮМ

# БАЛАГА ЖАШООДОГУ ӨЗ ОРДУН ТАБУУНУ КАНТИП ҮЙРӨТСӨ БОЛОТ

Мен автомеханик болуп иштеш үчүн, өзүнүн иш акысы көп болгон ири компаниядагы инженерлик ордун таштап койгон адамды билем. Ал бул нерсени жашоодо эң жакшы көргөнү — автомобиль оңдоо болгону үчүн кылган. Ал шаардагы эң мыкты механик болуп гана калган жок; негизгиси — ал өзүнүн потенциалын ишке ашыра алды. Мен дагы бир адамды билем, ал ийгиликтүү бизнесмен болууну пландаштыргандыктан, Кудайдын кайтаруучу болууга чакырыгын уккан эмес. Натыйжасында, ажырашуунун кесепетинен үй-бүлөсүнөн айрылды, кичүү баласы өлүмгө учурады жана анын бүт өмүрү жоготуулардын жана көңүл калуулардын чексиз кезектешүүлөрүнө айланып калды. Эгер анын сыйынууда болгон энеси же атасы болсо, же Кудай алдын-ала эле ал үчүн жашоодо эмнени даярдап койгонун түшүнүүгө жардам бере алган адам болгондо, бардыгы башкача болмок эле.

Кудай бизди кандайча ойлоп койгону жөнүндө түшүнүгүбүз жок эле, биз чындыгында андай *болбосок* да, ошондой болууга

аракеттене беребиз, же, атүгүл, дагы кимдир-бирөө болууга *умтула* беребиз, бирок, көпчүлүк учурда, бул көңүл калуу, кемсинүү жана өзүмдүн толук эч нерсеге арзыбаган неме экенибизди сезүү менен аяктайт. Буга ырастоону биз өз ишин жек көргөн, алардын күтүүлөрүнө жооп бербеген жашоолорунан тажаган улуу адамдардын жашоосунан көрө алабыз. Мындай адам качандыр-бир убакта төмөнкүдөй жалганга ишенип аларына шектенбесек болот: «Мен эч нерсеге жараксызмын. Бул мен үчүн эмес. Мен башка бир нерсе кылышым керек». Балким, мындай адамдарга алар Кудай белек кылып берген таланттарга, күчкө ээ экенин эч ким, эч качан түшүндүрбөсө керек. Алар ушул убакка чейин жашоодогу өзүнүн ордун билбегени анык.

Биз Кудайдан жетектөө суранганда, андан соң Анын буйруктарын аткарганыбызда, жашоонун маңызы бизге ачылып берилет. Жеремия пайгамбар элди жамандыктан бурулууга чакырган, бирок адамдар аны угуудан баш тартышкан. Акыры, Теңир: «Ошондуктан Ысрайылдын Кудайы, Себайот Теңир, мындай дейт: Мына, Мен Жүйүт аймагына жана Иерусалимдин бүт тургундарына каршы Өзүм айткан бардык алааматты каптатам, анткени Мен аларга айттым, бирок алар укпай коюшту, аларды чакырдым, бирок алар жооп бербей коюшту» (Жер. 35:17), — деди. Биз Кудайдын үнүн укпасак, башыбызга кайгылар келет. Бирок биз балдарыбыз Теңирди угушсун деп сыйынып, сурана алабыз, ошондо кайгы алардан кыя өтүп кетет. Шайтандын жаштарга каршы колдоно турган эң сүйүктүү ыкмасы бар: ал жаштарды өздөрүнүн эч нерсеге арзырлык эмес экенин көрүү үчүн, Кудай аларды жаратпаган, башка кимдир-бирөө болууну каалагандай кылып, өздөрүн башкалар менен салыштырууга түрткү берет. Өздөрүн курбулары менен салыштырып, жаш кыздар алардын чачтары

жакшыраак экенин, алар заманбап модага ылайыктуу кийинерин, сонун, келишкен үйлөрдө жашап жатышканын, мектептеги жигиттерге да көрүнөрлүк, жагымдуураак экенин, мектепте өздөрүнө караганда жакшыраак окушаарын көрүшөт. Курдаштарын карап, жигиттер алардын бойлору узунураак экенин, күчтүүрөөк экенин, сыртынан караганда сулуураак экенин, алардын достору көбүрөөк экенин, алардын кийимдери кымбатыраак жана коозураак экенин, деги эле, алар жөндөмдүүрөөк жана таланттуураак экенин байкашат. Ошентип, өзүн башкалар менен салыштыруу жана мындай салыштыруулардын натыйжасында өнүккөн өзүн-өзү төмөн баалоо баланын аң-сезимине, турмуштагы өз мүдөөсүн түшүнүүсүнө зор зыян алып келет. Мен али өспүрүм жашына келе элек көптөгөн балдарды билем, алар эмитеден өздөрүн жек көрүшөт жана башка бирөөгө окшош болууну самашат. Кудай жараткан жаратман катары өздөрүн баалоонун жана Кудай берген жөндөмдүүлүктөрдү мүмкүн болушунча көбүрөөк өнүктүрүүнүн ордуна, алар бардык күчүн жумшап, башка бирөөгө окшош болууга аракеттенишүүдө, башкача айтканда, аларды эч качан канааттандыра албай турган нерсени издешүүдө. Бирок, биздин сыйынууларыбыз душмандын бул пландарын талкалоого жана балдарыбызга өздөрүн жана өз келечектерин чындыктын жарыгында көрүүгө жардам берүүгө жөндөмдүү.

Балдарым кичине кезинен баштап эле Кудайдан күйөөм экөөбүзгө балдарыбыздын жөндөмдүүлүктөрүн жана таланттарын ачып берүүсүн суранып, сыйына баштаган элем. Мен Теңирден аларды окутканга, тарбиялаганга жана аларга Кудай белгилеп койгон нерсени аткаруу үчүн алардын шыктарын өнүктүрүүгө жардам берүүгө акылмандуулук берүүсүн өтүнчүмүн. Мен өзүмдүн милдетим деп, Кристофер жана Аман-

дага өздөрүнүн наркын баалаганды жана кемчиликтерине көңүлүн бурбаганга жардам берүү экенин таптым. Балдарымдын өспүрүм жашына келген учурда бул милдетим олуттуу түрдө татаалдашканына байланыштуу, бул менин сыйынууларымдын туруктуу темасы болуп калды.

Бирок, мен үчүн балам менен кызыма Теңир менен тыгызыраак мамиле түзгөнгө жардам берүү маанилүү болгон, анткени ушинтип гана алар Кудайдын ой-пикирин түшүнө алышар эле. Алар Кудайдын Ким экенин билмейинче, *өздөрүн* да туура түшүнө албасын мен билчүмүн.

Ыйык Китепте Кудай биздин балдарыбыздын үстүнө Өз Рухун төгөөрүн убадалайт жана мындай дейт: «Ошондо алар чөптөрдүн арасында, суулардын жээгинде өскөн талдарга окшоп өсүшөт. Бири: «Мен Теңирдикимин», — дейт, ...дагы бирөө өз колу менен: «Мен Теңирдикимин», — деп жазат...» (Ыш. 44:4,5). Теңирге ишенип калган балдар өздөрүнүн ким экенин билишет. Алар Анын Ыйык Рухуна толушат жана Теңирге таандык экенин билишет. Сиз мындай сөздөрдү ишенимдүү түрдө айтып жаткан ар бир баланын жүзүндө кубанычты көрө аласыз: «Мен Теңирге таандыкмын». Сиз балаңыздын бактылуу болушун көрүүнү каалайсызбы? Анда эмесе, сыйына баштаңыз.

## Сыйынуу

**Теңир,** суранам Сизден: менин баламдын (кызымдын) үстүнө так бүгүн Өз Рухуңузду төгүңүз жана Сиз ойлоп койгондой болууга жана Сиз аны чакырып алган нерсени аткарууга аны баталаңыз. Теңир, Сиздин Сөзүңүздө айтылган: «Бир туугандар, ким кандай абалында

чакырылса, Кудай алдында ошол абалында калсын» (1 Кор. 7:24). Менин балам, Сиздин Сөзүңүз боюнча, эч качан Сиз белгилеп койгон максаттан четтебесин. Теңир, менин баламдын жашоосун бузууга умтулган, Сиздин ага берген белектериңизди уурдап кетүүгө аракеттенген, Сиз коюп койгон жолдон шектентип, чыгарууга аракеттенген, Сиз баталаган таланттарын жок кылууга аракеттенген шайтандык пландарын талкалаңыз. Менин балам эч ккачан Сизден башка эч кимдин артынан ээрчибесин, тескерисинче, өзү башка адамдарды Сиздин Падышалыгыңызга алып келип турсун. Ага Ыйсадагы ээ болгон бийлиги жөнүндө түшүнүүгө жардам бериңиз, бирок жүрөгүндө момундукту сактап, Сизге тил алчаак болсун. Анын ичинде күн сайын сүйүү, кубаныч, чыдамдуулук, такыбаалык, ырайымдуулук, ишеним, момундук, өзүн-өзү тыюу сыяктуу Ыйык Рухтун жемиши өсүп-өнүксүн (Гал. 5:22 караңыз). Менин балам (кызым) өзүнөн ар дайым Сиздин элесиңизди көрө алсын, өзүн Сиздин колуңуздагы курал деп эсептесин жана жашоонун чыныгы маңызы Сизде экенин билсин. Сиз ал үчүн белгилеп койгон багытка жараша өз алдына максат койгонду үйрөтүңүз. Ага өзүн өткөн мезгилден эмес, бирок, Сизге окшоп, келечектен караганга үйрөтүңүз. Менин балам анын жашоосу үчүн болгон Сиздин багытыңыз жакшылык, бейпил келечек жана үмүттү камтыганын так билсин (Жер. 29:11ди кара). Сизден гана келечекке үмүт көрүүнү үйрөтүңүз жана «...бизди иштерибиздин негизинде эмес, Өзүнүн каалоосунун жана

ырайымынын негизинде куткарган, ыйык чакыруусу менен чакырып алган, бул ырайым бизге кылым менен белгиленген убакыт башталa электен мурун Машайак Ыйса аркылуу көрсөтүлгөн» (2 Тим. 1:9) Сизди таанып билсин, Сиз аны ким кылып жаратkan болсоңуз, ошол бойдон ар дайым калсын жана күнүгө рухта бекемделип турсун.

## Сиздин сыйынууңузду таасирдүү кылганга жөндөмдүү болгон ЫЙЫК ЖАЗУУДАН АЯТТАР

Ал эми силер тандалган уруусуңар,
Падышанын ыйык кызмат кылуучуларысыңар,
ыйык элсиңер, Кудай энчилеп алган элсиңер. Силерди
караңгылыктан Өзүнүн ажайып жарыгына
чакырып алган Кудайдын улуу иштерин
жар салыш үчүн тандалгансыңар.
*1 Пет. 2:9*

Ыйык Жазууда жазылгандай,
«Кудай Өзүн сүйгөндөргө көз көрбөгөн, кулак укпаган,
адамдын оюна да келбеген нерсени
даярдап койгон».
*1 Кор. 2:9*

Мына ошондуктан,
бир туугандар, чакырылганыңарды
жана тандалгандыгыңарды уламдан-улам
бекемдөөгө аракеттенгиле. Анткени
ушундай кылсаңар, эч качан
мүдүрүлбөйсүңөр.
*2 Пет. 1:10*

Анын үстүнө, Кудайды
сүйгөндөргө, Анын каалоосу боюнча
чакырылгандарга бардык нерсе жакшылыкка
болорун билебиз. Анткени Кудай мурунтадан
билген адамдарын Өзүнүн Уулуна окшош кылууну

алдын ала белгилеп койгон. Анткени Ал бир
тууганадарынын туну болушу керек.
Кудай кимдерди алдын ала белгилесе,
ошолорду чакырды, чакыргандарын
актады, актагандарын
даңктады.
*Рим. 8:28-30*

Тур, жаркыра, Иерусалим,
анткени сенин жарыгың келди,
Теңирдин даңкы сенин
үстүңдөн чыкты!
*Ыш. 60:1*

## ОН БИРИНЧИ БӨЛҮМ

# БАЛАГА ЖАЛГАНДАН БАШ ТАРТЫП, ЧЫНДЫКТЫ ЭЭРЧҮҮНҮ КАНТИП ҮЙРӨТСӨ БОЛОТ

Биздин үй-бүлөдө балдарыбыз жакшы билген эреже бар: кээ бир жазык иштер үчүн жаза анча оор эмес, бирок жалган үчүн жаза ар дайым катуу жана бул жазадан качып кутулуу мүмкүн эмес. Биз жалганды бардык кылык-жоруктардын эң жаманы деп эсептейбиз, себеби бардык күнөөлөрдүн тамыры жалгандын ичинде болот. Ар бир кылмыш кимдир-бирөө жалганга ишенип калгандыктан же өзү жалган айткандыктан башталат. Кадыресе бардык жалганды актоолор (мисалы: «Мен калп айтпасам, каалаганыма жете албайм») дээрлик бардык учурда башка бир жалганга жол ачат.

Биздин кызыбыз али бөйтөйгөн кыз кезинде өзү каалаган нерселерге жетүү максатында «кичинекей куулуктарды» колдонууга аракеттенчү. Бирок, муну кылганга болбойт экенин ал тез эле түшүндү, анткени мындай амал-айлалары үчүн алган жаза алардын артыкчылыктарынан алда канча салмактуу эле. Биздин уулубуз болсо «майдачыланбастан», жалган айтса, чоң-чоң жалган айтып койчу.

Кристофер жети жашында, бир күнү Стивен деген курдашы менен так анын үйүнүн алдында бейсбол ойноп жаткан. Топ

коoз айнекке тийген, күрс-тарс эткен табыш угулганда, Стивендин апасы үйдөн чуркап чыкты. «Ким кылды?» — деп ал сурады. «Мен эмес» — деп Стивен жооп берди. «Мен эмес» — деп Кристофер айтты. «Стивен, терезеге топ менен сен тийген жоксуң деп айтып жатканың ыраспы?» — деп, апасы улантты. «Ооба, мен муну кылган жокмун деп айтып жатам» — деп уулу айтты. «Кристофер, терезени топ менен *сен* талкаладыңбы?» — деп, ал менин уулума кайрылды. «Эгер сиз муну мен кылганымды көрсөңүз, анда мен кылдым, ал эми көрбөсөңүз, демек, муну мен кылган жокмун» — Кристофер жайбаракат жооп берди. «Мен байкаган жокмун» — Стивендин апасы айтты. «Демек, мен айыптуу эмесмин», — деген жооп берилди.

Апасы бизге телефон чалып, болгон окуяны айтып бергенде, балабыз жалган ушунтип эле жабылып калат экен деген чечим чыгарып албашы үчүн кийлигишүүбүз зарыл экенин биз түшүндүк.

«Кристофер, эмне болгонун көргөн бирөө бар. Мүмкүн, сен өзүң эле бардыгын айтып берерсиң» — деп, балам мойнуна алып, тобо кылышы үчүн, мен ага кайрылдым. Ал башын шылкыйтып, минтти: «Макул, мен сындырдым». Мындан кийин биз аны менен Кудайдын Сөзү жалган жөнүндө эмне деп айтаары жөнүндө көпкө маектештик. «Шайтан — эң чоң жалганчы, — дедим мен, — ар бир жамандык жалгандан башталат. Адамдар жалган алардын жашоосун жеңилдетет деп ойлошот, бирок, чындыгында, бардыгы тескерисинче болот. Ал эми бул нерсе, сен жалган айтып жатканда, шайтан менен бирге бириккендиктен болот. Жалган айткан сайын сен өз жүрөгүңдө ага бир аздан орун бере баштайсың. Канчалык көп калп айткан сайын, ошончолук шайтандын жалган руху сенин жүрөгүңдү тезирээк ээлеп алат, анан бир күнү сен бул жалгандын агымын токтото албай калганыңды көрөсүң. Ыйык Жазуу айтат: «Жалган

тил менен тапкан байлык — бат тараган буу, андай байлыкка умтулгандар өздөрүнө өлүм издешет» (Накыл. 21:6). Башка сөз менен айтканда, сен жалгандын жардамы менен бир нерсеге ээ болом деп ойлойсуң, бирок чындыгында сен өз жашооңду талкалап гана жатасың. Андан көрө чындыкты айткан жакшы. Жалганың үчүн алган жазаң аягында сенин жалганыңдын натыйжасына караганда, чоң жакшылыкка айланат. Ыйык Китеп бизге убада берип жатпайбы: «Жалган күбө жазасыз калбайт, калп айткан адам качып кутулбайт» (Накыл. 19:5).

Бир нече убакыттан кийин Кристофер менден ошо күнү аны ким көргөнү тууралуу сурады. «Кудай — деп жооп бердим мен. — Ал сени көрүп турган. Мен дайыма Андан сен жөнүндө жана сенин карындашың жөнүндө мага бардык чындыкты ачып берүүсүн өтүнөм. Ал — Чындыктын Руху, түшүнүп атасыңбы?». «Бирок бул туура эмес, апа», — деди Кристофер. Бирок, ошондон кийин ал дайыма жалганын мойнуна алчу болду. «Мен сизге Кудайдан мурун айтканым жакшы го деп ойлодум», — дечү ал ар дайым.

Балдар таптакыр жалган айтпай кое алышпайт. Алар калп айтып жатышабы же жокпу деген суроо эмес, бул алардын адаты жана жашоо нормасы болуп кетпейби деген маселе турат. Ал эми иштин натыйжасы биздин бул нерсеге болгон мамилебизге жараша болот. Биз балага Кудайдын жалган жөнүндө эмне деп айтып жатканын баяндап бербесек, алар бул канчалык жаман экенин билишпейт; биз алардын жалгандарына көзүбүздү жуумп койсок, алар жалган айтса болот экен деп чечишет. Биз бул көйгөй үчүн азыртадан сыйынбасак, мезгил өткөндө, ачуу жемишин оруп алышыбыз ыктымал.

Ыйык Жазуу шайтан тууралуу төмөнкүчө айтат: «Силердин атаңар – шайтан, силер ошонун кумарлуу иштерин аткаргыңар келет. Ал башынан эле киши өлтүргүч болчу, чындык

боюнча жашаган жок, анткени анда чындык жок. Жалган айтуу – анын табияты. Анткени ал – жалганчы жана жалгандын атасы» (Жкн. 8:44). Жалгандын атасы ким экенин билип, биз анын уругу биздин балабыздын жүрөгүндө өсүп-чоңоюп келе жатканын жөн эле карап тура албайбыз.

Балдардын жүрөгүндөгү жана өзүбүздүн жүрөктөрүбүздө да ар бир жалгандын руху түп-тамыры менен жок болушу үчүн сыйынызыз. Кээде ата-энелер жалган үчүн жазаны жумшартып коюшат, себеби өздөрү да так ушундай күнөө кетиришет. Биз жалгандын жолунан баш тартып, балдарыбызга үлгү болуу үчүн, чындыктын жолунда жүрүүбүз керек. Биз элчи Жакан менен бирге: «Сенин балдарыңдын айрымдарынын Атабыздан алган осуят боюнча чындык жолунда жүргөнүн көрүп, мен аябай кубандым» (2 Жкн. 1:4) — деп айткыбыз келет. Биздин балдарыбыз жалгандын атасы менен бирдикте болушун каалабайбыз: биздин балдарыбыз жарыктын Атасы менен бирдикте болуусун тилейбиз (Жакып1:17 караңыз).

## *Сыйынуу*

**Теңир,** Сизге жалынам: менин баламды (кызымды) Сиздин Чындык Рухуңуз менен толтуруңуз. Анын ичинде чындыкты сүйгөн жана чындыктын артынан ээрчиген, жалган айтуу душман менен бирдик деп эсептеп, бардык жалгандан баш тарткан жүрөк жаратыңыз. Ал айткан же ойлогон жалган аркылуу анын жашоосуна сойлоп, кирген ар кандай өлүм рухунан көз карандылыктан бошотуңуз. Жалган анын жүрөгүнө Сизден алыстаткан, өзү менен дүрбөлөң, өлүм алып келе турган шайтанга эшикти ачаарын көрсөтүңүз. Аны ар кандай

жалгандын рухунан бошотуңуз. Менин балам эч качан шайтан аркылуу жалган менен алданбашы жана көзү тунарып, көрбөй калбашы үчүн, бирок ар дайым Сиздин чындыгыңызды ачык түшүнүшү үчүн сыйынам.

Менин балам бардык жашыруун сырлар эртедир-кечтир ачыкка чыгаарын билип, эч качан эч нерсени жашырбасын деп Сизден суранам. Эгер ошондой болсо, ал аны тобо кылууга алып келе турган ооруну жана кайгыны сезсинчи, анын жалганы өзүнө зыян алып келбесинчи. Мага балама жалгандын маңызын жеткире түшүндүрүп бергенге үйрөтүңүз жана бул билимин жашоодо колдонгонго жардам берүүнү үйрөтүңүз. Сиздин Сөзүңүздө айтылган: «Чындык Руху келгенде, силерди чындыкка үйрөтөт. Ал Өз атынан сүйлөбөйт, эмнени укса, ошону айтат жана силерге келечекте эмне болорун билдирет» (Жкн. 16:13). Сиздин Чындык Рухуңуз менин баламды ар кандай чындыкка багыттасын, ал эч качан жалганчы болбосун, бирок, Чындыктын Рухун ээрчиген, кебелбес, ички дүйнөсү туруктуу адам болсун.

## Сиздин сыйынууңузду таасирдүү кылганга жөндөмдүү болгон ЫЙЫК ЖАЗУУДАН АЯТТАР

Жалган сүйлөгөн тил Теңирдин алдында жийиркеничтүү, ал эми чындыкты сүйлөгөндөр Ага жагат.
*Накыл. 12:22*

Менин жаным кайгыдан алсырап бара жатат, мага Өзүңдүн сөзүң менен күч бер. Мени жалган жолдон алыстат, мага Өз мыйзамыңды бер.
*Заб. 118:28,29*

Сени ырайым менен чындык таштабасын. Буларды мойнуңа байлап ал, жүрөгүңдүн лоокторуна жазып ал, ошондо Кудайдын жана адамдардын алдында ырайым жана жакшылык табасың.
*Накыл. 3:3,4*

Ошондон кийин гана мыйзамсыз адам ачыкка чыгат, аны Теңир Ыйса оозунун деми менен өлтүрөт, Өзүнүн келгендеги көрүнүшү аркылуу жок кылат. Мыйзамсыз адамдын келиши шайтандын аракети боюнча болот.
Анын келиши ар кандай күчтөр, белгилер жана жалган ажайыптар менен...
коштолот.
*2 Тес. 2:8,9*

Эгерде Мени сүйсөңөр,
осуяттарымды аткаргыла. Мен Атамдан
өтүнүп сурайм, Атам силерге башка Сооротуучуну,
чындык Рухун берет: Ал түбөлүк силер менен болот,
бул дүйнө Аны кабыл ала албайт, анткени Аны көрө да,
биле да албайт. Ал эми силер билесиңер, анткени Ал
силер менен, силердин ичиңерде болот.
*Жкн. 14:15-17*

## ОН ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

# БАЛАНЫН ДЕН СООЛУГУ ЖАНА АЙЫГУУСУ ЖӨНҮНДӨ КАНТИП СУРАШ КЕРЕК

Менин кызым төрт жашында доктурлар анда өтө оор көз оорусун табышкан, алар хирургиялык кийлигишүүнүн зарылдыгына басым жасашкан, бирок операциядан кийин да ал өмүр бою калың линзалуу көз айнек тагынып жүрүүгө мажбур болот дешкен эле.

«Теңир, эмне, чынында эле менин кызыма ушундай тагдырды даярдап койдуңузбу? — деп сыйынууда мен Кудайга кайрылдым, — Бул эмне, менин жүрөгүмдө тынчтык болбой, дайыма бул тууралуу кабатыр болгондугумдун кесепетиненби?»

Күйөөм экөөбүз чогуу Аманданын айыгып кетүүсү үчүн сыйынып жүрдүк. Биз Кудайдан керек болсо бизге жардам бере ала турган башка доктурду көрсөтүүсүн суранып жаттык. Кийинки күнү Аманданын оорусу тууралуу эч нерсе билбеген биздин бир тааныш телефон чалып калды, бактыга жараша, ал Лос-Анджелестеги балдар ооруканасынан ушул тармактагы мыкты адис жөнүндө маалыматы бар болуп чыкты.

Мен Аманданы ошол доктурга алып бардым. Кылдаттык менен өткөрүлгөн текшерүүдөн кийин ал бизге укмуштай жаңы-

лык жарыя кылды: коррекциялай турган линзалар биздин проблеманы чече ала турган болуп чыкты, ал эми операцияны таптакыр жасабаса деле болору анык болду. Кандай жеңилдикти сезгенибизди элестетип көрүңүз! Биз ал доктурга Аманданы толук ишенимдүүлүк менен тапшырдык, бирок, ал үчүн сыйынууну токтоткон жокпуз.

Сегиз жыл бою Аманда талаптуу түрдө медициналык катуу көзөмөлдүн алдында контакт линзаларын тагынып жүрдү. Албетте, күнүгө эртең менен аларды тагынып, кечинде чечүү абдан көп чарчатуучу иш болчу. Канча жолу ал жоготуп алганда, мен мектептеги оюн аянтчасына чуркап барып, аларды издегенимчи! Бирок биз мунун баарынан өтүп, үзгүлтүксүз текшерип көрүү күндөрүнүн биринде доктур: «Эми контакт линзалары да, андан бетер, операция да сага кереги жок. Сенин көздөрүң түзүк!» — дегенин уккан күнгө да жеттик. Биз бактыга толуп, Анын жетеги жана сыйынууларыбызга жооптору үчүн Кудайга ыраазычылыгыбызды билдирип жаттык.

Балдарыбыз ооруп калган учурда — грипп болобу, суук тиеби, же жара пайда болобу, биз ар дайым сыйынчубуз жана Теңир дайыма бизди укчу. Керек болгондо биз доктурларга кайрылчубуз, себеби Теңир доктурлар аркылуу да айыктырат. Бирок Ыйык Китеп мындай дейт: «Ким ооруп жатса, ал Жыйын башчыларын чакыртсын. Алар аны Теңирдин атынан зайтун майы менен майлап, ал үчүн сыйынышсын. Ишеним менен сыйынганда, оорулуу айыгат, Теңир аны бутуна тургузат. Эгерде оорулуу күнөө кылган болсо, күнөөлөрү кечирилет» (Жкп. 5:14,15). Бардыгын сыйынуудан башташ керек, андан кийин гана, зарыл болсо, доктурларга кайрылуу керек, айыккандан кийин, шектенбеш керек.

Уулубуз бул китептин башында өзү баяндап кеткен автомобиль кырсыгына кабылганда, анын далысы жана тизелери көп

жабыркады эле. Биз дароо анын айыгуусу үчүн сыйына баштадык, ошол эле учурда ооруканада аны толук текшерүүдөн өткөрүү үчүн кам көрдүк. Биз анын толугу менен айыгып кетүүсү жөнүндө сыйынуубузду уланттык, анткени далысындагы же бутундагы оору анын жашоосун бузушун таптакыр каалаган жокпуз. Кырсыкта айыптуу болгон автомобиль айдоочунун камсыздандыруу компаниясынан биз тарткан зыяндын ордун толуктоо жөнүндөгү маселени чечүү үчүн телефон чалышканда, мен капысынан Ыйык Китептен так, *даана* бир аятты уктум: «Сени болсо сакайтам, жараатыңдан айыктырам...» (Жер. 30:17). Менин балам сакайды деген толук ишенимим бар болчу, биз болсо алардын төлөй турганынан таптакыр баш тартышыбыз керек эле. Кудай менден: «Сага айыгуу керекпи же акча керекпи?» — деп сурап тургандай болду.

«Мага айыгуу керек, Теңир, ыраазымын Сизге» — деп, мен эч олку-солку болбой, жооп бердим.

Албетте, камсыздандыруу төлөмдөрүн кабыл алууга макулдук ишеними аз дегенди билдирбейт. Бирок, бул учурда биз ал төлөмдөн баш тартып, туура кылдык деп ойлойм. Кудай биздин сыйынууларыбыз аркылуу оорулуу адамды сакайтканда, биз өзүбүздү мындай айыгуу болбогондой алып жүрбөшүбүз керек.

Ыйык Жазуулар айыктыруу убадаларына мол. Дөөт айткан: «Менин жаным, Теңирди даңкта, Анын бардык жакшы иштерин унутпа. Ал сенин бардык мыйзамсыз иштериңди кечирет, сенин бүт ооруларыңды айыктырат» (Заб. 102:2,3). Ыйса биздин күнөөлөрүбүздү кечирүүчү жана денелерибизди айыктыруучу Теңирибиз болгусу келет. Келгиле, Андан балдарыбыздын ден соолуктары жана айыгуулары үчүн мындай муктаждык пайда болгонго чейин, алдын-ала сурай баштайлы.

## Сыйынуу

**Теңир,** Сиз Өз Сөзүңүздө бири-бирибиз жөнүндө айыгуубуз үчүн сыйынып турууну буйругансыз жана мен менин баламдын ден-соолугу жана айыгуусу үчүн сыйынам. Мен Сизден эч кандай оору же же эч кандай келдик баламдын жашоосун бузбаса экен деп суранам. Аны ар кайсы оорудан сактаңызчы, мен Сизден өтүнөм. Сиздин Сөзүңүздө жазылган: «Ал Өз Сөзүн жиберип, аларды айыктырды...» (Заб. 106:20). Менин баламдын денесинин кайсы гана бөлүгүндө кандайдыр-бир оору жашырынып алган болсо, Теңир, суранам Сизден: Өз колуңузду тийгизиңиз жана айыктырыңыз, менин балама толук сакаюу белек кылыңыз.

Аны ар кандай оорулардан жана жабыркоолордон сактаңыз. Өзгөчө мен Сизден анын (ооруп жаткан органын атап) айыктырышыңызды өтүнөм. Эгер биз доктурга кайрылышыбыз керек болсо, биз ишене ала турган адисти көрсөтүп бериңиз жана ага дарылоонун жолдорун жана ыкмаларын жеткилең түрдө билүү акылмандыгын бериңиз.

Теңир, биз куткарылышыбыз үчүн Сиз азап чегип, өлгөнүңүз үчүн ыраазымын. Мен Сизден ишенгендерге Өз Сөзүңүздө берген айыктыруу жөнүндөгү убадаңызды аткарышыңызды суранам. Менин балама толук айыгуу жана бекем ден-соолук берериңизди мен күтөм.

## Сиздин сыйынууңузду таасирдүү кылганга жөндөмдүү болгон ЫЙЫК ЖАЗУУДАН АЯТТАР

Бирок Ал биздин күнөөлөрүбүз
үчүн жарадар болду, биздин мыйзамсыздыктарыбыз
үчүн кыйналды. Бизге тынчтык болуш үчүн,
Ал жазага тартылды, биз Анын жарааты
менен айыктык.
*Ыш. 53:5*

Ошондуктан айыгышыңар үчүн,
бири-бириңерге күнөөлөрүңөрдү ачык айтып,
бири-бириңер үчүн сыйынгыла. Адил адамдын
күчтүү сыйынуусу көп нерсени аткара алат.
*Жкп. 5:16*

Силер үчүн болсо, Менин
ысымымдын алдында коркуп тургандар,
чындыктын Күнү чыгат, Анын нурларында
айыгуу бар, силер чыгып, семиз букачарлардай
оюн саласыңар.
*Мал. 4:2*

Анткени силер ушуга
чакырылгансыңар. Себеби Машайак
да биз үчүн азап тарткан. Анын изи менен
басышыбыз үчүн, Ал бизге үлгү калтырып кеткен...
Күнөөдөн арылып, адил жашашыбыз үчүн,
Ал биздин күнөөлөрүбүздү Өзүнүн денеси менен

жыгачка көтөрүп чыкты. Силер Анын
жарааты менен айыктыңар.
*1 Пет. 2:21, 24*

Ошондо сенин жарыгың
таң шооласындай төгүлөт, айыгууң тез
арада келет, чындыгың алдыңда жүрөт,
Теңирдин даңкы сени
коштоп жүрөт.
*Ыш. 58:8*

## ОН ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

# БАЛАГА ӨЗ ДЕНЕСИ ЖӨНҮНДӨ КАМ КӨРҮҮНҮ КАНТИП ҮЙРӨТСӨ БОЛОТ

Биздин балдарды бул дүйнөдөгү консерваланган жана табигый эмес азык-түлүктөрдүн арасында жалгыз калтыра турган болсок, алар туура эмес тамактанышары анык. Биз жеп жаткан азык-түлүктөрдүн көбү ушунчалык көп жолу тазалангандыктан, алардын ичине ушунчалык көп кошумчалар кошулгандыктан жана көп нерсе алынгандыктан, мындай тамактын азыктык баалуулугу жөнүндө эч сөз да жүргүзбөсө болот. Бирок, балдардын муну менен иши жок. Аларга ушундай тамак жагат, себеби ал көзгө жагымдуу, жагымдуу жыты бар жана даамы жакшы, андан сырткары, бардык жерде жарыяланып жатса, анда иштин бүткөнү десек болот. Сиздин жубайыңыз, менин күйөөм Майклга окшоп, мындай азык-түлүктү жанындай жакшы көргөн болсо жана ар дайым өзү үчүн, балдар үчүн үйгө алып келип турган болсо, анда сиздердин жашоо ого бетер татаалдашат. Бир күнү, мен үйгө келип, атасына каратып коюп кеткен он айлык баламдын бөтөлкөсүнүн ичинде коланы көргөндө, мен айран-таң калганым эсимде. Ошондо

менин бул абалдан куткарылуум болуп сыйынуу гана эсептелерин мен түшүндүм.

Мен өз үй-бүлөмдү жагыштуу тамакка үйрөтүү үчүн жана балдарымды туура тамактануу адаттарын үйрөтүү үчүн көп аракет жасадым. Эмне болсо да, менин туура ой-пикиримди жактап, алар менен талашып-тартышканга да даяр элем.

«Мен чыдай албайм. Биздин гана үйдө кадимкидей тамак жок» — менин балам чын эле жийиркенип сүйлөнчү эле. «Биздин үйдөгү жагыштуу тамак ушунчалык жагыштуу, андан, жада калса, кускуң келет» — деп, кызым да аны жактачу.

Мен «Уруш-талаш кетпеген үйдөгү толо эттен тынч жашаган үйдөгү бир сындырым каткан нан артык» (Накыл. 17:1) — деген сөзгө ишенгендиктен, мен өзүмдү-өзүм кармангангa аракет кылып, сезимдериме алдырбаганга тырышып жүрдүм. Аларга эскертип туруш үчүн ар дайым алардын жанында болбосом, туура тамактанууну үйрөтө албасыма көзүм жетчү. Сыйынуу аркылуу аракеттенген Кудайдын күчү гана абалды өзгөртө алды.

Дээрлик бардык адамдар денеси үчүн туура кам көрүү маселесинде кыйынчылыктар менен кездешет. Ден соолук жөнүндөгү китебим жана мен иштеп-чыгарган дене көнүгүүлөрдүн видеокурсунун жардамы менен мен бул көйгөй тууралуу чындап тынчсызданган көптөгөн адамдар менен тааныштым, алардын арасынан муң басып, үмүтү үзүлгөндөр аз эмес. Биз балдарыбыздын жашоосунда мындай көйгөйлөр пайда болбошу үчүн аларды сыйынууда колдоп турбасак, түшүндүрүп турбасак, жакшы адаттарга көндүрбөсөк, анда биз аларга жакшылык кылган жокпуз десек болот.

Балдарыңыз али кичине болсо, алар жагыштуу тамакты жана дене көнүгүүлөрүн жакшы көрүп калышсын деп, өз

денелерине туура кам көрүүнү үйрөнүшсүн деп эмитеден сыйына баштаңыз. Андай болбосо, өспүрүм жашына чейин аларда жаман адаттар пайда болуп калышы мүмкүн, ошондо бир нерсени өзгөртүүгө кеч болот. Буга мисал болуп, биздин өспүрүм жана студент кыздарыбыздын жана уландарыбыздын тамактануусун карасак болот. Ошондуктан, кеч боло электе, сыйына баштаңыз.

Эгер балдарыңыз бойго жетип калган мезгил болсо, сыйынууну дагы дале кайсы бир учурга калтыра бербеңиз. Соргоктук менен ооруган жаш аялдар же тескерисинче, тамак жегенге көөнү ачылбаган аялдар өз денесинин каалоолору менен күрөш жүргүзүү гана эмес, руханий күрөш жүргүзүүгө да аргасыз болушат. Алардын кээ бирлери ашыра көп тамак жеп коюу адатына кул болуп беришкен, бул болсо Кудайдын окутуусуна таптакыр каршы нерсе жана жашоону уюштуруунун Кудайлык негиздерине туура келбейт. Мен мындай ооруга чалдыккан көптөгөн аялдарды билем. Сыйынуучу ата-энелери бар болгон ал аялдардын арасынан кээ бир бактылуулары өздөрүнүн үстүнөн жеткен жеңиштери жөнүндө далай ирет күбөлөндүрүшөт. Башкалары болсо, анчалык ийгиликтүү болбогондору, оор абалга дуушар болушту.

Балаңыз денеси жөнүндө туура кам көрө алышы үчүн, ага Ыйык Рухтун жетеги жана күчү керек. Сиздин сыйынууларыңыз ага жеңилип калуулардан, үмүт үзүлүүдөн жана көңүл чөгүүдөн качып кутулууга жардам берет. Убагында сиз үчүн да кимдир-бирөө сыйынбагандыктан өкүнүп жаткан жоксузбу? Мен өкүнөмүн.

## *Сыйынуу*

**Теңир,** балам (кызым) үчүн мен өз сыйынуумду Сизге көтөрөм жана суранам: анын ичине жагыштуу тамак менен тамактануу каалоосун салыңызчы. Жашоосунда ал өмүрдү эмес, өлүмдү камтыган жагымсыз азыкты тамактануусунда колдонуу азгырыгына далай жолу кабыларын мен билем. Ал үчүн *эмне* жакшы экенин, ал эми *эмне* зыян экенин түшүнүүгө ага жардам бериңиз; жакшы тамакты ичип-жегенге каалоо бере көрүңүз жана сапатсыз тамактардан аны сактаңыз.

Суранам Сизден: менин баламды тең салмаксыз диеталар менен кызыгып кетүүдөн сактаңызчы. Ыйса Машайакта мага берилген бийлик менен (Лука10:19 караңыз) мен балам үчүн арачылык кылам жана ар кандай жаман адаттарга, ар тамактардан көз карандылыкка, ар соргоктукка, ар кандай ачкачылык тутууларга жана иретсиз тамактанууларга «жок» деп айтам.

Теңир, Сиз Өз Сөзүңүздө: «Ошондо чындыкты билип каласыңар жана чындык силерди эркин кылат» (Жак. 8:32) — деп айткансыз. Менин балама зыяндуу адаттардан бошонуш үчүн кантип жашаш керектиги жөнүндө чындыкты ачып бериңиз. Туура тамактануу каалоосу менен бирге Сиз анын ичине үзгүлтүксүз түрдө дене көнүгүүлөрүн жасап турганга, таза суудан көп ичип турганга жана жашоосундагы көптөгөн стресстерден Сиздин осуяттарыңыз боюнча, аларды аткаруу менен чыкканга каалоо салып бериңиз. Ар кыйын абалда ал Сизге: «Теңир, мага Өзүңдүн жолуңда жүргөндү

үйрөт...» (Заб. 26:11) — деген сөздөр менен кайрылсын. Анын денеси — Сиздин Ыйык Рухуңуздун ийбадатканасы экенин ага ачып бериңиз.

Мен Сизден суранам, менин балам Сиз берген денени бааласын, сактасын жана кам көрсүн. Ал өз денесине сын көз караштa болбосунчу, ал өзүн коомдук пикирге жана адамдык кабыл алууларга жараша изилдебесинчи. Менин балам кандайдыр-бир модалуу умтулууларды ээрчүүгө мажбурлап жаткан дүйнөлүк журналдар, телекөрсөтүүлөр жана кинолор таңуулаган азгырыктардан толугу менен эркин болсун деп сыйынам. Ал: «Курулай убаракерчиликтен көзүмдү бур. Өз жолуңда жүрүүгө күч бер» (Заб. 118:37) — деп айта алсынчы. Чыныгы жагымдуулук анын ичинде жашаган Ыйык Рухтун сулуулугунда экенин ага көрсөтүңүз. Чыныгы сулуулуктун булагы — Кудайды сүйгөн жүрөктө экенин ал таанып-билсинчи.

Ал туура жашоо образынын жана денелик жагымдуулуктун түшүнүктөрүн Сиздин окутууңуздун негизинде түзсүнчү. Сиздин Ыйык Рухуңуздун ийбадатканасы болгон өз денеси жөнүндө кам көрүүгө ага чоң каалоо бериңиз.

## Сиздин сыйынууңузду
## таасирдүү кылганга жөндөмдүү болгон
## ЫЙЫК ЖАЗУУДАН АЯТТАР

Же эмне, денеңер силердин
ичиңерде жашаган Ыйык Рухтун
ийбадатканасы экендигин, Ал Рухту Кудайдан
алганыңарды жана өзүңөрдүн өзүңөргө таандык
эмес экениңерди билбейсиңерби? Силер кымбат баада
сатылып алынгансыңар, ошондуктан Кудайды
денеңер менен да, рухуңар менен да даңктагыла,
анткени анын баары Теңирдики.
*1 Кор. 6:19,20*

Ким Кудайдын ийбадатканасын талкаласа, аны Кудай
талкалайт. Анткени Кудайдын ийбадатканасы ыйык, ал эми ал
ийбадаткана силерсиңер.
*1 Кор. 3:17*

Ошондуктан, бир туугандарым, Кудайдын боорукердиги менен
силерден өтүнөмүн: Кудайга өзүңөрдүн денеңерди тирүү, ыйык
жана Ага жага турган курмандык катары бергиле. Бул силердин
рухий кызматыңар болот.
*Рим. 12:1*

Теңирибиз Ыйса Машайак менен тыгыз байланышта болгула.
Денеге кам көрүүнү кумарга айландырбагыла.
*Рим. 13:14*

Ошентип, ичсеңер да, жесеңер да, эмне кылсаңар да, баарын
Кудайды даңкташ үчүн кылгыла.
*1 Кор. 10:31*

## ОН ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ

# БАЛАДА ОКУУ ЖАНА КУДАЙДЫ ТААНЫП-БИЛҮҮ КААЛООСУН КАНТИП ПАЙДА КЫЛЫШ КЕРЕК

Менин мектепте окуган жылдарым мен үчүн психологиялык оор сыноо учуру болгон, ошол эле учурда сабактар мен үчүн жеңил эле. Ушул себептенби, мен эч качан балдарымдын мектептеги ийгиликтери үчүн сыйынбаптырмын. Бул нерсе биздин балдардын биринде дислексия* аттуу оору табылганга чейин созулду. Биздин бала өзгөчө зээндүү жана зирек бала болгондуктан, анын окуусунда кандайдыр-бир кыйынчылыктар болот деген ой менин башыма келген да эмес эле. Менин жолдошум экөөбүзгө балдарыбыздын мектептеги окуусу дайыма эле чексиз күрөшкө айланганы менен, биз, буга карабастан, анын окуусундагы кыйынчылыктар бизге ачык-айкын болуп калган күнгө чейин, медициналык текшерүүлөр менен далилденгенге чейин балабыз менен эмне болуп жатканын түшүнгөн эмеспиз. Бул нерсе аркылуу биздин далай жолу үрөйүбүз учкан учурлар болгонуна карабай, ар дайым биздин жардамчыбыз сыйынуу

* Окууну билүү жөндөмдүүлүгүнүн бузулушу

болду. Менин күйөөм, мен жана биздин ишенүүчү досторубуз балабыздын толук айыгып кетүүсү үчүн жана Теңир бизге сооротуусун берүүсү жөнүндө жана бул нерседе да балабыздын өзгөчөлүгүн көрүүнү үйрөтүүсүн суранып, сыйынууну улантып жаттык.

Биз баарыбыз бир нерседе жеткилең эмеспиз. Бакытка жараша, Кудай биздин кемчиликтерибизди Өз күчү менен толуктайт экен. Ыйык Жазуулар мындай дейт: «Биз өзүбүз бир нерсе жөнүндө ойлонууга жөндөмдүү эмеспиз, биздин жөндөмдүүлүгүбүз Кудайдан» (2 Кор. 3:5). Бул убада аткарылды: Кудай балабызга мектепти ийгиликтүү аяктаганга жардам берди, ал эми биз болсок, бул жылдар ичинде чыныгы билимди жана акылмандыкты бизге Теңир берерине көзүбүз жетти.

Ыйык Китеп бизге Кудайды таанып-билүү Аны жана Анын жолдорун ардактап-урматтоодон башталат деп үйрөтөт. Биз Анын сөздөрүнө кулак төшөсөк, Анын осуяттарын жүрөгүбүздө сактасак, Анын жолдорун туура түшүнүүгө аракеттенип жатсак жана Кудайдан бул нерседе жардам сурасак, катылган кенчти издегендей акылмандыкты да ушунчалык чыдамсыздык менен издесек, ошондо биз Кудайды таанып-биле алабыз (Накыл. 2:1-12 кара). Ал эми Кудайды билүү канчалык ченемсиз! Ал билим ушунчалык зор, ал бизди жамандыктан коргоп турган калканга окшош.

Баланын окууга жөндөмдүүлүгү жана анын билимге умтулуусу анын табыгий сапаттары эмес. Ошондуктан биз бала эненин курсагында жаткан мезгилден баштап эле бул жөнүндө сыйына алабыз: «Теңир, бул баланы күчтүү акылдын жана сак-саламат дененин биримдигинде Сиз Өзүңүз токуңуз, жана Сиз анын түбөлүк Мугалими болуңуз». Канчалык биз бул жөнүндө эрте сыйына баштасак, ошончолук жакшы. Балаңыз канча жашта болбосун — сиздин сыйынууларыңыз анын жа-

шоосунда абдан көп нерсени түп-тамыры менен өзгөртүүгө жөндөмдүү.

## Сыйынуу

**Теңир,** мен баламдын Сиздин алдыңызда жана Сиздин жолдоруңуздун алдында терең урматтоону, ардактоону сезиши үчүн сыйынам. Ал Сиздин Сөзүңүздү өз жүрөгүндө кенч сыяктуу сактасынчы жана алтынды же күмүштү издегендей, билимди жана акылмандыкты издесин. Ага таза акыл, таанып-билүү рухун жана окууга жөндөмдүүлүк бериңиз. Ага окуу каалоосун, билим жана ар шыктарга ээ болуу каалоосун бериңиз жана бул нерседе аны кубаныч коштоп жүрсүн. Бирок, эң негизгиси, балам Сизден үйрөнсүн, анткени Сиздин Сөзүңүздө жазылгандай, балдарыбыз Сизден үйрөнүшсө, алардын жүрөгүндө тынчтык болот. Жазууларда жар салынган: «Акылмандыктын башталышы — Теңирден коркуу. Акылмандык менен акыл-насаатты акылы жоктор гана жек көрүшөт» (Накыл. 1:7). Менин балам эч качан окуудан баш тарткан акылы жоктой болбосун, тескерисинче, ал өзү муктаж болгон билимди издеп, Сизге кайрылсын.

Менин балам (ысымы) атасынын жана энесинин акылмандыгын сыйласын жана алардан жана Сиз анын жашоосуна алып келген мугалимдерден үйрөнүүнү кааласын деп суранам. Аларды сактаңыз, Теңир, алар дайыма ишенүүчү жана Кудайдан корккон адамдар болушсун, алар менин баламды жакшылыкка үйрөтүүчү болушсун. Анын жашоосунда эч качан Сиздин жолдо-

руңуздан четтеткен жана өзүнүн мугалимдик милдетин аткарбаган мугалимдер болбосун. Балама мугалимдери менен тил табышканга үйрөтүңүз, алар менен ар дайым жакшы мамиледе болсун. Анын билимге болгон жолундагы ар кандай тоскоолдуктарды алып сала көрүңүз, окуу ал үчүн оор күрөшкө же кыйынчылыктарды жеңүүгө гана айланып калбасын. Ага таза акыл, жакшы эстеп калуу жөндөмдүүлүгүн бериңиз жана баламды өз окуу процессин туура, акылмандуулук менен уюштуруууга үйрөтүңүз. Ал шыктуу окуучу болсун.

Мен балама Сиздин Сөзүңүз боюнча мындай деп айтам: «Жүрөгүңдү билимге кой, кулагыңды акылдуу сөздөргө төшө» (Накыл. 23:12). жана «Теңир болсо сага бардыгын түшүнүүгө жардам берет» (2 Тим. 2:7). Теңир, Сизди жана Сиздин Сөзүңүздү таанып-билүүдөн кубанычты сезгенге ага жардам бериңизчи.

## Сиздин сыйынууңузду таасирдүү кылганга жөндөмдүү болгон ЫЙЫК ЖАЗУУДАН АЯТТАР

Сенин уулдарыңдын баарын
Теңир үйрөтөт, уулдарыңда
улуу тынчтык болот.
*Ыш. 54:13*

Бул сөздөргө акылман адам
кулак төшөп, билимин арттырат, акылдуу
адам акылдуу кеңештерди табат.
*Накыл. 1:5*

Элим Мени таанып
билбегендиктен кырылды. Сен таанып
билүүнү четке каккандыктан, Мен да сени
Менин алдымда ыйык кызмат кылуудан четтетем.
Сен өз Кудайыңдын мыйзамын унуткандыктан,
Мен да сенин балдарыңды унутам.
*Ош. 4:6*

Акыл-насааттарды бекем карма,
аны таштаба, сактап жүр, анткени
ал сенин өмүрүң.
*Накыл. 4:13*

Уулум! Эгерде менин
сөздөрүмдө кабыл алсаң, менин
акыл-насааттарымдысактасаң, кулагыңды
акылмандыкка төшөсөң, жүрөгүңдө ой жүгүртүүгө

бурсаң, билимди чакырсаң, акылга кайрылсаң,
аны күмүш менен кенчти издегендей издесең,
Теңирден коркуу деген эмне экенин
түшүнөсүң, Кудай жөнүндөгү
билимге жетесиң.
*Накыл. 2:1-5*

## ОН БЕШИНЧИ БӨЛҮМ

# БАЛАДАГЫ КУДАЙДЫН БЕЛЕКТЕРИН — ТАЛАНТТАРЫН ЖАНА ЖӨНДӨМДҮҮЛҮКТӨРҮН КАНТИП АНЫКТАШ КЕРЕК

Мен балдарым төрөлгөндөн баштап эле дароо Анын аларга белек кылган таланттарын ачып берүүсүн Кудайдан сурана баштагам жана Өзүнүн даңкы үчүн жөндөмдүүлүктөрүн эң жакшы өнүктүргөнгө аларга жардам берүүсүн сурангам. Балдарыбыз кичине кезинде эле аларда музыкалык жөндөм бар экени анык болгон, мен Кудайдан балдарыбыздын таланттары «жерге көмүлүп» калбашы үчүн, эмне кылышыбыз керектигин күйөөм экөөбүзгө көрсөтүүсүн сурангам.

Кристофер төрткө чыкканда, биз аны өзү бир топ жөндөмдүүлүгүн көрсөтүп жүргөн фортепианодо ойногонго үйрөтүүнү чечтик. Бирок, бир нече жылдан кийин анын музыкалык сабактарына кызыгы кетип калды. Ошондо Кудай мага баламдын талантын «жерге көөмп коюуга» менин укугум жоктугун түшүндүрдү. Ошондуктан мен: ар бир музыка сабагы үчүн мен алты жашар балама 25 центтен төлөп турам деген чечим кабыл алдым. Бул чечим мага Ыйык Рухтан келгени анык, себеби ошол күндөн жыйырма жашка толгонго

чейин мен Кристоферден фортепиано сабактары тууралуу бир да нааразылык уккан жокмун. Эми мен өзү көптөн бери кыялданып жүргөн какма музыкалык аспаптарда ойногонго үйрөнүүгө мезгил жетти деп сездим. Бул жолу мен уулумдан сабактарга көңүл бөлүүнү суранууну кажети жок болду; бардыгы так тескерисинче болду.

Азыр Кристофер электрондук клавиштүү аспаптарда, какма аспаптарда жана бас-гитарада ойнойт, бирок өз ырларына обонду ушул убакка чейин ал фортепианодо жазат. Ошол эле фортепианодо ал аранжировкалайт. Анын музыкалык ийгиликтерин мугалимдери бул аспапты терең билүүсү менен түшүндүрүшүүдө, ал эми бул билимди бала чагындагы сабактарда алган, албетте, бул Кудайдын эрки менен ишке ашкан.

Мен кызыбыздын ырга жөндөмүн өнүктүрүүдө да Ыйык Рухтун жетектөөсүн сезип тургам. Душман балдарыбыздын таланттарын өзүн даңазалоо үчүн, же жок дегенде Кудайдын даңкы үчүн аларды колдонуусуна тоскоол кылуу үчүн аракеттенгендиктен, биз бул көйгөй тууралуу сыйынууга милдеттүүбүз. Балдарыбыздын жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүгүүсү үчүн сыйынуу бизден чыдамдуулукту талап кылат, себеби максатка жетүү оңойго турбайт.

Балдарымдын жашоосунда аларды учурдагы музыкалык искусство өзүнүн бардык татыксыз сырткы атрибуттары — кийимдери, кээ бир музыканттардын жашоо образы менен абдан кызыктырган учур (12-14 жаш) болгон. Күйөөм экөөбүз балдарыбыз менен эмес, күрөштү биз шайтан менен жүргүзүп жатканыбызды билип турдук, ошондой эле, биз алардын берилип, кызыккан нерселери тууралуу өзүбүздүн салмактуу сөзүбүздү айтышыбыз керек экенин жана уруксат берилген нерселердин чектерин так белгилеп турган эрежелерди орнотушубуз керек экенин, так айтканда, алар угууга уруксат

берилген музыкалык чыгармалардын көлөмүн белгилеп беришибиз керек экенин да билчүбүз. Бул биз балдарыбызга заманбап музыканы угууга түк уруксат бербедик дегенди билдирбейт; чындыгында, биз алардын жасаган ар бир иши Кудайдын даңкы үчүн жасалышы керектигин так билчүбүз, анткени Кудай аларды ушуга чакырган.

Биз балдарыбыздын көздөрү дүйнөлүк азгырыктардан бурулуп, алар үчүн белгиленген Кудайдын багытына кайрылышы үчүн сыйынууда болдук. Биз балдарыбыз кайсы эшикке кириши керек болсо, ошол эшиктердин бардыгы ачылышы үчүн, жана кайсы эшиктерден кирүү аларга зыян алып келе турган болсо, ал эшиктер жабылышы үчүн Теңирден суранчубуз. Сыйынууларыбызга көп жолу жооп алдык. Мисалы, бир жолу Кристоферге ар түрдүү музыкалык топтордун гастролдук бир нече жүрүштөрүнө катышууга чакырык келген. Күйөөм экөөбүздүн жүрөгүбүз тынчсызданып, уулубуздун бул ишти туура кылып жатканына шектенип жаттык. Ал 18ге чыккан маалда, аны «Sparrow Records» аттуу машайакчылык музыкага адистелген үн жазуучу компанияга — ошол учурда ал жерде даңктоо гимндеринин альбомун чыгарууга даярданып жатышкан эле — ыр жазуу үчүн, аранжировкалоо үчүн чакырышты. Бул жолкусунда күйөөм экөөбүз бул сунуш Кристофердин музыкалык талантын Теңирдин даңкы үчүн колдонууга мүмкүнчүлүк болушу үчүн сыйынууларыбызга жооп катары Кудайдан келгенин так билдик. Бирок, бул жолу биз сыйынуубузду токтотуп койгон жокпуз. Биз музыкалык бизнестин көшөгө артындагы жашоосу жөнүндө жакшы билебиз жана дал ошол учурда жаш машайакчы үчүн гастролдоп жүргөн жашоонун азгырыктары жана кызыктыруулары туудурган коркунучту даана түшүнүп турдук. Ошондуктан, бүгүнкү күнү да биз Кристофер Кудайдан алган талантына жоопкер болушу

үчүн жана ошол талантты Аны даңктоо үчүн колдонушу үчүн сыйынууну улантуудабыз.

Сиздин балаңызга Теңир кандай жөндөмдүүлүктөрдү жана таланттарды белек кылган? Сиз көрбөй турсаңыз да, алар ар бирөөндө бар, себеби «...ар бир адамдын Кудайдан алган рухий жөндөмдүүлүгү бар, бири мындай болсо, экинчиси тигиндей» (1 Кор. 7:7). Кээде, ата-энелик сыйынуу алардын сыртка чыгып, белгилүү болушуна жардам берет.

Кудай сизге балаңыздын кереметтүү келечегинин сырын ачып берип жатканда, сыйыныңыз, бирок, ал келечек келиши үчүн сүйүү менен сыйыныңыз. Ыйык Китеп мындай дейт: «Өз ишин жакшы билген адамды көрдүң беле? Ал жөнөкөй адамдардын алдында эмес, падышалардын алдында турат» (Накыл. 22:29). Жогорудан берилген таланттарды өнүктүргөнгө балаңызга жардам беришин Кудайдан сураныңыз жана уулуңузга (кызыңызга) анын бул дүйнөдө улуу максаты, таалайы бар экенин түшүндүрүңүз.

Ар бир баланын таланты бар, анын өз убагында ачылышы, өнүктүрүлүшү жана Теңирдин даңкын арттырууда колдонулушу үчүн сыйынышыбыз керек.

## *Сыйынуу*

**Теңир,** менин баламдын жөндөмдүүлүктөрү жана таланттары жөнүндө арачы болуп, Сиздин алдыңызга келем. Суранам: аларды көргөнгө жана Сиздин даңкыңыз үчүн колдонгонго жардам бериңиз. Менин балама жана мага анын жөндөмдүүлүктөрүн ачып бериңиз жана аларды өрчүтүп-өстүрүү үчүн так эмне кылышыбыз керектигин көрсөтүңүз. Бул таланттарды

Сиз көрсөткөн багытта жана Сиз белгилеген убакытта өнүктүрүүгө бизге жардам бериңиз.

Сиздин Сөзүңүз «ырайымынын негизинде» (Рим. 12:6) белек кылынган жөндөмдүүлүктөрдү ачыкка чыгаруубузду буйруйт. Балам өзүнүн жөндөмдүүлүктөрү — бул Сиздин белектериңиз экенин түшүнгөн учурдан баштап, эч бир нерсе: коркунуч, өзүн-өзү туура баалабастык, өзүнө-өзү ишенбестик — эч нерсе аларды Сиздин даңкыңыз үчүн колдонгонго тоскоол кылбасын. Ал Сизди уксун жана өз тагдырын издөө менен же жашоонун маңызын жоготуп алуу менен убакытты уттурбай, өзү эмнеге чакырылса, ошону аткарсынчы. Анын таланты куру бекер ысырап болуп калбасынчы жана Сиздин даңкыңыз үчүн эмес, башка нерсе үчүн коротулбасынчы.

Суранам Сизден, ага анын өмүрүндөгү эң башкы иш эмне экенин ачып бериңиз жана ал иште ийгиликке жеткенге жардам бериңиз. Анын колдорунун ишине батаңызды бериңиз жана жашоосу үчүн жакшы көргөн иши менен эмгектенип, маяна тапканга жөндөмдүүлүк бериңиз.

Сөзүңүздө жазылган: «Адамдын таланты ага эркиндик берет жана улуу адамдарга кирүүгө жол ачат» (Накыл. 18:16). Анын эмгеги адамдар тарабынан да туура, татырдык болуп, баалансынчы. Бирок, баарынан мурун баламдын Сиз баталаган жөндөмдүүлүктөрү жана таланттары Сиздин даңкыңыз үчүн мүмкүн болушунча көп кызмат кылсынчы деп суранам.

## Сиздин сыйынууңузду таасирдүү кылганга жөндөмдүү болгон ЫЙЫК ЖАЗУУДАН АЯТТАР

Анткени Кудай берген
белектерин кайра алып албайт, чакыруу чечимин
өзгөртпөйт.
*Рим. 11:29*

Машайактын чени менен ар
бирибизге ырайым берилген.
*Эф. 4:7*

Ар бириңер Кудайдан алган
жөндөмдүүлүгүңөр менен бири-бириңерге
кызмат кылгыла. Кудайдын ырайымы менен
берилген көп түрдүү жөндөмдүүлүктөрдү жакшы үй
башкаруучулар катары колдонгула.
*1 Пет. 4:10*

Ар кандай жакшы нерсе,
ар кандай жеткилең белек жогорудан,
жарыктын Атасынан келет. Анда эч кандай
өзгөрүлүү жок, өзгөрүлүүнүн
көлөкөсү да жок.
*Жкп. 1:17*

Силер үчүн жана Кудайдын
Машайак Ыйса аркылуу силерге
көрсөткөн ырайымы үчүн, Кудайга ар
дайым ыраазычылык билдирем. Себеби силер
Ыйса Машайак аркылуу бардыгына: сөзгө жана

билимге байыдыңар. Анткени Машайактын
күбөлөндүрүүсү силерде бекем орун алды.
Теңирибиз Ыйса Машайактын
келишин күтүп жаткан силер рухий
жөндөмдүүлүктөрдүн эч биринен
кем эмессиңер.
*1 Кор. 1:4-7*

## ОН АЛТЫНЧЫ БӨЛҮМ

# БАЛАНЫ ӨМҮР СӨЗДӨРҮН СҮЙЛӨГӨНГӨ КАНТИП ҮЙРӨТҮҮ КЕРЕК

Бир жолу уулумдун мектептен кайтып келип, бир нече уят сөздөрдү айтып жибергенин кулагым чалып калды. «Бул жаман сөздөр, — дедим мен ага. — Мындай кылбаш керек экенин билип туруп, сен кантип бул сөздөрдү айттың?» «Биздин мектепте баары эле ушинтип сүйлөшөт» — деп, балам жооп кайтарды. «Башкалар жаман иш кылса, сен да ошондой кылат экенсиң да?» — деп сурадым. Анан, капысынан, мен Теңир менен кездешкенге чейин колдонуп жүргөн, бирок Ыйык Рух мени андай сөздөрдөн эбак эле тазалап койгон бир нече кыска жаман сөздөрдү айтып жибердим.

Уулум мени чочулап, көздөрүн алайтып карады да, мындай деди: «Апа! Эмне деп атасыз?» «Баары эле ушинтип сүйлөп жатышпайбы, — дедим мен. — Менден мындай сөз уккуң келбейби?». «Бул абдан жагымсыз!» деген жооп болду. «Билесиңби, — деп мен дагы уланттым, — мен мындай тилди колдонуп, каалаган учурда сүйлөсөм да өз эрким, бирок мен каалабайм. Менин мындай сөздөрүм сенин сезимдериңди, рухуңду кемсинтет. Сен мындай сөздөрдү айтканыңда, алар менин

рухумду кемсинтүүдө. Бизден мындайды угуу Кудайдын Руху үчүн кандай болду экен, элестете аласыңбы? Биз тандай алабыз: Ыйык Рухту капалантабызбы же Аны даңазалайбызбы? Кудай бизди баары бир сүйөт, бирок, биринчисинде биз батага ээ болобуз, экинчисинде — көңүл калууга дуушар болобуз».

Ошондон кийин мен Кристофердин оозунан өспүрүм жашына келгенинче, жаман сөз уккан жокмун. Андан кийин, ортобузда чоң сүйлөшүү болуп өттү, ошол маегибизди ал ушул убакка чейин унутпады деп мен ишенем.

Мен колдонгон тарбияга салуу ыкмасы көптөргө терс таасир бериши мүмкүн экенин түшүнүп турам. Мен өзүм да уялдым, мен Кудайдан ошол сөздөрдү айткан учурда мага жугуп калган кирден тазалоосун сурандым. Бирок, ал сөздөр менин башымдан оңой менен чыкпай койду. Мен алардын кыйратуучу күчүн көрсөтүү үчүн гана колдонгом. Мен бул ыкманы колдонууну эч кимге сунуш кылбайт элем, мен муну биздин сөздөрүбүздө катылган күчтүн айкын үлгүсү катары гана силерге жазып жатам.

Биз айланабыздагы тынчтыкты өзүбүз курабыз. Биздин сөздөрүбүз күчкө ээ, демек, алар же өмүрдү, же өлүмдү алып жүрүшү мүмкүн. Ыйык Китеп кээ бир сөздөр биздин жашообузда чоң көйгөйлөрдү жаратышы мүмкүн экенин, ал эми кээ бир сөздөр андай жамандыктардан коргой турган күчкө ээ экенин эскертет. Сөздөр, жада калса, биздин өмүрүбүздү сактап калышы мүмкүн. Жазуу: «Тилин тыйган адам жанын сактайт, ал эми оозун чоң ачкан адам кыйынчылыкка дуушар болот» (Накыл. 13:3), — деп эскертет. Биз Кудайдан биздин ооздорубузду да, балдарыбыздын ооздорун да сакташын сураныщыбыз керек.

Кудайга жагымсыз болгон бул сөздөр: «Менде эч бир жакшы нерсе жок», «Өлүп калсам эле жакшы болмок», «Жашоо-

дон тажадым», «Адамдар абдан жаман», «Мен эч нерсеге жараксызмын» — мындай сөздөр чыккан жүрөктө Ыйык Рух жашабай эле, ал караңгылыкка чулганып калганын көрсөтөт. Бул шайтандын тымызын иштери, эгер балаңызды өз сөздөрүн көзөмөлдөөнү үйрөтпөсөңүз, алар жашоосундагы бардык жамандыктардын тамыры болуп калат.

Эгер биз Теңирдин артынан ээрчип бара жатсак, ар бир ойлонбой, көңүл коштук менен сүйлөгөн сөзүбүз үчүн жооп берерибизди Ыйык Китеп баяндайт. Биз бул жер жүзүндө жашап жатканда эле катуу жазасын алабыз. Эркибизди багындыруу аркылуу гана бошоно алган турган нерсе үчүн ушунчалык кымбат бааны төлөөнүн кажети жок деп ойлойм. Оозубуз менен биз айланабызга сүйүү, кубаныч жана тынчтык чачырата алабыз же, тескерисинче, кастыкты сээп, жек көрүүчүлүктү пайда кылабыз.

Биз балдарыбыз өмүр сөздөрүн сүйлөшүн каалайбыз. Бул алар өздөрүнүн терс сезимдерин жашырыш керек дегенди билдирбейт. Бирок ошол сезимдерин көрсөтүү үчүн колдонгон сөздөрү аларды Кудайды таанууга, тобо кылууга жана кыйроо үчүн эмес, айыгуу үчүн Анын алдында момун болууга алып келиши керек.

Балдарыбыздын ооздорунан чыккан сөздөр алардын өздөрүнө, айланадагыларга, алардын жашоосунун абалдарына терс таасир тийгизе баштаса, биз аларды Кудайдын сөздөрүнө багытташыбыз керек, алар ошол Сөздөн өмүр сөздөрүн таап, сузуп ала алышсын. Сөзүбүздү оңдоонун эң жакшы жолу — жүрөгүбүздү өзгөртүү, себеби «жүрөк эмнеге толсо, ооздон ошол чыгат» (Мат. 12:34). Ыйык Рухка жана Кудайдын Сөзүнө толгон жүрөктөн Кудайга жагымдуу, сүйлөп жатканга да, угуп жатканга да өмүр алып келе турган сөздөр чыгат. Так ушундан биздин сыйынууларыбыз башталышы керек.

## Сыйынуу

**Теңир,** менин балам (кызым, ысымы) Сизди даңазалаган сөздөрдү сүйлөгүсү келсинчи деп сыйынам. Анын жүрөгүн Өз Рухуңуз менен, Өз чындыгыңыз менен толтуруңуз, анын оозунан өлүм сөздөрү эмес, өмүр сөздөрү чыгып турсун. Ар бир мазмунсуз, терс, ачуулуу, ызаланардык, акылсыз же ырайымсыз сөздөрдү айтуу азгырыктары анын рухун ашкерелеп, тобо кылууга алып келсинчи. Арамза, жаман сөздөрдү ал жан дили менен жек көрсүнчү, эгер качандыр-бир кезде анын оозунан ошондой сөздөр чыгып кетсе, алар анын оозу үчүн саздагы тыгылма ылай болуп калсын, ал үчүн эң жийиркеничтүү болсунчу деп суранам. Менин уулума (кызыма) өз сөзүн көзмөлдөөнү үйрөтүңүз, эч качан эч бир ойлонбогон же учкаяк сөздөр анын оозунан чыкпаш үчүн жардам бериңиз.

Өзүнүн оозу түзүп койгон тузактан менин баламды сактаңыз. Сиз Өз Сөзүңүздө: «Оозун жана тилин тыйган адам өз жанын жамандыктан сактайт» (Накыл. 21:23) — деген убада бересиз. Өз тилин сактаганга үйрөтүңүз жана ар кандай жамандыктан сактаңыз. Сөзүңүздө жазылган: «Өлүм менен өмүр тилдин бийлигинде, аны сүйгөндөр анын жемишинен татышат» (Накыл. 18:21). Менин балама кайсы жерде кандай сөздөрдү адамдарга айтыш керектигин түшүнүүгө жардам бериңиз. Ал ар дайым үмүт сөздөрүн, айыгуу, колдоо сөздөрүн жана өмүр сөздөрүн айтсын жана эч качан жаман, уят сөздөрдү айтпасынчы.

**Сиздин сыйынууңузду**
**таасирдүү кылганга жөндөмдүү болгон**
**ЫЙЫК ЖАЗУУДАН АЯТТАР**

Оозумдан чыккан сөздөрүм менен
жүрөгүмдөгү ойлорум Сага жага тургандай болсун,
Теңирим, менин тирегим, Куткаруучум!
*Заб. 18:15*

Жакшы адам жакшы казынасынан
жакшылык алып чыгат. Жаман адам жаман казынасынан
жамандык алып чыгат.
*Матф. 12:35*

Силерге айтып коеюн, адамдар
ар бир куру сөзү үчүн сот күнү жооп беришет.
Анткени өз сөзүң менен акталасың,
өз сөзүң менен айыпталасың.
*Матф. 12:36,37*

Жагымдуу сөз — бал, ал — жанга жагымдуу,
сөөккө дары.
*Накыл. 16:24*

Маңызсыз сүйлөгөн адам кылыч
менен жаралагандай жаралайт, ал эми акылдуу
адамдардын тили сакайтат.
*Накыл. 12:18*

## ОН ЖЕТИНЧИ БӨЛҮМ

# БАЛАДА ЫЙЫКТЫККА УМТУЛУУНУ КАНТИП ОЙГОТУШ КЕРЕК

Тазалыкта жана ыйыктыкта жашоону үйрөнгөн балдардын жүздөрү да ачык, бактылуу жана ушунчалык жагымдуу болот. «Өспүрүмдүн жүрүм-турумунун туура же туура эмес экенин кылган ишинен билип алууга болот» (Накыл. 20:11). Биздин балдарыбыз такыбаа болушун каалайбыз жана адеп-ахлактык тазалыгы менен сыртынан да жагымдуу көрүнүшүн тилейбиз. Бирок бул өзүнөн-өзү болбойт. Буга үйрөтүү керек. Балдарыбызга Кудайдын жолдорунун тазалыгын үйрөтүү же Теңирге ишенимдүүлүктүн үлгүсү болуу колубуздан келсе да, чыныгы мугалим Ыйык Рух гана боло алат. Ыйыктык Теңирге болгон сүйүүдөн башталат. Ыйык Китеп ар бирибизге насаат айтат: «Өзүңдү таза сакта!» (1 Тим. 5:22). Бул көрсөтмөнү бардыгына эле аткаруу кыйын, өзгөчө балага кыйын болот. Кудайга, Анын мыйзамына жана Ыйык Рухтун күчүнө толугу менен тил алчаак болгондо гана аны аткарууга мүмкүн.

Биз көчүп келгенде, менин уулум мектепти бүтүрүп аткан учуру эле, ал жаңы коллективде үйрөнүшүп калуусу абдан

кыйын болду, бул абдан мыкты ишенүүчү болсо да, чоң сыноо эле. Бул анча чоң эмес менчик машайакчылык мектеп эле. Биринчи жума ичинде эле Кристофер бүт классташтары менен таанышып чыкты. Алардын арасында бир улан, Сенди, өзгөчөлөнүп турчу, ал мыкты спортсмен эле, жакшы окучу, ал далай жолу ар кандай жетишкендиктери үчүн сыйлыкка ээ болгон. Бирок Сендинин эң маанилүү сапаты болуп, анын сөздөрү жана иштери Кудайды терең урматтоосун жана Анын осуяттарын кадырлоосун көрсөтүп турганында болчу.

Бир жолу, балдардын баары эртең мененки тамактанууга чогулушканда, кимдир-бирөө адепсиз тамаша айтты эле, баары күлүп жиберишти. Сендиден башкасынын баары. Менин уулум да бардыгы менен чогуу күлгөнүн мойнуна алды. «Мен жаңы эле келбедимби, элден айырмаланып, башка планетадан келгендей көрүнбөйүн дедим», — деп, үйдөгүлөргө бул окуя жөнүндө айтып жатып, ал актана баштады.

Тез эле Кристофер Сендинин эч качан жаман тамашаларга күлбөсүн, чылым чекпесин, ичимдик ичпесин жана сөгүнбөсүн байкады. Бирок, буга карабастан, баары аны жакшы көрүшчү эле.

Бир жолу, ата-энелик чогулуштан кайтып келип, мен Кристоферге ошол жерде таанышкан бир керемет аял жөнүндө айтып бердим. «Ал баарынан айырмаланып турат экен, — дедим. — Анын ичинде ушунчалык жароокердик, жылуулук жана сүйүү толо экени көрүндү — чыныгы Кудайдын адамы экен, анысы аз келгенсип, ал абдан тамашакөй экен. Мага аны менен мамилелешүү аябай оңой болду, мен өзүмдү аны менен көптөн бери тааныш болгондой сездим». Мен ал аялды сүрөттөп бергенде, Кристофер кыйкырып жиберди: «Ал Сендинин апасы да!».

«Албетте, — дедим мен. — Мен дароо эле түшүнсөм болмок! Сендинин ата-энеси ушундай — руханий күчтүү, мыкты ишенүүчү жана сыйынуучу ата-эне болушу керек эле. Балдар Сендидей болуп, өзүнөн-өзү чыгып келбейт, аларды ошондой тарбиялаш керек».

Окуу жыл бүткөнчө биз ал кереметтүү үй-бүлөнү байкап жүрдүк жана бул үй-бүлөнүн ар бир мүчөсү сейрек учурай турган адам экенин көрдүк. Эмне үчүн? Анткени, алардын жашоосунун негизинде элден өзгөчөлөнүү же таасир калтыруу каалоосу эмес, Кудайды терең урматтоо жана Анын жолдору менен — ыйык жана таза жолдору менен жүрүү каалоосу турчу эле.

Менин балам ал мектепте окубай калды жана жолдорубуз эки башка болуп, биз Сендинин үй-бүлөсү менен катташпай калдык, бирок биз аларды эч качан унута албайбыз. Алардын үлгүсү бизге дагы чоңураак максаттарга умтулганга түрткү берди, биздин адеп-ахлактык ченемдерибиз жогорулады жана бизди тазалыкты, кынтыксыз жашаганды баалоону үйрөттү.

Биздин балдарыбыз такыбаа жашоону сүйүп калсын деп сыйыналычы, такыбаалык аларды өзүнө магниттей тартып турсун деп, кимдир-бирөө качандыр-бир убакта аларды жаман ишке түртүп жатса, алар дароо душманды ажыратып биле алсын жана сыноодон жеңип, чыга алышсын деп сыйыналы. «Анткени Кудай бизди ыпыластыкка эмес, ыйыктыкка чакырган» (1 Тес. 4:7) — деп жазылган. Кудайдын осуяттары менен жашоо деген тазалыкты жана инсандын бүтүндүгүн ичинде камтыйт. Такыбаалык — чыныгы ыйыктыктын негизи. Такыбаалыкка умтулуп, Кудайды издеген балдар ар дайым баталуу болушат жана жашоо күчүнө толуп турашат.

Сенди — бул «Эч ким сени жашсынтпашы үчүн, сен Ыйсага ишенгендерге сөзүң менен, жүрүш-турушуң менен, сүйүүң менен, ишенимиң менен, тазалыгың менен үлгү бол» (1 Тим. 4:12) — деген Ыйык Жазуудагы сөздөрдүн ишке ашуусу. Ыйыктыктын жана тазалыктын жолунда жүргөн балдардан керемет эч нерсе жок. Биздин балдарыбыз да ошолордун арасында болушу үчүн келгиле, сыйыналы.

## *Сыйынуу*

**Теңир,** бул сыйынуумда мен баламдын (аты) жүрөгүн Сизге болгон сүйүүгө толтуруп бериңизчи деп суранам. Сизге болгон умтулуусу абдан зор болсун. Сиздин осуяттарыңызды урматтаганды үйрөтүңүз жана алар ага жакшылык алып келүү үчүн берилгенин түшүнсүн. Сиздин эркиңизге баш ийбесе, анын жашоосу ийгиликтүү болбошун билсин. Жашоосуна күнөө уурданып, кирип албашы үчүн, Сиздин окутууңуздун жашыруун сырын таанысын. Ал жамандыкты, таза эместикти, жаман ойлорду, уят сөздөрдү жана адилетсиз иштерди четке каксын жана Машайакка окшош болуу үчүн, тазалыктын жана ыйыктыктын күчүн сезсин. Сизди жалбарып, издесин, Теңир. Сиздин Сөзүңүздө: «Жүрөгү таза адамдар бактылуу, анткени алар Кудайды көрүшөт» (Мат. 5:8) — деп жазылган. Таза жүрөктөн чыккан такыбаа жашоо каалоосу менин баламдын бардык иштеринде жана сырткы көрүнүшүндө көрүнүп турсун. Анын кийими, чачынын жасалгасы, жүзү, толук сырткы көрүнүшү Сиздин алдыңызда урматтоосун

жана Теңир, Сизди даңазалоо каалоосун көрсөтүп турсунчу.

Менин балам качандыр-бир убакта ыйыктыктын жолунан чыгып кетсе, аны тобо кылууга алып келиңиз жана анын жүрөгүн жана жашоосун тазалаңыз. Такыбаа жашоо баталарга жана улуу сыйлыкка — Сизди көрүү сыйлыгына алып келерин түшүнгөндү менин балама үйрөтүңүз.

## Сиздин сыйынууңузду
## таасирдүү кылганга жөндөмдүү болгон
## ЫЙЫК ЖАЗУУДАН АЯТТАР

Ким Теңирдин тоосуна чыга алат?
Же ким Анын ыйык жеринде тура алат?
Колу жамандыкка барбаган, жүрөгү таза,
жанын жеп карганбаган, жалган ант бербеген
адам гана Теңирдин батасын алат, Куткаруучу
Кудайынын ырайымын көрөт.
*Заб. 23:3,4*

Бир чоң үйдө алтын жана күмүш
идиштер гана эмес, жыгачтан жана чоподон
жасалган идиштер да бар. Бирөөлөрү сыйга урунулат,
бирөөлөрү күндө урунулат. Ошондуктан ким өзүн ушулардан
тазаласа, ал сыйга урунула турган, ыйыкталган, Кожоюндун
керегине жарай турган жана бардык жакшы иштерге
даярдалган идиш болот.
*2 Тим. 2:20,21*

Мендеги жемиш бербеген
ар бир бутакты Ал кесип таштайт. Ал эми жемиш
берип жаткан ар бир бутакты дагы көбүрөөк
жемиш берсин деп тазалайт.
*Жкн. 15:2*

Ал жерде чоң жол болот,
ал жол ыйык жол деп аталат. Ал жол
менен таза эместер басышпайт, ал жол менен
алар гана басышат. Ал жол менен бара жаткан адамдар,

атүгүл, тажрыйбасыз адамдар да адашпайт.
Ал жерде арстан болбойт, ал жолго жырткыч
айбан чыкпайт, аны ал жерден таппайсың,
ал жол менен куткарылгандар гана жүрүшөт.
Теңир куткаргандар кайтып келишет,
Сионго кубанычтуу кыйкырык менен келишет,
алардын баштарын түбөлүктүү кубаныч курчайт,
алар шаттык жана кубаныч табышат,
кайгы менен үшкүрүк жок болот.
*Ыш. 35:8-10*

Өзүнүн ыпыластыгынан жуулбай туруп,
өзүн тазамын деп эсептеген адамдар бар.
*Накыл. 30:12*

## ОН СЕГИЗИНЧИ БӨЛҮМ

# БАЛАНЫН БӨЛМӨСҮН КАНТИП КОРГОШ КЕРЕК

Уулум он бирде кезинде, капысынан, эч кандай себепсиз эле, аны түнкүсүн коркунучтуу жаман түштөр беймаза кылып, кыйначу болду. Жаман фильмдерди көрчү эмес, адаттан сырткаркы эч нерсе болгонун байкаган деле эмесмин. Кристофер экөөбүз бул жөнүндө бир нече жолу сыйындык, бирок үрөйдү учурган түштөр дагы деле кыйнай берди.

Бир жолу таң эрте мен Кудайдан мунун себебин ачып берүүнү сурангнымда, менде уулумдун бөлмөсүнө кирүү каалоосу пайда болду. «Теңир, эгерде Кристофердин бөлмөсүндө болбой турган бир нерсе бар болсо, мага көрсөтүңүз», — деп, мен сурандым. Ошол замат менин буттарым мени столдун жанына алып келишти, анын үстүндө оюндар менен дисктер жаткан эле. Мен колума урунган биринчи дискти алдым, аны Кристофер жакында жыйындагы бир досунан кыска убакытка алды эле. Дисктин сырткы кутучасы эч бир шекти пайда кылбады, ал балдардын ар кыл укмуштуу окуялуу оюндарынын дискиндей эле көрүнүп турду. Аны ачып, ичинен көрсөтмөсүн таптым, ал-

гач, андан деле эч кызыктуу нерсе таппадым, бир маалда арткы бөлүгүнөн мен эң жаман, жийиркеничтүү шайтан символикасын көрдүм. Менин үрөйүм учту, бирок: «Теңир, рахмат Сизге», — дедим да, дискти уулумдун бөлмөсүнөн тез чыгардым.

Диск уулумдуку болгондо, мен дароо эле аны жок кылат элем, бирок мен дисктин ээсинин ата-энесине телефон чалдым да, тапканымды аларга айтып бердим. Алар мендей эле таң калышты, анткени өздөрү да эч нерсе билген эмес эле. Кристофер мектептен келгенде, мен өз тапканымды ага да айттым. Ал көрсөтмөнү аягына чейин окуй электигин жана эмне бар экенин билбегенин айтты. Ал эч арсар болбой, тез кайтарып берүүнү чечти.

Ошол эле кечте күйөөм экөөбүз баламдын бөлмөсүн зайтун майы менен майлап, сыйынууда Теңирден бул бөлмөнү тазалашын өтүндүк. Биз Ыйык Жазуудагы: «...семиздиктен моюнтурук талкаланат» (Ыш. 10:27) — деген сөздөрдү эстедик. Китепте көбүнесе адамдарды майлоо жөнүндө сөз болсо да, имараттарды ыйыктоо үчүн майлаган учурлар жөнүндө да бир нече үзүндүлөр бар. Мисалы: «Майлоочу майды алып, жыйын чатырын жана ага тиешелүү бардык нерсени ыйыкташ үчүн майлап чык, ошондо алар ыйык болот» (Чыг. 40:9). Душмандын ар кандай моюнтуруктарын талкалоону жана уулубуздун бөлмөсүн ар кандай Кудайга каршы нерседен тазалоону максаттап, биз кашектерди майладык да, бөлмөдөгү Кудайдан эмес бардык нерселер кууп салынышы үчүн, Ыйык Рухту бөлмөгө чакырдык.

Биздин туура кылганыбыздын күбөлүгү катары, эч качан болбогондой, Кристофердин түнкү кыйналууларынын толугу менен басылышы болду.

Ар бир үй мезгил-мезгили менен тазаланууга муктаж, өзгөчө — балдарыбыздын бөлмөлөрү буга муктаж. Биз өз

үйлөрүбүзгө жийиркеничтүү нерселерди киргизсек, анда биз үйлөрүбүздү талкалап жатканыбыз жөнүндө Ыйык Китеп баяндайт. Турак-жайды майлоону мезгил-мезгили менен алдын-алуу катары өткөрүп туруу зарыл, бирок эгерде балдарыңыдын жүрүм-турумунда терс өзгөрүүлөрдү: коркок же орой боло баштаганын, ачуулуу же маанай пас болуп калганын, түнт же өзүн жаман алып жүрө баштаса, же түнкүсүн жаман түштөр кыйнаса — байкасаңыз, тез арада бардыгы жакшы жакка өзгөрүүсү үчүн, баланын бөлмөсүнө кирип, сыйынып коюу эле кээде жетиштүү болот. Машайакчылык гимндерди, даңктоолорду жана табынуу ырларын ырдоо да жакшы таасир берет. Мен ушундан кийин балдарымдан жакшы жакка өзгөрүүлөрдү байкаганымды күбөлөндүрө алам.

Мен он алты жашар уулун аракечтик, баңгизатка көз карандылык, диний көз байлоочулукка көз карандылыктын тузагына илип алган душманга каршы оор күрөш жүргүзүүгө мажбур болгон жубайларды тааныйм: ал мектепке кеткенде, алар бөлмөсүнө кирип алып, Ыйык Жазуудан үзүндүлөр жазылган кассетаны коюшуп, табынуу гимндерин ырдашчу. Натыйжасында, баш ийбестиктин руху талкаланды, бала кайрадан жоош жана Кудайдан корккон жигитке айланды.

Балдарыңыздын бөлмөлөрүнө кирип, сыйынганда, Кудайды даңктабаган бардык нерсени — Кудайга каршы болгон ар кандай белгилери бар же арак же баңгизаттар менен кандайдыр-бир байланышы бар бардык нерселерди: афишаларды, китеп-журналдарды, сүрөттөрдү, фотографияларды, оюндарды, кийимдердин баарын жок кылыңыз. Ошол эле учурда балаңызга өзүңүздүн иш-чараларыңыздын маанисин жана бул нерселерге Кудайдын көз карашын, Анын Сөзүндө бул тууралуу эмне деп айтып жатканын сүйүү менен жана чыдамдуулукта түшүндүрүп турууну унутпаңыз. Мүмкүн болсо,

балаңызга бардык ылайыксыз нерселерди жок кылууну өзүнө сунуш кылыңыз. Өз турак-жайын Кудайга акарат келтирген бардык жаман нерселерден тазалоо анын бейкапардыгы жана Кудайдан бата алышы үчүн экендигин балага түшүндүрүү зарыл. Андан кийин, бөлмөсүнө кирип, Теңирден тазалап берүүсүн сураныңыз. Мен мындай сыйынуулардын натыйжасында болгон кереметтүү өзгөрүүлөрдү күбөсү болгом.

Бул нерседе эч кандай ырым-жырым жок, тесерисинче, сиз үйүңүз да, балаңыз да, анын бүт жашоосу Кудайга таандык экенин ырастап жатасыз. Сиз: «...мен жана менин үйүм Теңирге кызмат кылабыз» (Жашыя 24:15) — деп жарыялашыңыз керек. Бул сиздин үйүңүз ыйыкталган жана Кудайдын даңкы үчүн бөлүнгөн дегенди билдирет.

Келгиле, балдарыбыздын бөлмөлөрүнүн тазаланышы үчүн бул зарыл болуп калганга чейин, алдын-ала, сыйына баштайлы.

## *Сыйынуу*

**Теңир,** мен Сизди балам (кызым) жашаган бөлмөгө чакырам. Сиз асман-жердин Эгедерисиз, жана бул турактын да Теңирисиз деп жарыялайм. Өз жарыгыңыз менен жарык кылыңыз. Менин баламдын бөлмөсүнө жайгашып алууну каалаган ар кандай караңгылыкты кууп чыгыңызчы, бул жерде коркунучка, муңаюуга, шектенүүгө, толкунданууга, наразычылыкка жана жек көрүүгө (балаңыздын жүрүм-турумунда байкалган башка терс көрүнүштөрдү атаңыз) орун болбосун. Мен бул бөлмөгө Сизден болбогон, бардык жаман нерселерге жолду тороп, жаап салышыңыз үчүн сыйынам,

Кудай. Орун бербеш керек болгон бир нерселер бар болсо, аларды жок кылыш үчүн, Теңирим, мага көрсөтүңүз.

Баламдын бөлмөсүн Өзүңүздүн коргооңуз менен курчаңызчы, эч бир арам нерсе анын ичине эч кандай жол менен кире албасын. Бул туракты Өзүңүздүн сүйүүңүз менен, тынчтыгыңыз жана кубанычыңыз менен толтуруңуз. Баламдын оозуна Дөөттүн сөздөрүн салып коюуну суранам: «Күнөөсүз жол жөнүндө ой жүгүртөм: «Сен мага качан келесиң?» Мен өз үйүмдө жүрөгүмдүн тазалыгы менен жүрөм. Мен өзүмдүн көз алдыма кереги жок буюмдарды койбойм. Кылмыш ишти жек көрөм, ал мага жабышпайт» (Заб. 100:2,3). Баламдын бөлмөсүн ыйык жай, Сиздин даңкыңыз менен ыйыкталган жай кыла көрүңүз, суранам Сизден, Теңирим.

## Сиздин сыйынууңузду таасирдүү кылганга жөндөмдүү болгон ЫЙЫК ЖАЗУУДАН АЯТТАР

Ага окшоп каргышка калбашың үчүн,
андай жийиркеничтүү нерсени үйүңө жолотпо.
Аны жек көр, андан жийиркен, анткени ал —
— каргышка калган нерсе.
*Мый. 7:26*

Жуунгула, тазалангыла,
Менин көз алдымда жаман иштерди кылбагыла,
жамандык кылганыңарды токтоткула.
*Ыш. 1:16*

Сүйүктүү бир туугандарым,
Кудай бизге ушундай убадаларды бергендиктен,
денебизди жана рухубузду булгаган ар кандай
ыпыластыктан арылалы, Кудайдан коркуу менен,
ыйыктыкка умтулалы.
*2 Кор. 7:1*

Кудайым, мени Өзүңдүн улуу
ырайымың боюнча ая, Өзүңдүн улуу кайрымдуулугуң
боюнча күнөөлөрүмдү өчүрүп сал. Күнөөлөрүмдү
тазаргыча жууп, кылмышымдан тазала.
*Заб. 50:3,4*

Теңирдин каргышы мыйзамсыздын
үйүнүн үстүндө, ал эми адил адамдардын үйүнө
Ал батасын берет.
*Накыл. 3:33*

## ОН ТОГУЗУНЧУ БӨЛҮМ

# БАЛАГА КОРКУНУЧТАН АРЫЛУУГА КАНТИП ЖАРДАМ БЕРИШ КЕРЕК

Мени психикалык жактан оорукчан энем тарбиялагандыктан, бала чагымдан баштап мени ар кандай коркунучтар беймаза кылчу эле. Анын оопай мүнөзү жана агрессивдүү жүрүм-туруму мени үзгүлтүксүз чымыркануудa, стрессте кармап турчу эле. Мен чоңоюп, Машайакка келгенден кийин, коркунучтардын чыныгы себебин айырмалап, билип калдым жана аны менен күрөшүүнү үйрөндүм. Ушул эле жолду мен балдарым үчүн күрөшүүдө да колдонууну тандадым.

Лос-Анджелесте биздин тагдырыбызга жер титирөөлөрдөн, өрттөрдөн, ташкын суулардан, көчө дүрөбөлөңдөрүнөн жана кылмышкердиктин күчөшүнөн өтүүгө туура келди. Ошол абалда биз жол берип койсок, коркунуч оңой эле биздин жашообузду күчсүздөндүрүп, шал кылып салмак эле. Бирок, ага каршы биздин куралыбыз — Кудайдын коргоосу жөнүндөгү туруктуу сыйынууда болчубуз. Балдарымдын көздөрүнөн коркунучту байкаар замат, биз үй-бүлөбүз менен дароо сыйынып, Ыйык Китеп окуп, гимндерди ырдап баштачубуз. Ал жерден

көчүп кетип, биз бир аз тынчтанып калдык, бирок, буга карабастан, ошол учурда алган сабакты эч унутпадык,ал сабактардын эң маанилүүсү — Кудайдын жеткилең сүйүүсү ар бир адамдын жүрөгүнөн ар кандай коркунучту кууп чыгарганга кудуреттүү экенин унуткан жокпуз.

Кудай бизди коргогонго жана сактаганга кудуреттүү экенине ишенбей калганыбызда, дал ошол замат, бизди коркунуч басып алат. Коркунуч балдарды оңой эле көз каранды кылып алат, себеби алар али чындыкты жалгандан өз алдынча айырмалай алышпайт. Биз аларга сүйүү сөздөрүн айтып, колдоо көрсөтүп, сооротуп, жардам бере алабыз. Бирок коркунучтан арылуунун эң ишенимдүү жолу болуп, Кудайдын Сөзүн ишеним менен жана Анын сүйүүсү жана күчү үчүн мактоо менен жарыялаган сыйынуу эсептелет.

Ыйса шакирттери менен деңизге чыкканда жана ошол кезде бороон башталганда, бул коркунучка Ал мындай сөздөр менен жооп кайтарган: «Эмне мынча корктуңар, ишеними аздар?» (Мат. 8:26).

Ыйса биздин Анын шакирттери катары буга ишенишибизди каалайт: эгерде кайыктын ичинде Кудай бар болсо, анда биздин жашообуздун кайыгы эч качан чөкпөйт.

Бирок, кээде балдарыбызды коркунуч ушунчалык басып алып, оор жүк болуп, эзиши мүмкүн, ошондо эч бир иш-чара же сөздөр жардам бербей калышы ыктымал. Бирок, Ыйык Жазуу коркунуч Кудайдан эмес, жаныбыздын душманынан экенин ачык баяндайт.

Ыйса Машайакта коркунучтун рухуна каршы турганга ата-энелердин бийлиги жана күчү бар. *Коркунучтун биздин үстүбүздө* бийлиги жок, тескерисинче, *биздин ага* каршы турууга бийлигибиз бар (Лука 10:19). Бул тууралуу шектенбеңиз. Эгерде сиз узак убакыт бою тынчтыкка ээ боло албай жат-

саңыз, бир нече ишенүүчүлөрдөн сиз менен бирге сыйынып туруусун сураныңыз. Анткени, Теңирдин ысымынан эки же үч адам чогулган жерде сөзсүз Ал болот (Мат. 18:20). Теңир болгон жерде коркунучтун руху боло албайт.

Ыйса биз менен болгондуктан, биздин балдар коркунучта жашоого макул болбошу керек.

## *Сыйынуу*

**Теңир,** Сиздин Сөзүңүздө: «Мен Теңирди издедим, ошондо Ал мени угуп, бардык коркунучтан куткарды» (Заб. 33:5) — деп жазылган. Сиз мени угуп турганыңызга ишеним менен, мен бүгүн Сизди издегим келет. Мен Сизден баламды (ысымы) коркунучтан, аны жутуп алууга даяр турган коркунучтан арылтууңузду суранам. Жазылып турат: «Анткени Кудай бизге коркунучту эмес, күчтү, сүйүүнү жана туура ой жүгүртүүнү билүүнү берүүчү Рухту берген» (2 Тим. 1:7)*. Менин баламды Өз сүйүүңүзгө толтуруңуз жана анын жүрөгүнөн шектенүүнү жана коркунучту алып салыңыз. Коркунучтан, чочулоодон эркиндик бере ала турган Сиздин катышууңузду ал сезе алгандай болсунчу. Бардыгында Сизге таянганды менин балама үйрөтүңүз. Ал шайтанды жана жалганды айырмалап билиш үчүн ачык акыл бериңиз.

Эгерде коркунуч чындыгында негиздүү болуп турса, ага акылмандык бере көрүңүз, коргой көрүңүз жана Өзүңүзгө жакындатыңыз. Коркунучтарын этибар албай, жашырып койбосун, сыйынууларында Сизге айтып турсун жана Сизден жардам сурасын. Ошондой

учурларда Сиздин сүйүүңүз анын жашоосуна терең кирип, ар кандай коркунучтардын рухун жок кылсынчы. Сиздин Сөзүңүздү жүрөгүнө кабыл алып, ишеними тамырлансын.

Теңир, ар кандай коркунучтардан арылтам деген убадаларыңыз үчүн рахмат. Ар бир коркунучтан менин балам бүгүн, азыр арылсын деп Ыйса Машайактын ысымынан сыйынам.

## Сиздин сыйынууңузду таасирдүү кылганга жөндөмдүү болгон ЫЙЫК ЖАЗУУДАН АЯТТАР

Сенде Өзүңдөн корккондор
үчүн сактап койгон, адам баласынын алдында
Өзүңө таянгандар үчүн даярдап койгон
жакшы нерселер көп!
*Заб. 30:20*

Коркпо, анткени Мен сени мененмин,
үрөйүңдү учурба, анткени Мен сенин Кудайыңмын.
Мен сени бекемдейм, сага жардам берем. Мен сени Өзүмдүн
адилеттигимдин оң колу менен колдойм.
*Ыш. 41:10*

Ал сени Өзүнүн канаттары менен
калкалайт, Анын канаттарынын астында
коопсуз болосуң. Анын чындыгы — калкан жана коргон.
Түнкү коркунучтардан, күндүзгү учкан жебелерден,
караңгылыкта жүргөн каргашадан, чак түштө
кырган жугуштуу оорудан коркпойсуң.
*Заб. 90:4-6*

...Теңир менин жарыгым,
менин куткаруучум: кимден коркмок элем?
Теңир — менин өмүрүмдүн тиреги:
кимден үрөйүм учмак эле?
*Заб. 26:1*

Мени өлүм азаптары курчап алды,
кыйынчылыктардын агымы үрөйүмдү учурду.
Мага өлгөндөр жаткан жайдын чынжырлары салынды,
өлүмдүн торуна чалындым. Мен кысталышта калганда,
Теңиримди чакырдым, Кудайыма жалындым.
Ал Өз турагынан менин үнүмдү укту,
зар-муңум Анын кулагына жетти.
*Заб. 17:5-7*

Сүйүүдө коркунуч жок.
Тескерисинче, жеткилең сүйүү коркунучту
жок кылат, корккон адам кыйналат. Корккон
адамдын ичиндеги сүйүү
жеткилең эмес.
*1 Жкн. 4:18*

## ЖЫЙЫРМАНЧЫ БӨЛҮМ

# БАЛАГА ТУУРА ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ЖӨНДӨМДҮҮЛҮГҮН ӨНҮКТҮРҮҮГӨ КАНТИП ЖАРДАМ БЕРИШ КЕРЕК

Балдарыбыздын акылын толугу менен ээлеп алуу максатында шайтан бүт күчүн жумшоодо. Бактыга жараша, ага каршы туруш үчүн биздин бийлигибиз бар. Балаңыздын кичине кези болсо, анын эмне угуп, эмне көрүп, окуп жатканын текшерип турууга мүмкүн. Бирок, эң негизги күчүбүз — сыйынууда. Ошондуктан, балаңыз бойго жетип, азыр сиз менен жашабаса да, сиз анын акыл-эси ар дайым ачык, таза болушу үчүн сыйынууда боло аласыз.

Биз Ыйсаны өз жашообузга чакырганыбызда жана Ыйык Рухка толгонубузда, башка көптөгөн баталар менен кошо, мыкты акыл-эсти алганбыз — бул белекти башка эч жерден жана эч бир жол менен алууга мүмкүн эмес. Бул, бизге Машайактын ой жүгүртүүсү берилген дегенди билдирет. Ыйык Жазуу мындай дейт: «Анткени силерде Машайактын акылы болушу керек» (Фил. 2:5). Бизди Машайак башкара баштаганда гана жана ар бир оюбузду Ага тил алчаактыкка баш ийдиргенди үйрөнгөн сайын гана биздин өзүбүздүн ой жүгүртүүбүз жаңыланат да, дүйнөлүк азгырыктарга каршы тура алабыз.

Менин апам өмүр бою, жаш кезинен баштап өмүрүнүн акырына чейин, 67 жашка чыкканга чейин, психикалык илдеттен азап чеккен. Куру кыялдарга чөгүп жашоо деген эмне экенин жана өз ойлоруңду башкара албастык эмне экенин мен өз көзүм менен көргөм. Бүгүнкү күнү да эстесем, жүрөгүм зырпылдайт. Кудайга ишенгенден баштап, мен балдарымдын жашоосунда да, өзүмдүн жашоомдо да мындай нерсе кайталанбашы үчүн сыйына баштадым. Коркунуч баскан учурларда мен: «Анткени Кудай бизге коркунучту эмес, күчтү, сүйүүнү жана өзүн-өзү башкара билүүнү берүүчү Рухту берген» (2 Тим. 1:7) — деп кайталачумун.

«Кудай бизге туура ой жүгүртүүнү берген — көп жолу кайталап айтчумун. — Ошондой эле ачык, так ой жүгүртүүнү менин уулума да, кызыма да берген. Мындан кем нерсеге мен макул эмесмин».

Психикалык оорулар бардык учурда эле тукум куубайт. Кудай биздин балдарыбызга психикалык оору менен ооруп, азап чегүүнү же жинди чалыш болуууну белгилеп койгон эмес.

Акылдын абалы, негизинен, ошол акылдын ээси эмне жөнүндө ой жүгүрткөнү менен аныкталат. Эгерде анын башы куру ойлор менен, дүйнөлүк түйшүктөр менен толуп турса, анын ойлору адашат жана ал өз сезимдерин да башкара албай калат; ал эми адам Кудайдан болгон нерселер жөнүндө, өзгөчө Анын Сөзү жөнүндө ой жүгүртүүдө болсо — анын акылы ар дайым таза бойдон калат, ал эми жүрөгүндө тынчтык падышачылык кылат. Ыйык Жазуу: «Анткени Кудай тартипсиздикти эмес, тынчтыкты каалайт» (1 Кор. 14:33) — деп айтат. Ата-энелер катары, биздин негизги милдетибиз — балдарыбыздын баштарында Кудайдын Сөзү жашашы үчүн кам көрүү, ошондо алардын акыл-эстери таза болот да, биздин коркунучтарыбыз буу сыяктуу, жок болот.

Кудай бизге туура ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүн берген. Анда эмне, мындан кем, кичи нерсеге макул болобузбу? Кудайдан так ушул белекти сурайлы.

## *Сыйынуу*

**Теңир**, бизге эстүүлүктү берем деген убадаңыз үчүн рахмат. Менин балама (кызыма) да ошол ачык, дурус, ийкемдүү, өткүр, кызыгуучу акылды беришиңизди Сизден өтүнөм. Баламдын башында эч кандай иретсиз, капалуу, терс ойлорго орун болбосун, анын акыл-эсин эч бир оор түйшүк басып албасын деп сыйынам. Ага ар бир учурда так ой-жүгүрткөнгө жардам бериңиз. Ага так чечим чыгарганды, эмнени түшүнүш керек болсо, түшүнгөндү, эң негизги гана нерселерге көңүлүн бурганды үйрөтүңүз. Эгерде баламдын мээсинде кандайдыр-бир дарт же функционалдык бузулуу бар болсо, мен Ыйсанын ысымынан айыктырышыңызды суранам. Ал акылы жаңылансын (Эф. 4:23) жана «Машайактын акылына» (1 Кор. 2:16) ээ болсун.

Ал бүт жан-дили менен Теңирди сүйсүн жана анын башында шайтандын жалганы үчүн орун болбосун деп сыйынам. Сиздин Сөзүңүз анын жүрөгүндө бекемделсин жанан анын акылы эмне чындык, эмне туура, эмне адилеттүү, эмне таза болсо, эмне адептүүлүккө жатса, эмне мактоого арзырлык болсо (Фил. 4:8), ошол нерселерге толсун. Ал акылына кирген нерсенин баары анын бир бөлүгү болуп каларын түшүнсүнчү, ошондуктан көргөн, уккан нерселерин кылдаттык менен таразалаганды ага үйрөтүңүз.

Сиздин Сөзүңүздө: «Руху бекем адамды Сен жеткилең тынчтыкта сактайсың, анткени ал Сенден үмүттөнөт» (Ыш. 26:3) — деп жазылган.

Менин балам ар дайым акылдуу жана эстүү болушу үчүн, анын Сизге жана Сиздин Сөзүңүзгө болгон ишеними күндөн-күнгө өссүнчү деп суранам.

## Сиздин сыйынууңузду таасирдүү кылганга жөндөмдүү болгон
## ЫЙЫК ЖАЗУУДАН АЯТТАР

Үмүт менен кубангыла,
кыйынчылыкка туруштук бергиле,
туруктуулук менен сыйынгыла.
*Рим. 12:12*

Эч нерсе тууралуу кам
санабагыла, ар дайым сыйынганда
жана жалынганда, каалооңорду ыраазычылык
билдирүү менен Кудайга айткыла. Ошондо Кудайдын
акыл жеткис тынчтыгы силердин жүрөгүңөрдү
жана ойлоруңарды Машайак Ыйса
аркылуу сактайт.
*Фил. 4:6,7*

Анткени күрөшө турган
куралдарыбыз адамдык куралдар эмес,
алар – чептерди талкалаган Кудайдын күчүнө
ээ куралдар. Алар менен биз Кудайды таанып
билүүгө каршы турган ар кандай ойлорду,
менменсинүүчүлүктү талкалайбыз
жана ар кандай ой жүгүртүүлөрдү
Машайакка тил алдыруу
үчүн туткундайбыз.
*2 Кор. 10:4,5*

Ошондуктан Теңирдин
атынан айтып эскертемин: мындан ары
силер бутпарастарга окшоп куру кыял
менен жашабагыла. Алардын акылы
караңгылангандыктан, түркөйлүктөрүнүн
жана жүрөктөрүнүн катуулanганынын
айынан Кудайдын жашоосунан
четтеп калышкан.
*Эф. 4:17,18*

## ЖЫЙЫРМА БИРИНЧИ БӨЛҮМ

# БАЛАГА ТЕҢИРДЕ КУБАНЫЧКА ЭЭ БОЛУУГА КАНТИП ЖАРДАМ БЕРИШ КЕРЕК

Бир күнү абдан капалуу көрүнгөн бир өспүрүм кыз менин жаныма келди. Бир саат бою, ый аралаш, ал мага өз турмушу жөнүндө, өз өмүрүн кыюу жөнүндө ойго алып келген үмүтүнүн үзүлүүсү жөнүндө баяндап берди. Мен аны жөн эле уктум да, андан соң экөөбүз аны кыйнап жаткан бактысыздыгы жана коркунучтары жөнүндө бирге сыйындык, мен Кудайдан ага «..ый ордуна кубаныч майын, кайгылуу рух ордуна даңктын кийимин» (Ыш. 61:3) беришин суранып жаттым.

Сыйынып бүткөн соң, анын жүзүндөгү өзгөрүштү көрүп, аябай таң калдым. Муңдуу жана кайгылуу жүзү жаркыраган, тынчтанган көз карашка айланды. Кубанычтын руху анын жүрөгүнө кирди жана менин алдымда таптакыр башка адам отургандай болду. Ошондон кийин ал кыз жадырап-жайнап, өзгөрдү жана көптөгөн досторго ээ болду.

Тилекке каршы, көптөгөн өспүрүмдөр депрессиядан (көңүл чөгүү) азап чегишүүдө. Бирок, андан да жаманы, мындай абал аларды бойго жеткенде да, чоңоюп калса да, аркасынан түшүп

алууда. Депрессия аларды басып алат, кээде жакшы болуп калышат, бирок бул абал аларга туруктуу жашоого, иштөөгө, башкалар менен мамиле курууга тоскоол кылып, ден соолуктарынан ажыратып, жада калса, Кудай менен мамилелерине да таасир тийгизүүдө.

Бирок, мындай болбошу керек. Адамдын мурунку жашоосу кандай гана болбосун, ал депрессияга чөгүп, же бардык учурда жаман маанайда болуусу керек эмес. Балаңыздын капага, кайгыга чөгүп, оор мүнөздүү адамга айланышына жол бербеңиз. Сиздин сыйынууңуз аны айыктырсын.

Кайсы адам ичинде терс сезимдерди сактап жүргөнү, ал эми кандай адамдын жүрөгүндө кубанычтын руху жашаары дароо эле көрүнөт. Өзгөчө бул балдарда тез байкалат, анткени алар улууларга окшоп, сезимдерин жашырганды али үйрөнүшө элек.

Балаңызды жакшылап, көңүл буруп, караңыз: анын жүзүндө көбүнесе сиз кандай сезимдерди байкайсыз? Бейпилдикти, бакытты, кубанычты көрөсүзбү? Же кайгыруу, нааразычылык, үмүтү үзүлгөндүк, ачуулануу, капаны көрөсүзбү? Себеби жок эле көңүлү чөккөн учурлар болобу? Балаңыз же кызыңыз өзүнүн пас маанайынын себебин түшүндүрүп бере албаган учурлар болду беле? Пас жана түнт маанай ал үчүн норма болуп калганга чейин, кийлигишип, чара колдонуңуз. Биз аларды кубанычтын рухуна толсун деп сыйынууда бек турбасак, терс сезимдер толугу менен аларды ээлеп алышы мүмкүн.

Сиздин балаңызды Теңирдин кубанычы менен толушу жөнүндө ал үчүн сыйынууларыңыз аны башкалардын азап чегүүлөрүнө көңүл кош кылып коет деп эч качан коркпоңуз. Андай эч качан болбойт, себеби Теңирден келген кубаныч турмуштун абалдарынан көз каранды эмес, анткени анын

тамыры Кудайдын жүзүн кароодо жана биз муктаж болгон нерсенин баары Кудайдын Өзү экенин түшүнүүдө.

Мен балаңыздын эч качан терс сезимдери болбошу керек же жанынын далбастап, ооруган учуру эч качан болбойт дегим келбейт. Мен терс сезимдер аны эч качан башкарбаш керек, биз Теңирге карашыбыз керек, анткени Ал «...Өз элин кубаныч менен алып чыкты, Өзүнүн тандалган адамдарын салтанат менен алып чыкты» (Заб. 104:43) — деп гана айткым келет. Эгерде биз суранып, сыйынып жатсак, так ушундай эле Ал биздин балдарды да алып чыгат.

## Сыйынуу

**Теңир,** баламды Өзүңүздүн кубанычыңызга толтурушуңузду суранам. Анын жүрөгүндөгү ишеним дал азыр өссүн, жана ал Сиздин кубанычыңыздын толуктугун түшүнсүн. Чыныгы кубанычты Сиз гана берериңизди ага түшүндүрүңүз.

Эгер аны терс сезимдер кыйнай баштаса, аны Өз сүйүүңүз менен каптаңызчы. Ал Жазуулардагы бул аяттарды эстесинчи: «Бул күндү Кудай жараткан: бул күнү кубаналы, көңүлүбүздү көтөрөлү!» (Заб. 117:24). Менин баламды үмүтү үзүлүүдөн, депрессиядан, жалгыздык сезиминен, көңүл калуудан, ачуулануудан жана четке кагылуудан сактаңызчы. Ал эч качан терс сезимдерге багынып бербесинчи. Ал өз жүрөгүндө дайыма мындай дей алсынчы: «Ал эми менин жаным Теңир менен кубанат, Анын куткарганына шаттанат» (Заб. 34:9).

Теңир, балам сезип жаткан бардык терс сезимдер Сиздин окутууңузга каршы экенин билем. Өз сөзүңүздү менин баламдын жүрөгүндө бекемдеп бериңиз, анын ишеними күн сайын өсүп турсун. Сиздин сүйүүңүзгө таянганды, рухта бекемделгенди үйрөтүңүз, ал бүгүн да, бардык учурда да Сиздин ичиңизде кубаныч тапкандай болсунчу.

## Сиздин сыйынууңузду таасирдүү кылганга жөндөмдүү болгон ЫЙЫК ЖАЗУУДАН АЯТТАР

Мен Атамдын осуяттарын
аткаргандыктан, Менде Анын сүйүүсү бар.
Ошол сыяктуу эле Менин осуяттарымды аткарсаңар,
силерде Менин сүйүүм болот. Силерде Менин кубанычым
болсун деп, силерде толук кубаныч болсун деп,
Мен силерге ушул сөздөрдү айттым.
*Жкн. 15:10,11*

Сен мага өмүр жолун көрсөтөсүң.
Сенин алдыңда — толук кубаныч, оң колуңда —
түбөлүк жыргал.
*Заб. 15:11*

Ыйык Рухтун күчү менен
үмүткө бай болушуңар үчүн, үмүт берүүчү
Кудай силерди ишеним жолунда кубанычка
жана тынчтыкка бөлөсүн.
*Рим. 15:13*

Анткени Ал көз ирмемге
эле каарданат, ал эми ырайымы түбөлүк:
кечинде — ый, эртең менен
болсо — кубаныч.
*Заб. 29:6*

Теңир жөнүндө кубанам,
Кудайым жөнүндө жаным кубанат.

Анткени Ал мага куткаруу чапанын
кийгизди, чындыктын кийимин кийинтти.
Ал мага күйөөгө таажы кийгизгенсип таажы кийгизди,
Ал мени колуктуну жасалгалар менен
жасалгалагансып жасалгалады.
*Ыш. 61:10*

## ЖЫЙЫРМА ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

# ӨТКӨН КЕЗДИН КАРГЫШТАРЫН КАНТИП ТАЛКАЛАШ КЕРЕК

Ата-энелерибиздин сырткы түзүлүштөрүн, мисалы, энебиздин көзүн же атабыздын мурдун, же чоң энебиздин чачынын өңүн мурастаарыбыз баарына маалым. Бирок, биз ошондой эле ата-энелерибиздин мүнөздөрүнүн өзгөчөлүктөрүн, мисалы, жаман кыялын, көз артууларын, кечире албастыгын, өзүнө суктануусун, текебердигин, жалган айтууга шыгын, депрессияга чөгүүлөрүн да мурастаарыбызды билесизби? Бул жана башка рухий тамырдуу сапаттар ата-энелерден балдарына жана неберелерине өтүшү мүмкүн. Кээ бир үй-бүлөлөрдүн тарыхы бир нече муун бирдей эле көйгөйлөр менен, мисалга алсак, үй-бүлөдө тыгыз мамилелерди түзүүнү билбестик, нике бузуу, аракечтик, баңгизаттык, өз өмүрүн кыюу, депрессияга чөгүү сыяктуу көйгөйлөр менен кездешерин баяндашат. Адамдар актанууга аракет жасап: «Эмне кыла алам, ушунтип жаралып калыптырмын» — дешет.

Ата-энелердин балдарынын тагдырына таасир берүүсү жөнүндө айтсак, Ыйык Жазууда Кудай «...балдарын ата-ба-

баларынын күнөөсү үчүн үчүнчү, төртүнчү тукумуна чейин» (Чыг 20:5) жазалаган Кудай деп жазылган. Бул аятта Кудайды сүйбөгөн адамдар жөнүндө жазылган. Буга карабастан, ишенүүчү ата-энелер да күнөөнүн жолун тандашы мүмкүн, ал эми бул нерсе балдарына өтө олуттуу түрдө таасир бербей койбойт.

Ыйык Жазуу мындай дейт: «Ошентип, ким Машайактын ичинде болсо, ал — жаңы адам. Мурункунун баары өтүп кетти, азыр баары жаңы болду» (2 Кор. 5:17). Бирок, бул биз Ыйсага келип, күнөө кылуу жөндөмүбүздөн толук арылабыз дегенди билдирбейт: бул биз күнөөнүн натыйжасынан, башкача айтканда, өлүмдөн эркинбиз дегенди билдирет, жана биз азгырыктарга каршы турууга күчкө ээ болдук дегенди билдирет. Бирок, күн сайын биз тандоо жасашыбыз керек: бул эркиндикте жана күчтү колдонуп жашоону же тескерисинче, күнөө кылып жашоону чечишибиз керек.

Ыйык Жазуу дагы мындай дейт: «Машайак бизге тартуулаган эркиндикте жашагыла, кайрадан кулчулуктун моюнтуругун кийбегиле» (Гал. 5:1). Биз күнөөнүн кулдугунан бош экенибиз ырас болсо, анда эмне үчүн Ыйык Жазуу бизге бул коркунуч тууралуу дагы эскертүү берип жатат? Жооп мындай: Ыйса бизге боштондук бергенине карабастан, биз артка, күнөөгө кайрылууну тандаганга укуктуубуз.

Биз азгырылып, кээде денелик каалоолорго баш ийип, жасабаш керек болгон нерселерди жасайбыз. Жагымсыз үй-бүлөлүк салттарды сактап, аларды балдарыбызга да өткөрүп берген учурларыбыз аз эмес. Дайыма өтө турган сырткы түзүлүштөр менен салыштырмалуу, күнөө кылууга шыктуулукту биз багынып, кыңк этпей ата-энелерибизден кабыл ала турган мурас эмес. Эмне үчүн? Себеби, күнөө кылууга жөндөмдүүлүк, бул биз шайтандын жалганын эч шексиз эле чын-

дык катары кабыл алууга макулдук дегенди билдирет. Душман бизге эми биз Ыйсанын ичинде жаңы адам эмес экенибизге, ата-бабалардын күнөөлөрүнөн бош эмес экенибизге ишендирүүнү каалайт. Шайтан ишенүүчү адамга анын атасы же чоң атасы аракеч болгон болсо же киши өлтүргүч болгон болсо, же аялынын сазайын окуткан адам болгон болсо, же жакындарын кууратып жүргөн болсо, ууру болгон болсо, мунун баары анын үй-бүлөсүнүн табыгий сапаттары экенин, эми ал да ошолордой болор экенине ынандырууну каалайт. Бирок, чындыгында, эгер биз кааласак, үй-бүлөлүк күнөөлүү салттар менен байланышты сыйынуулар менен жана Ыйык Рухтун күчү менен үзө алабыз. Ал эми биздин бузукулугубуз балдарыбыздан күзгүдөн көргөндөй чагылышып жаткан болсо, анда биздин милдетибиз — алардын бизден келген жаман мурастан арылуусу үчүн сыйынуу.

«Кудай бизди Өзүнүн ырайымы менен куткарган болсо, ал эми Ыйык Рух бизди тазалап, жаңыланткан болсо жана биз Ыйсанын каны аркылуу акталган болсок, эмне үчүн мен дагы дале күнөө кыла берем?» — деп мен бир нече жыл мурун өзүмдүн рухий насаатчымдан сурадым. «Бул эки себеп менен болуп жатат: же күнөөң үчүн толугу менен тобо кыла элексиң, же сен билип-түшүнүп туруп, атайын күнөө кылып жатасың», — деди ал. “Мен качандыр-бир убакта мени менен болгон окуялар үчүн үй-бүлөмдүн кээ бир мүчөлөрүн дагы да кечире албай жатам”, — дедим мен. — Бирок мен бул күнөөмдү мойнума алгам жана тобо кылгам. Эмнеге эле мен аны акырына чейин жеңе албай жатам?».

«Сенин энең башкаларды кечире албаган адам эле, туурабы?» — деп насаатчы сурады. «Ооба, ошондой эле. Ал дээрлик бардыгына нааразы болчу. Ошол себептен ал бардыгынан четтеп калган эле. Достору да ушул себептен аны таштап

кетишкен: ал алардын кичине да жаңылыштыктарын кечирүүнү каалабастыгы менен аларды өзүнөн алыстатып салган». «Сен бул сапатты- кечирүүнү билбестикти, өз энеңден мурастап албадың бекен, бул жөнүндө ойлонуп көрдүң беле, эми бул сенин жеке мүнөзүңдүн бир бөлүгү болуп калган чыгар? Балдар ата-энелеринин сапаттарын мураска алышат», — деди ал.

Менин кыймыл-аракеттеримди туура ой жүгүртүү гана жетектебеши мүмкүн деп мен эч качан ойлогон эмесмин. Менин чечимдериме жана менин кечире билүүнү эч үйрөнө албастыгыма дагы бир нерсе таасир берип турчу. Бул жөнүндө канчалык көп ойлонгон сайын, менин оюма туугандарымдын кекчил болуп, кечирбеген учурлары келе берчү болду. Дээрлик бардык үй-бүлөлөр кайсы бир учурда өчөшүү, каардануу сезимдерине толгон окуяларды башынан өткөрүшөт жана көбүнесе бул окуяларга көздөрүн жумуп, тууганчылык мамилелер үзүлүп калбашы үчүн, байкабаска аракет кылышат.

«Бул мени актабастыгын билем, бирок менин үй-бүлөмдүн мүчөлөрү бири-бирине карата кекчил экенин көрүп турам, алар бири-бирин кечире алышпайт, — деп мен мойнума алдым. — Бирок, эң коркконум, менин балдарым да бул сапатты мурастап алышса керек. Алар да бири-биринин кээ бир туура эмес иштерин кечире албай жүрүшкөнүн байкап жүрөм. Мен жана күйөөм бул дүйнөдөн кеткенден кийин, балдарыбыз бири-бирине чоочун адамдардай болуп калсачы деген ой менин жүрөгүмдүн үшүн алат. Балдарым үчүн мен бул күнөөдөн бошонушум керектигин түшүнүп турам».

Ошол күнү насаатчым экөөбүз кечирүүнү билбестик биздин үй-бүлөлүк сапат катары муундан муунга өтпөшү үчүн, Ыйык Рухтун күчү менен токтошу үчүн бирге сыйындык. Мен Ыйык Жазуудагы биз Ыйсада жаңы адам экенибиз жөнүндө

жана мен өткөн чактын күнөөлүү салттары же адаттары менен жашабашым керектиги жөнүндөгү аятты айтып жаттым. Бул мен үчүн ачылыш болду жана кечирүүнү каалабаган учурда, дал ошол замат, аны мойнума алууну, керек болсо, саат сайын мойнума алып турууну чечтим.

Кечирүүнү каалабастык күнөөсүнөн мен тобо кылып, сыйынып, кечирим сурап, канчалык көп жолу бошонуп жаткан сайын, мен балдарымдын бошонуусу ишке ашып жатканын ачык көрө баштадым, себеби алардын мамилелери көз алдымда жакшыра баштады. Албетте, алардын кечирүүнү каалоосу менден гана көз каранды эмес, алардын өздөрүнө тийиштүү каалоо. Бирок, алар кечирүүнү билүү үлгүсүн көрүп туруусу аларга да туура чечим чыгарууга түрткү берет.

Ата-энелерде балдарынын мүнөзүн оңдоо үчүн эң жакшы куралы бар — өз мүнөзүн өзгөртө баштоо, муну өзүңдөгү күнөөнү мойнуңа алуудан баштасаң эң жакшы болот. Эгер күнөө кайталанып жаткан болсо, ал жакында тамырланып алат. Мисалы, жалган — бул күнөө. Кайталанган жалган дагы бир жаңы жалганга жол ачып берет, ошентип, тез арада абалды башкара албай каласың. Же дагы бир мисал: өлүмдү каалоо — бул дагы күнөө. «Мен өлгүм келет» — деген сөздү адам кайталай берсе, тез эле аны бул ой башкарып, кубалап алганын байкайт.

Сиз күнөө кылып, Кудайдын жолунан чыгып кеткениңизди түшүнсөңүз, ошол замат Теңирдин алдында тобо кылыңыз, Ага күнөөңүздү ачыңыз жана: «Теңир, сиздин жетегиңизди сурайм, жашоомду өзгөрткөнгө жардам бериңиз» — деп, кечирүүсүн сураныңыз.

Андан соң, сиздин жана сиздин балдарыңыздын үстүнөн бийликке ээ болгон ата-энеңиздин күнөөсүн, алардын ата-энелеринин күнөөлөрүн атынан атаңыз да, сыйыныңыз. Ыйык

Жазуу мындай дейт: «Ошол Рухтун Өзү биздин рухубузга Кудайдын балдары экенибизди күбөлөндүрүп жатат. Эгерде балдары болсок, анда мурасчылары да болобуз. Машайак менен бирге даңкталыш үчүн, Аны менен бирге азап тартып жатсак, анда Кудайдын мурасчыларыбыз, Машайак менен мурасташпыз» (Рим. 8:16,17). Биз үй-бүлөлүк күнөөлөрдүн эмес, Кудайдын мураскорлору болгубуз келет.

Ыйсанын ысымы менен биз ар кандай үй-бүлөлүк күнөөлөрдөн бошоно алабыз жана Ыйык Рухтун күчү менен биз аларды балдарыбыздын жашоолоруна кирүүсүнө тыюу сала алабыз. Балдарыңыздын үй-бүлөдөгү мурунку муундардын күнөөлөрүнөн запкы жегенин каалабасаңыз, дал азыр сыйына баштаңыз.

## *Сыйынуу*

**Теңир,** Сиз Өз Сөзүңүздө жакшы адам неберелерине мурас калтырат деп айткансыз (Накыл. 13:22). Мен Сизден суранам, мен балдарыма калтырып жаткан мурасым Сиздин алдыңыздагы таза жана такыбаа жашоом үчүн сыйлык болсунчу. Ошондуктан, Ыйсанын ысымынан Сизден суранам: мени ата-бабаларымдан жана туугандарымдан мурастап алган ар кандай күнөөлөрдөн тазалачы. Сиздин алдыңыздагы ар бир күнөөмдү мойнума алам жана кечирүүңүздү жана айыктырууңузду суранам, анткени Сөзүңүздө жазылган: «Эгерде күнөөлөрүбүздү мойнубузга алып ачык айтсак, ишенимдүү жана адилеттүү Кудай күнөөлөрүбүздү кечирет жана бизди бардык адилетсиздиктен тазалайт» (1 Жкн. 1:9). Күнөөлөрүмдү мойнума алып, тобо кыл-

ганымда, балам менден бул күнөөлөрдү мурастап алуу коркунучу азайарын билем.

Ыйса айткан го: «Мен силерге жыландарды, чаяндарды жана душмандын бардык күчүн тебелеп таштагыдай бийлик бергем» (Лук. 10:19). Эгер шайтан менин баламды менин жашоомдо кылынган күнөөнү кылууга түртсө, мен Ыйса Машайакта мага берилген күч жана бийлик менен анын пландарын талкалайм. Өзгөчө мен (үй-бүлөгө таандык болгон, балаңызды ошол күнөөдөн коргоону каалаган өзгөчө күнөөлөрдү атап) сыйынам жана Сизден эмес болгон бардык нерседен баш тартам.

Ыйса, биздин өткөн жашообуздан келген бардык күнөөлөрдөн бошоткону келгениңиз үчүн Сизге ыраазымын. Биз ошол күнөөлөрдөн көз каранды болуудан баш тартабыз. Асмандагы Ата, Сиз бизди: «жарыктагы ыйыктардын мурасына үлүштөш болууга татыктуу кылганыңыз...» (Кол. 1:12) үчүн ыраазымын, Сиз бизди караңгылыктын бийлигинен бошоттуңуз. Менин балам (кызым) туугандарыбыздын жаман мүнөздөрүн мурастабасынчы деп суранам, бирок ал Сиздин: «Дүйнө жарала электе эле... даярдалган Падышачылыкты мураска алгыла» (Матф. 25:33), деген буйругуңузга ылайык жашасынчы. Рахмат Ыйса, Сиздин ичиңизде бардык өткөн мезгил аяктап, жаңы жашоо башталганы үчүн ыраазымын.

## Сиздин сыйынууңузду таасирдүү кылганга жөндөмдүү болгон
## ЫЙЫК ЖАЗУУДАН АЯТТАР

Машайак бизге тартуулаган
эркиндикте жашагыла, кайрадан кулчулуктун
моюнтуругун кийбегиле.
*Гал. 5:1*

Теңирибиз Ыйса Машайактын
Кудайы жана Атасы даңкталсын! Анткени
Ал Ыйса Машайакты өлгөндөрдүн арасынан
тирилтүү аркылуу бизге тирүү үмүт берүү үчүн,
асманда сакталган чирибес, таза, соолгус мураска
ээ кылуу үчүн, бизди Өзүнүн улуу ырайымы менен
кайрадан төрөлттү. Акыркы убакта айкын көрүнүүгө
даяр турган куткарылууга ээ болууңар үчүн,
силер ишенимиңер аркылуу Кудайдын
күчү менен корголуп турасыңар.
*1 Пет. 1:3-5*

Теңирдин руху Менде,
анткени Теңир Мени жакырларга жакшы
кабар таратууга майлады. Мени жүрөгү
кайгыргандарды айыктырууга, туткундарга
эркиндик жарыя кылууга, камактагыларга
толук боштондук жарыя
кылууга,
*Ыш. 61:1*

Ошентип, ким Машайактын
ичинде болсо, ал — жаңы адам. Мурункунун баары
өтүп кетти, азыр баары жаңы болду.
*2 Кор. 5:17*

Анткени биз да бир кезде акылсыз,
баш ийбес, адашкан, кумарлардын жана ар
кандай күнөөлүү каалоолордун кулу болгон,
жамандык, көрө албастык кылып жашаган, жек көрүндү,
бири-бирибизди жек көргөн адамдар элек. Бирок
Куткаруучубуз Кудайдын жакшылыгы жана адамдарга
болгон сүйүүсү айкын болгондо, Ал бизди адил
иштерибиздин негизинде эмес, Өзүнүн ырайымынын
негизинде кайра төрөлтүү менен жуунтуу жана Ыйык Рух
аркылуу жаңылантуу менен куткарып алды.
Биз Кудайдын ырайымынын негизинде акталып,
үмүтүбүзгө ылайык түбөлүк өмүрдүн мураскорлору
болуп калышыбыз үчүн, Кудай ал Ыйык Рухту
Куткаруучубуз Ыйса Машайак аркылуу
үстүбүзгө мол төктү.
*Тит. 3:3-7*

## ЖЫЙЫРМА ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

# БАҢГИЗАТКА, АРАКЕЧТИККЕ ЖАНА БАШКА КӨЗ КАРАНДЫЛЫККА КАНТИП КАРШЫ ТУРУШ КЕРЕК

Шайтан биздин балдарыбыздын артынан түшүп, аңдып жүрүүдө, аларды бизден уурдап алуу аракетинде ал бардык күчүн жумшоодо. Аракка, баңгизатка жана башка заттарга көз карандылык — анын сүйүктүү «кайырмактары». Балдарыбызга болгон кол салуулар ушунчалык күчтүү болгондуктан, алар өздөрү жалгыз аларга каршы тура алышпайт. Бакытка жараша, аларда биз барбыз, бек турганга жардам берүүчү биздин сыйынууларыбыз, колдообуз, биздин кеңештерибиз бар. Бир жагынан, аракка же баңгизаттарга кызыгуу эч качан аларда пайда болбошу үчүн балдар жөнүндө сыйынууну баштоо эч качан эрте болбойт, себеби өтө жаштайынан эле бул «сыйыртмакка» илинип калуу коркунучу зор. Экинчи жагынан, бул муктаждыктар үчүн сыйынууну баштоо эч качан кеч да болбойт, себеби адам жашоосунун ар бир учурунда эле мындай азгырыктарга туруштук бере албай калышы ыктымал. Мен бир элүү жаштан өтүп калганда аракеч болуп калган адамды билем. Ал ичкиликке кызыгуусу бар экенин эч качан танган эмес, бирок күчтүү ичимдиктерди су-

нуш кылган бир кечке барып калганга чейин бул алсыздыкка алдырган эмес эле. Ал бир аз ууртап койгон, бирок үйүнө келип, токтоно албай калган. Анын сыйынуучу энеси бар болгондо, же ал үчүн сыйынууда болгон атасы бар болсо, же ал үчүн арачылык кылып турган сыйынуу топторундагы достору болсо, сөзсүз түрдө эле мындай болбос керек эле.

Мен Теңирди даңктоочу машайакчы музыканттардын азгырыкка алдырып, аракеч болуп кетишкенин же баңгичиликке берилип кеткендерин өз көзүм менен көргөм. Мындай адамдар рухий согуштун алдыңкы катарында жүрүшөт жана көбүнесе, душман аларды жеңип алганга чейин коркунучту көрүшпөйт. Алар шайтан үчүн эң оңой олжо болушат да, алардын жашоосунда сыйынуу калканыч болбогондуктан гана алар душмандын торуна түшүп калышат. Бирок, моюнга алыш керек, алардын кээ бирөөлөрү өз ыктыяры менен күнөөнүн жолуна түшүшөт, ошентсе да, көпчүлүгү такыбаа жашоо менен жашагылары келгени да чындык. Бул зор кайгынын себебин биз өзүбүздүн денебиздин кумарланган үнү жана ибилистин кол салуулары чындыгында, биз ойлогондон да алда канча күчтүүлүгүнөн издешибиз керек. Ар бирибизде болгон алсыз учурларыбызда эч качан кылам деп ойлобогон ишти кылып коюшубуз мүмкүн. Сыйынуулар аркылуу таасир берген Кудайдын күчү гана баарын өзгөртө алат.

Сиздин балаңыздын (кызыңыздын) ушул сыяктуу көйгөйлөрү дал ушул учурда бар болсо, эгерде шайтан алардын жашоосунда кандайдыр-бир орунду дал ушул учурда ээлеп алган болсо, олку-солку болбостон, өзүңүздүн Теңирде ким экениңизди билип, дароо аны менен салгылашты баштаңыз. Сиздин балдарыңыз шайтанга эмес, сизге таандык, жана сиз Кудайдын тактысынын алдында алар үчүн арачы боло аласыз. Сиздин бийлигиңиз жана күчүңүз бар. Шайтандын күчү да,

бийлиги да жок. Анын иштөө ыкмалары белгилүү: жалган жана алдоо. Сиздин Куткаруучуңуз, сиздин жашооңуздагы бардык нерсенин, балдарыңыздын да Теңири болгон Ыйса Машайактан алган күч менен шайтандын жалганын ашкерелеп, бетин ачыңыз.

Ыйык Жазуу мындай дейт: «Ошентип, ичсеңер да, жесеңер да, эмне кылсаңар да, баарын Кудайды даңкташ үчүн кылгыла» (1 Кор. 10:31). Келгиле, биздин балдарыбыз өздөрү үчүн кам көрүшсүн деп жана алардын иш-аракеттери Теңирди даңктоо каалоосу менен таасирленсин деп сыйыналы.

## *Сыйынуу*

**Теңир,** мен Сизден балам (кызым) ар кандай көз карандылыктан — өзгөчө ичимдиктерге жана баңгизаттарга болгон көз карандылыктан эркин болсунчу деп суранам. Бекемдеңизчи, Өзүңүзгө жакындатыңызчы жана бардык нерседе Сизге таянганды үйрөтүңүзчү. Ал жүрө турган жолду көрсөтүңүз жана өзүн-өзү сактоо менен ал Сизге кызмат кылып жатканын көрсөтүңүз.

Теңир, Сизден суранам: ичимдиктерге же баңгизаттарга кызыктыруу аркылуу менин баламды жок кылууга багытталган шайтандын бардык пландарын талкалаңыз, ал эч качан бул заттарга кызыкпасынчы. Сиздин Сөзүңүздө жазылган: «Адамга түз көрүнгөн жолдор бар, бирок алардын аягы — өлүмгө алып баруучу жол» (Накыл. 16:25). Ага жалганды айырмалап билүүнү үйрөтүңүз жана өлүм алып келген бардык нерселерге «жок» деп айтканды, ал эми Сизден бол-

гон бардык нерсеге, өмүр тартуулаган бардык нерсеге «ооба» деп жооп бергенди үйрөтүңүз. Ар бир азгырыкта чындыкты таанып-билгенге үйрөтүңүз, жамандыктан жана шайтандын жайып койгон торунан сактаңыз. Ал ар дайым өмүрдү тандасынчы жана бул дүйнөдө бардык нерсе Сизден көз каранды экенин түшүнө билсинчи.

Ыйсанын ысымынан менин балам (кызым) өз денесин Сиздин даңкыңыз үчүн тазалыкта сактасынчы деп сыйынам.

## Сиздин сыйынууңузду таасирдүү кылганга жөндөмдүү болгон
## ЫЙЫК ЖАЗУУДАН АЯТТАР

Анткени күнөөкөр табиятыңар
дын каалоосу боюнча жашасаңар, анда өлөсүңөр.
Ал эми күнөөкөр табияттын иштерин Рухтун жардамы
менен өлтүрсөңөр, анда тирүү болосуңар.
*Рим. 8:13*

Жүрөгүңдөн кайгыны жок кыл,
денеңди жамандыктан алыс кыл, анткени балалык да,
жаштык да — курулай убаракерчилик.
*Нас. 11:10*

Бүгүн силердин алдыңарда асман
менен жерди күбөгө тартам. Мен сага өмүр менен өлүмдү,
алкыш менен каргышты сунуш кылдым. Өзүң жана укум-
тукумуң өмүр сүрүшү үчүн, өмүрдү тандап ал.
*Мыйз. 30:19*

Куулугу жок адамдарды
өздөрүнүн адилдиги куткарат, ал эми мыйзамсыздар
өздөрүнүн мыйзамсыздыгы менен торго түшүшөт.
*Накыл. 11:6*

Эгерде силерди Уул эркин кылса,
анда чындап эркин болосуңар.
*Жкн. 8:36*

## ЖЫЙЫРМА ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ

# БАЛАГА ӨЗ ТАЗАЛЫГЫН САКТООНУ БААЛАГАНДЫ КАНТИП ҮЙРӨТҮШ КЕРЕК

Балдарыбызды күтүп жаткан эң жаман бактысыздыктар — оор жарааттар, өлүм же түбөлүк тозок менен бир катарда жыныстык байланышта кылынган күнөөлөр турат. Эмне үчүн? Себеби анын натыйжалары ата-энесинин да, балдарынын да жашоосунун акырына чейин таасирин тийгизет. «Боюнан алдыруу», «никесиз секс», «ойноштук», «гомосексуализм», «жыныстык жугуштуу оорулар», «СПИД» — мына, булардын баарынан ар бир ата-эненин жүрөгүнүн үшүн алып, үрөйдү учурган оорулардын узун тизмеси. Бүгүнкү күндө болсо бул «өлдүм же калдым» деген маселе. Жыныстык бузукулук из калтырбай өтүп кетпеси баарына маалым. Бирок биз балдарыбыздын денелик сактыгы жөнүндө гана кам көрүп жатканыбыз жок. Ыйык Жазуу: «...жаныңарга каршы күрөшкөн дене кумарларынан качкыла» (1 Пет. 2:11) — деп чакырат. Жыныстык бузуктук жанды да бузат.

Бул көйгөй үчүн мен уулум менен кызым кичинекей кезинде эле сыйына баштагам жана чаалыкпастан, азыркы күндө

да сыйынуумду улантуудамын. Албетте, менин балдарымдын СПИДден өлүп калышын каалабайм, же Кристофер жана Аманда мыйзамдуу түрдө нике түзө электе эле неберелүү болуп калгым келбейт. Мындан сырткары, мен алардын Кудайдын айтканын укпай, тил албастык кылып, алар үчүн дайындалган максатка жетпей калышын каалабайм. Адам, өзүнүн денелик кумарын канааттандырыш үчүн, Кудайдын жашоосундагы катышуусунан, тынчтыгынан, баталарынан жана кубанычтан баш тартышы мүмкүн экенин мен билем. Бирок, төлөй турган баа өтө эле зор.

Балаңыз өспүрүм болуп калганга чейин күтүп, сыйынбай коюуга болбойт, ошондой эле балага Кудайдын жолдорун үйрөтпөй коюуга да болбойт. Дал азыр сыйына башташ керек. Бүгүнкү күнү кумарлардын торуна түшүү ого бетер оңой: ар кайсы жерде ачык-айкын афишалар, кинодогу жана жарнамалардагы үзүндүлөр, журналдардагы ачык сүрөттөр балдарыбыздын артынан түшүп, кубалап жүрөт. Балдардын жандары үзгүлтүксүз ок жаадыруунун астында жана аларды бул азгырыктар четтеп кетет деп ойлоп, биз алданып жатабыз. Андай эмес, себеби азгырыктардын күчү зор. Балдар ата-энелеринин арачылык сыйынууларына муктаж. Уулуңуз же кызыңыз мындай күнөөнүн кыйратуучу таасирине дуушар болуп калган болсо да, эч качан күнөөнү моюнга алып, тобо кылууга жана кечирим алып, айыкканга кеч эмес.

Ыйык Жазуу минтет: «Өзүнө таянган адам акылсыз, акылмандык менен жүргөн адам аман-эсен болот» (Накыл. 28:26). Биз балдарыбыз өздөрүнүн туруксуз сезимдерине эмес, Кудайга ишене алышсын деп, алар акылмандуулукта кадам шилтешсин, коркунучтуу тузактардан качышсын деп, Кудайдын осуяттарына ылайык иш-аракет кылышсын деп сыйынышыбыз керек.

Эрди-катындын жеке жашырын жашоосунун тазалыгы — Кудайдын жолдорунун бири, бул жол менен жүрүүнү жаштайынан баштап үйрөнүш керек. Балаңыз (кызыңыз) канча жашта болгону маанилүү эмес — наристеби, өспүрүмбү, же ал отуздан ашып калдыбы, тазалыгын сактап келе алдыбы же жыныстык жашоодо тажрыйбасы барбы — баары бир азыркы учурдагы жана келечектеги анын жеке жыныстык жашоосунун тазалыгы үчүн сыйына бериңиз.

## *Сыйынуу*

**Теңир,** мен Сизге жалынам: менин балам (кызым) жашоосунун акырына чейин өзүнүн жеке жыныстык жашоосунда тазалакты сактай алсынчы. Ага такыбаа жашоого каалоо бериңизчи, тазалык анын инсандык сапатынын бир бөлүгү болуп калсын жана анын иш-аракеттеринин негизи болсун. Карама-каршы жыныстагы адамдар менен мамилелеринде сөзсүз Сиздин осуяттарыңыз менен жетектелсин жана Сизден эмес болгондун баарын таштаганга жардам бериңиз. Сиздин Сөзүңүздүн чындыгына анын көзүн ачыңыз жана никесиз жыныстык катнаш эч качан бата алып келбестигин, мындай катнаштар туруксуз жана чыныгы сүйүүнүн негизи боло албай турганын түшүнүүгө жардам бериңиз. Анын жаны эч качан жыныстык күнөөлөрдүн натыйжасынан жапа чекпесинчи.

Мен баламдын (кызымдын) жашоосунда никеге турганга чейин эч качан жыныстык катнаш болбошу үчүн сыйынам жана турмуш кургандан кийин өзүнүн жубайынан башка эч ким менен жыныстык байланышы

болбошу үчүн жалынам; гомосексуализм күнөөсү ага эч качан тиешелүү болбошу үчүн да суранам. Менин баламды жүрөгүндө жаман ою бар адам менен мамилелешүүдөн сактаңыз жана ошондой адамдарды анын жашоосунан алып салыңыз. Аны ар кандай зордуктан сактап, коргоңуз. Анын көздөрүн бул дүйнө сиңирип алган ар кандай бузуктуктан буруңуз жана ал Сиз берген эскертүүнү билсин: «...бул дүйнө менен достук Кудайга каршы кастык» (Жкп. 4:4). Ал ар дайым Сизге жагынууну кааласын жана алдыңызда эч качан ойноштук кылып никени бузбасын. Анын жанын денелик кумарлануудан сактаңыз. Ыйык Рух, коркунучтарда белги берүүчү ышкырык катары, балама өз иш-аракеттеринде Сиздин көз алдыңызда туура деп эсептелгендин жанына, чекке жакындап калганын ар дайым эскертип турсунчу.

Сиздин Сөзүңүздө: «Сыноолорду башынан өткөрүп жаткан адам бактылуу. Анткени сыноодон өткөндөн кийин, ал адам Теңир Өзүн сүйгөндөргө убада кылган өмүр таажысын алат» (Жкп. 1:12), — деп жазылган. Аны азгырып жатышканда менин балама жардам бериңиз жана чындыкта бек турганга күч бериңиз, денелик кумарларына «жок» деп айта алганга жардам бериңиз. Бекемдеп, акырында түбөлүк өмүрдүн таажысын алышы үчүн такыбаа жашаганга үйрөтүңүз.

## Сиздин сыйынууңузду
## таасирдүү кылганга жөндөмдүү болгон
## ЫЙЫК ЖАЗУУДАН АЯТТАР

Кудайдын каалоосу —
силердин ыйыкталышыңар:
ойноштук кылуудан алыс болгула;
ар ким өз денесин ыйык жана таза сактай
билсин, Кудайды таанычбаган бутпарастарга
окшоп дене кумарына
батпасын;
*1 Тес. 4:3-5*

Ойноштук кылуудан качкыла.
Адам кылган бардык күнөөлөр денеден
тышкары болот, ал эми ойноштук кылган
адам өз денесине каршы
күнөө кылат.
*1 Кор. 6:18*

Тамак кардың үчүн,
кардың тамак үчүн. Бирок Кудай
тигини да, муну да жок кылат. Дене ойноштук
кылуу үчүн эмес, Теңир үчүн,
Теңир болсо
дене үчүн.
*1 Кор. 6:13*

Силер адам баласынын
башына келе турган эле сыноолорго
туш болдуңар. Кудай ишенимдүү, Ал силердин

көтөрө алгыс сыноо менен сыналышыңарга
жол бербейт. Сыноону көтөрө алышыңар үчүн,
сыноо учурунда чыгуу жолун
да берет.
*1 Кор. 10:13*

Тескерисинче, ар ким өзүнүн
кумарына берилип, алданып азгырылат.
Кумар түйүлүп, күнөө туулат. Ал эми кылынган
күнөө өлүмгө дуушар
кылат.
*Жкп. 1:14,15*

## ЖЫЙЫРМА БЕШИНЧИ БӨЛҮМ

# КУДАЙ ДАЯРДАП КОЙГОН ЖУБАЙЫН ТАБУУГА БАЛАГА КАНТИП ЖАРДАМ БЕРИШ КЕРЕК

Балдарым төрөлгөндөн кийин көп өтпөй эле мен алардын болочок жубайлары үчүн сыйына баштадым. Мен бүгүнкү күнү да алар үчүн сыйынуудамын жана алардын никеси кыйылган күнгө чейин сыйына бермекчимин. Муну менен бирге мен алардын жүрөгүндө эч качан ажырашам деген ой да пайда болбосу үчүн сыйынам. Балким, кимдир-бирөөгө мындай сыйынуулар мезгилсиз деп көрүнөттүр, бирок андай эмес. Турмушка чыгуу же үйлөнүү чечими биздин балдар үчүн Ыйсаны өз жүрөктөрүнө кабыл алуу чечиминен кийинки орунда турган эң маанилүү чечимдер, себеби ушул чечимдер алардын келечектеги жашоосун аныктайт, андан сырткары, алардын ушул кадамдары үй-бүлөлөрүнүн жашоосуна да таасирин тийгизет. Туура эмес чечим чыгаруу бүт жакындарына жүрөк оору алып келиши мүмкүн. Сиздин балаңыз үчүн ким эң жакшы жубай боло ала турганын Кудай гана билгендиктен, демек, бул маселелерде Ал гана жакшы кеңешчи боло алат, Анын гана ою жана пикири туура, акыркы чечим болот.

Ийгиликсиз турмушка дуушар болгон, жубайларынын оройлугун башынан өткөрүп жаткан, жарынын бузукулук кылганын билген, кайра экинчи жолу турмушка чыккан, абдан кеч (балалуу болууга кеч болуп калган) турмуш курган, же жалгыздыктан жапа чегип жүргөн тааныштарым жөнүндө ойлонгонумда, мен алардын эч кимисинин болочок жубайлары үчүн сыйынган, болочок үй-бүлөлөрү үчүн жалынып-жалбарып турган ата-энелери болбосо керек деген тыянакка келем. Башка жагынан, мен алардын никесин идеалдуу деп атоого мүмкүн болгон, жогоруда айтылып келген эч бир кырсыктар аларга тиешелүү болбогон көптөгөн түгөйлөрдү билем. Бул таң калыштуу эмес, анткени алар үчүн качандыр-бир убакта ата-энелери сыйынышчу же туура чечим чыгардык деп так ишенгенге чейин, Кудай алардын чечимин бекитти деп билгенге чейин өздөрү болочок жарлары үчүн сыйынышчу. Мындай адамдар карама-каршы жыныстагы адамдар менен мамилелеринде жеңил ойлуулук кылышкан эмес, Кудайдын аягы суюктуктан алыс болгула деген осуятын четке кагышкан эмес. Алар өздөрүн Кудай алар үчүн даярдап койгон болочок эрлери, аялдары үчүн таза сакташкан жана натыйжасында, мол сыйлыкка ээ болушту.

Менин байкоолорум жана өз тажрыйбам мага бир нерсени далилдеп турат: эгерде биз бул жөнүндө Өз бийлиги менен экөөнү бириктире турган Кудайга сыйынып турсак, анда чындыгында, нике асманда кыйылат.

Чоң үлпөт тойлор жубайлык бакытты убадалабайт. Кудай гана бакыт бере алат. Ыйык Жазуу мындай дейт: «Адам жүрөгүндө көп нерсени ниет кылат, бирок Теңирдин белгилеп койгону гана ишке ашат» (Накыл. 19:21). Үй-бүлө жана нике маселелри боюнча кеңеш берген консультанттар күйөө бала менен колуктуну такыбаалыктын жолуна алып барышпайт,

аларды Кудай-Теңир гана жетектейт. Жаш жубайлар кеңеш алуу үчүн Кудайга кайрылышса жана Анын осуяттарын ээрчип барышса гана алар бактылуу боло алышат. Ал эми биздин сыйынууларыбыз балдарыбызды Кудайдын эркин издөө жолунда бек кармап турат жана өздөрүнүн каалоолорун же сезимдеринин жетегинде болбогонго жардам берет.

Ыйык Рух никени бекемдейт; ажырашуу руху никени бузат. Кудайдын Руху балдарыбызды жетектеши үчүн жана алардын келечегин аныктап бериши үчүн сыйынып турушубуз керек.

Сиздин балаңыз же кызыңыз азыр никеде болсо, жубайлар «бир ой, бир пикирде» (1 Кор. 1:10) болушу үчүн сыйыныңыз, себеби «ич ара бөлүнгөн үй-бүлө бузулат» (Мат. 12:25). Алардын үйүндө мамилелеринин ортосуна «жик сала» турган ажырашуу руху болбосун деп сыйыныңыз. Уулуңуз же кызыңыз азыркы учурда ажырашып жүргөн болсо, талкаланып калгандын баары калыбына келсин деп, келечекте алардын жашоосунда ажырашуу оюна орун болбосун деп сыйыныңыз.

Балдарыңыздын жаш-курагына карабастан, алардын никеси үчүн сыйына бериңиз. Ажырашуу адатка айланды жана тиги же бул убакта ар бирөөгө коркунуч туудурат. Келиңиз, биргелешип ага каршы туралы жана өзүбүздү, балдарыбызды Кудайдын Уулу, Ыйса Машайактын Ыйык Руху менен коргойлу.

## *Сыйынуу*

**Теңир,** мен суранам Сизден (Сиз менин балам үчүн никесиз өтүүнү белгилеп койбосоңуз), балама (ысымын атап) ылайыктуу жубайды бериңиз. Ага эң туура келген жар бериңиз жана балама (кызыма) өз жубайына туура мамиле кылганды үйрөтүңүз. Жар тандоо убак-

тысы келгенде, менин балам Сизге тил алчаак болсун. Бул чечимди ал өз денелик кумарланынын эмес, Сиздин Сөзүңүздүн негизинде кабыл алсын. Ал өз акылына таянбастан, Сизге бүт жүрөгү менен таянсынчы, жана бардык жолдорунда Сизди таанысынчы жана Өзүңүз анын кадамдарын багыттаңыз (Накыл. 3:5-6).

Менин баламдын жубайы болууну белгилеп койгон адам жакшы адам болсун жана Сиздин осуяттарыңызды сүйсүн. Ал адам менин баламды (кызымды) бактылуу кыла алсын; балам (кызым) жөн эле кумарлуу ашыктык менен Сиз, Теңирим, ал үчүн белгилеп койгон адамга болгон чыныгы сүйүүсүн ажыратып, айырмалап биле алсынчы. Нике курбай турган адам менен ал кызыга турган болсо, Теңир, суранам Сизден, мындай мамилелерди бузуп салыңыз. Борбору Сиз болбосоңуз эч бир нике туруктуу боло албасын түшүнүүгө ага жардам бериңиз. Сиз жубайлык мамилени баталабасаңыз, эч ким бата бере албайт, себеби Сөзүңүздө: «…Эгерде үйдү Теңир курбаса, анда аны куруп жаткандардын иштегени бекер. Эгерде шаарды Теңир сактабаса, сакчынын уктабай сак турганы бекер» (Заб. 126:1), — деп жазылган. Жалынып, суранам Сизден: бактылуу үй-бүлөнүн пайдубалы боло турган никени куруп бериңиз.

Менин балам (кызым) тандоо жасагандан кийин жана турмуш курам деген чечим чыгарган соң, мен Сизден суранам, Теңирим, анын тандаган адамы Кудайдын адамы болсун, Сиздин ишенимдүү кулуңуз, Сизди сүйгөн жана Сиздин жолуңуз менен жүргөн, мага бала (же кыз) боло турган, үй-бүлөбүзгө бата боло турган адам

болсун. Менин баламдын никеси бир, жалгыз, түбөлүк нике болсун. Баламдын никесинде акылына, жан-дүйнөсүнө же денелик эч бир зомбулук таасир бербесин жана андайга орун да жок болсун, анын үй-бүлөсүн эч кандай бөлүнүү рухуна баш ийбеген, акыл тарабынан, жан-дүйнө жагынан жана денелик биримдик бекемдеп турсун. Мен кызым (уулум) жубайларды уруш-чатакка алып келүүнү каалаган ажырашуу рухунан, ырксыздыктын, четке кагылуунун рухунан бош, эркин болсун деп сыйынам. Экөөнө тең жеке тазалыгын сактоо каалоосун бере көрүңүз жана берген убадаларын сактоого умтулуу бериңиз.

Баламдын тандаган адамы анын жалгыз жубайы жана бүт өмүр бою ишенимдүү досу болсун; алардын мамилелеринде ишенимдүүлүк, жылуулук, бирин-бири түшүнүү, бирин-бири колдоо, кам көрүү жана өмүрүнүн акырына чейин сүйүү падышалык кылсын.

**Сиздин сыйынууңузду таасирдүү кылганга жөндөмдүү болгон ЫЙЫК ЖАЗУУДАН АЯТТАР**

Кудай дүйнөнү жарата
баштаганда эле, адамдарды эркек,
аял кылып жараткан. Ошондуктан адам ата-энесин
таштап, аялы менен биригет. Экөө бир дене болот.
Ошентип, алар экөө эмес, бир дене. Демек,
Кудай кошконду адам ажыратпасын.
*Мар. 10:6-9*

Никеңер адал болсун,
нике төшөгүңөр булганбасын. Бузулгандар менен
нике бузгандарды болсо Кудай соттойт.
*Эвр. 13:4*

Ыйса аларга: «Аялын кетирип,
башканы алган адам ойноштук
кылган болот».
*Мар. 10:11*

Жакшы аял тапканы — ырыс тапканы,
Теңирден ырайым көргөнү.
*Накыл. 18:22*

Силер муну да кылып жатасыңар:
Теңирдин курмандык чалынуучу жайына ый
жана зар-муң менен көз жаш төгүп жатасыңар,
бирок Ал мындан ары тартууңарды карабайт,
силердин колуңардан курмандыктарды кабыл албайт.

Силер: «Эмне үчүн?» — деп сурап жатасыңар. Анткени жаш
чагыңда алган аялың экөөңөрдүн ортоңордо Теңир күбө
болгон, ал сенин өмүрлүк жолдошуң жана никелүү аялың
болгонуна карабастан, сен ага ишенимсиздик кылдың.
Бирок ичинде өзгөчө руху бар бир адам ушундай
кылган эмес беле? Ал адам эмне кылды эле?
Ал Кудайдан тукум алууну каалаган. Ошондуктан
рухуңарды сактагыла, эч кимиңер жаш чагыңарда
алган аялыңарга ишенимсиздик кылбагыла.
«Ким аны жек көрүп, кетирип жиберсе, – дейт
Ысрайылдын Кудай-Теңири, — ал өзүнүн кийимин
булгайт, — дейт Себайот Теңир. Ошондуктан
өз рухуңарды сактагыла жана ишеним
сиздик кылбагыла.

*Мал. 2:13-16*

## ЖЫЙЫРМА АЛТЫНЧЫ БӨЛҮМ

# БАЛАГА КЕЧИРГЕНДИ КАНТИП ҮЙРӨТҮШ КЕРЕК

Мен балдарымдын алдында бир нерсе үчүн кечирим сурашыма туура келсе, ар дайым: «Мен кечирдим» деген сөздү уккум келет деп мен аларга өтүнүчүмдү айтам. Бул сөзгө мен абдан муктаж болгондуктан эмес, алар кечире албастыктан толугу менен бошонушу үчүн бул аларга керек болгондуктан ошол сөздү айтышын суранам. Ошол сыяктуу эле, балдарым чатакташып, анан кайрадан элдешкен учурларда, мен алардын бири-бирине: «Мен сени кечирдим», — деп айтышын суранам. Ошол маалда алар али бири-бирине ачууланып турса да, бул сөздөр алардын ички жан-дилине таасирин тийгизерин мен билем. Албетте, «мен кечирем» деген сөз жүрөгүңөн чыкса, абдан жакшы болмок, бирок, ал сөздөр анча тереңдиктен чыкпаса да, айтпай койгондон көрө, кечирүү каалоосу пайда болгонго чейин күткөнгө караганда, айтуу жакшы го деп ойлойм.

«Кечирүү — бул силердин чечим, — Кристофер менен Амандага мен түшүндүрөм. — Бирөөнү кечирбөө аркылуу силер жашооңорго тиги же бул түрдө өлүмдүн киришине урук-

сат бересиңер. Адамды кечире алыш үчүн, эң алгач ал үчүн сыйынуудан баштоо жакшы. Биринчи убакта оңой болбойт, бирок, кечирүүнү чечип жана кечире баштап, биз сыйынууну талап кылган дагы көптөгөн көйгөйлөрдү көрө баштайбыз, ошондо бизди таарынткан, капаланткан адамга карата жүрөгүбүз ачыла баштайт».

Мен башкалардан кечиримди күтүп жүргөн көптөгөн үй-бүлөлөрдү билем. Алар кечирүүнү каалашпайт; алар качан аларда кечирүү каалоосу пайда болот деп, күтүп жүрүшүүдө. Натыйжасында, мындай үй-бүлөнүн мүчөлөрүнүн арасында кастык пайда болот да, тамырлана баштайт; алар бири-бирине жана бири-бири жөнүндө жаман айта башташат, кээде жада калса, бир нече жылга мамилелери үзүлөт. Бири-бирине болгон кичи пейилдүүлүк жана жылуу сезимдердин жоктугунан алардын бардык сөздөрү жана иш-аракеттери өчөшүү рухуна толгон, бул рухтун иштешине алар өздөрү уруксат беришкен. Үй-бүлөнүн бир нече мүчөсүнүн кекчилдигинен бүт үй-бүлө залал тартат.

Бала ата-энесин гана урматтап тим болбостон (ага бул үчүн жашоосу баталанат деген убада бар), алардын каталарын жана жаңылыштыктарын, балким, оор натыйжаларга алып келген каталарын да кечириши керек. Алар эже-карындаштарын да, ага-инилерин да, жеңе-агаларын да, чоң ата-чоң энелерин да, досторун да, кастарын да, өздөрүн да кечириши керек, ал эми биз болсо аларды мунун бардыгында колдоп турушубуз керек. Балдарыбызды кечиргенге үйрөтпөсөк, биз алардын жашоосунда жамандыктын жана келечектеги кырсыктардын пайдубалын куруп берип коебуз.

Балдарыбыздын жүрөгү жумшарышы үчүн, биз аларды кечирүүнү жана сыйынууну гана үйрөтпөшүбүз керек. Эгерде биз балдарыбыздын адамдарды сүйүүнү үйрөнүшүн каала-

сак, биз өзүбүздү да кечиргенди үйрөнүшүбүз керек. Кекчилдик, кыжырдануу оңой эле биздин жашообуздун бир бөлүгү болуп калат, бул аркылуу биз жонубузда канчалык оор жүктү көтөрүп жүргөнүбүздү байкабай деле калабыз.

Башка бир адамды кечирүү деген анын күнөөсүн актоо эмес, бирок менин өзүмдү эркин кыла турганын түшүнгөнүмдө, кечирүү мен үчүн бир далай оңойго тура баштады. Мен кечирсем, мен ага: «Сенин кылганын — бул туура эле иш», — деп айткан менен барабар экен деп дайыма ойлочумун. Бирок бул таптакыр андай эмес. Кечирүүбүз менен биз Кудайдын адилеттүүлүгүнө ишенимибизди далилдейбиз. Кудайга: «Ата, бул адамга болгон ачуулануу менин жан-дүйнөмдү ээлеп алышын мындан ары каалабайм», — деп айтуубуз менен, биз Кудай чындыкты билерин мойнубузга алып, Ага Соттоочу болууга уруксат болот, себеби Ал гана болгон окуя тууралуу толук чындыкты билет.

Ыйык Жазуу мындай дейт: «Ошон үчүн Теңир силерге ырайым кылуусун создуктуруп жатат, силерге боорукердик көрсөтүүсүн токтотуп жатат, анткени Теңир — акыйкат Кудай. Аны күткөндөрдүн баары бактылуу!» (Ыш. 30:18). Өзүбүздүн кечире албастыгыбызды мойнубузга алып, Кудайга ачык айтуу менен биз Анын батасын алабыз жана эркин болуп калабыз жана Кудай иш жүргүзүп баштарын жөн гана, тынчтыкта күтө алабыз. Бул ошол күтүүбүзгө арзырлык эмеспи? Бул эмне, жашообузда ооруларга жана азап чегүүлөргө жол ачып, жаныбызды өчөшүүнүн түрмөсүндө камоодон артык эмеспи?

Аны уруп-согуп жүргөн атасын уулу кантип кечирет? Кызын өлтүргөн мас айдоочуну кантип эне кечире алат? Жаш, бойго жеткен кыз аны зордуктап салган таекесин кантип кечире алсын? Ага ырайымсыздык көрсөткөн адамга кантип ырайым

боло алат? Бул эч качан мүмкүн эмес, эгерде адамдар Теңирге ишенип калбаса, Анын кечиримин толук түшүнүп, кабыл албаса, бул мүмкүн эмес. Биз Теңирден толук, жеткилең кечиримин, өзүнүн ичинде өмүр жана биздин табиятыбызды толук жаңылантууну камтыган кечиримди кабыл алганыбызда биз сезген жеңилдик менен жана көздөрүбүздөн аккан кубанычтын көз жашы менен эч нерсени салыштырууга мүмкүн эмес. Пабыл айткан: «Бир туугандар, мен өзүмдү жеттим деп ойлобойм. Болгону, арттагыны унутуп, алдыга умтулам. Максатыма — Кудайдын Машайак Ыйса аркылуу бере турган жогорку сыйлыгына умтулуп жатам» (Фил. 3:13,14).

Биз мурунку жашообузга байланган бойдон кала берсек, анда Кудай биз үчүн даярдап койгон жашоо менен жашай албайбыз. Ыйса мындай деген: «Ырайымдуулар бактылуу, анткени аларга да ырайым кылынат» (Матф. 5:7). Келиңиз, балдарыбыз адамдарга ырайымдуу болушсун деп, жана аларга карата болгон Кудайдын ырайымын сезүүгө эч нерсе тоскоолдук кылбасын деп сыйыналы. Алар жакынына: «мени сен кечирдим!», — деп, ар бир ылайыктуу учурда айта алгандай болсун; таарынычтын ачуу тамыры алар менен Кудайдын ортосунда дубал болуп калбасын жана алардын сыйынууларына да жолтоо болбосун деп сыйыналы. Биздин бул дубалды уруп, тешкенге убактыбыз жок; сыйыныш керек болгон биздин андан башка көптөгөн көйгөйлөрүбүз бар.

## Сыйынуу

**Теңир,** Сизден суранам: менин балама (кызыма) кечиргенди үйрөтүңүз. Сиздин анын бардык күнөөлөрүн кечиргениңиздин тереңдигин көрсөтүңүз, ал да башка-

ларды оңой эле кечиргенди үйрөнсүн. Өз сезимдерине таянбастан, Сиз буйругандай, башкаларды кечирүүгө аны үйрөтүңүз. Ал кечирип, адамдын ишин актабасын, тескерисинче, ал өзү эркин болуп каларын ачып бериңиз. Ар бирибиз жөнүндө чындыкты толугу менен Сиз гана билесиз жана ошондуктан, ал эч кимди соттой албайт.

Теңир, Сиздин Сөзүңүздө жазылган: «Ким бир тууганын сүйсө, ал жарыкта жашап жатат жана эч кимге азгырык болгон жок. Ал эми ким бир тууганын жек көрсө, ал караңгылыкта жүрөт жана өзүнүн кайда бара жатканын билбейт. Анткени караңгылык анын көзүн сокур кылып койгон» (1 Жкн. 2:10,11). Мен качандыр-бир убакта ачуулуу, каардуу болгонумду көрсөтүңүз, себеби мен андай болгум келбейт. Мен бара жаткан жолумду ачык-айкын көргүм келет. Ушул эле нерсени мен балам үчүн суранам: ал ар дайым кечиримдин жана сүйүүнүн жарыгында жүрсүн. Ага үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүн кечиргенге, досторун жана башка бардык адамдарды кечиргенге үйрөтүңүз. Мурунку жашоонун сыйыртмактарынан арылганга аны үйрөтүңүз, ошентип, ал Сиздин мурасыңызды ала алсын. Анын жүрөгүнүн түбүндө ачуулук, кабыл албастык же жек көрүү катылып калбасын, мындай сезимдер пайда болор замат, бардыгын Сиздин алдыңызга келип, ачып бергенге үйрөтүңүз.

Теңир, суранам, менин балама мурунку күнөөлөрү үчүн өзүн кечиргенди үйрөтүңүз, бул жер жүзүндө жана анын жеке жашоосунда болуп жаткан нерселер

үчүн ал Сизди айыптаганга эч качан батына да албасын. Сиз үйрөткөндөй эле, мен баламдын душмандарын сүйө алышы үчүн, каргагандарга бата бере алышы үчүн, жек көргөндөргө жакшылык кыла алсын деп, таарынткандар үчүн жана куугунтуктагандар үчүн сыйынсын деп мен Сизден жалбарам (Мат. 5:44-45). Ыйсанын ысымынан менин балам Сиз анын бардык күнөөлөрүн кечиргениңизди түшүнүп, ошол түшүнүктөн кубанычка толсун деп сыйынам.

## Сиздин сыйынууңузду таасирдүү кылганга жөндөмдүү болгон ЫЙЫК ЖАЗУУДАН АЯТТАР

Кыжырдан, ачуудан,
каардан, кыйкырыктан, заар тилден
жана бардык жаман нерселерден арылгыла.
Бири-бириңерге кайрымдуу, боорукер болгула.
Кудай силерди Машайак аркылуу
кечиргендей, бири-бириңерди
кечиргиле.
*Эф. 4:31,32*

Эгерде силер
башкалардын күнөөлөрүн
кечирсеңер, анда асмандагы Атаңар
да силерди кечирет. Эгерде башкалардын
күнөөлөрүн кечирбесеңер, анда Атаңар
да силердин күнөөлөрүңөрдү
кечирбейт.
*Мат. 6:14,15*

Падыша каарданып,
бүт карызын бергенче, аны жазалоочулардын
колуна тапшырды. Эгерде ар бириңер өз бир
тууганыңардын күнөөсүн чын жүрөктөн
кечирбесеңер, асмандагы Атам да силерге
так ушундай мамиле кылат».
*Мат. 18:34,35*

Адил адамдардын батасы
менен шаар гүлдөйт, ал эми мыйзамсыздардын
тили менен шаар талкаланат.
*Накыл. 19:11*

Кимдир бирөөгө каршы
бир нерсеңер бар болсо, сыйынып жатканыңарда,
аны кечирип койгула. Ошондо асмандагы
Атаңар да силердин күнөөлөрүңөрдү
кечирип коет.
*Мар. 11:25*

## ЖЫЙЫРМА ЖЕТИНЧИ БӨЛҮМ

# ТОБО КЫЛУУНУН МААНИЛҮҮЛҮГҮН ТҮШҮНҮҮГӨ БАЛАГА КАНТИП ЖАРДАМ БЕРИШ КЕРЕК

Өз күнөөлөрүн моюнга алууну, андан соң тобо кылып, кечирим алууну үйрөтпөгөндүктөн гана, алар өмүр бою айыптуу сезимдин басымында жашаган балдарды көрдүңүз беле? Алардын жүздөрү айыптоодон эркин балдардын жүздөрүнө караганда, анчалык ачык жана жайдарыңкы болбой калат. Ыйык Жазуу мындай дейт: «Ага кайрылгандардын көздөрү ачылды, алар уятка калышпайт» (Заб. 33:6). Өз каталарын моюндарына алган, алар үчүн өкүнүп, өзгөрүүнү каалаган балдардын сырткы көрүнүштөрү да башкача болот жана бардык күнөөлөрүн жашырып, өзгөрүүнү каалабаган курдаштарынан башкача көрүнүшөт.

Өз күнөөлөрүн моюнга алуу жана тобо кылуу — аткарууну үйрөнүш керек болгон жашоонун эки негизи, себеби тобо кылынбаган күнөө Кудай менен анын ортосунда тоскоол, дубал куруп коет. Тобо кылуу, тагыраак айтканда, «күнөөдөн бурулуу жана эч качан кайталабайм деген чечим чыгаруу», балаңыз үнүн чыгарып, ачык: «Мен ушуну кылдым. Мен өкүнөм жана башка кайталагым келбейт», — деп айткан учурда ишке

ашат. Тобо кылынбаган күнөө балаңызды кулчулукта кармайт, жана бул нерсе анын жүзүндө, анын иш-аракеттеринде жана мүнөзүндө чагылышат.

Тил албас Ысрайылга кайрылып, Кудай мындай деген: «Ошол жерде силер өзүңөрдүн жолдоруңарды, силерди булгаган бардык иштериңерди эстейсиңер. Ошондо өзүңөрдүн кыянат иштериңер үчүн өзүңөрдөн өзүңөр жийиркенесиңер» (Жез. 20:43). Өзүбүздөн өзүбүз жийиркенүүнү биз да сезебиз, бул көпчүлүк учурда өзүбүздү төмөн баалообузда айкын болот. Эгерде биз, ата-энелер, аларга күнөөлөрүн моюнга алып, тобо кылууну үйрөтпөсөк, аларда өзүн-өзү төмөн сезүү жана айып сезими алардын жан-жүйнөсүнө сиңип алып, алардын жашоосун толугу менен талкалашы мүмкүн.

Мен балдарым бир нерсени туура эмес жасап койгонун алар мага айта электе эле жүздөрүнөн билип койчу элем. Кийинчерээк алар мага күнөөсүн жашыруу, аны ичинде кармап жүрүү канчалык оор сыноо болгону тууралуу айтышчу эле.

«Мен Кудайдан мен билишим керек болгон нерсенин баарын мага ачып берип турушун суранган болчумун, ошол себептен, — деп мен балдарыма айтып калчумун. — Ыйык Рух ар дайым силер туура эмес кылганыңарда мага айтып турат».

Балдарыбыздын таза балалык көздөрү түнөрүп калганын байкаар замат, биз алардын жүрөгүндө жашыруун болуп калган ар бир күнөөнү, ал күнөөлөрдүн олуттуу натыйжалары айкын болгонго чейин эле, ачып беришин сурап, Теңирге кайрылышыбыз керек. Мунун баарын Кудай кылат, себеби «Ал жүрөктөгү сырларды билет» (Заб. 43:22). Баарыбыз эле «жакшынакай жана кең пейил», бирок аялдарын уруп-сабап, балдарын кысымга алган, же болбосо, абдан «шаңдуу» жашап жүргөн эрлер жөнүндө укканбыз. Мындай эркектин жүрөгүндө сөзсүз эле жашыруун, тобо кылынбаган күнөө

катылып жүргөнү шексиз. Балдарыбыздын ачыкка чыкпаган, тобо кылынбаган ар бир күнөөсү акырында, натыйжасы жаман болуп чыгаары да шексиз. Ачыкка чыгарууга убакыт келди. «Өзүңөр кылып жүргөн күнөөлөрдүн баарынан баш тарткыла, өзүңөргө жаңы жүрөк жана жаңы рух жараткыла. Ысрайыл эли, силерге өлүмдүн кереги эмне?» (Жез. 18:31). Сиздин өзүңүздүн же балдарыңыздын жүрөгүндөгү ар бир тобо кылынбаган күнөөнү ачыкка чыгарышын Кудайдан сураңыз, кийин ал күнөө үчүн дененин же жандын сактыгы менен баа төлөп калбаш үчүн, Теңирден сураныңыз.

Күнөө өлүмгө алып барат. Тобо кылуу өмүргө алып барат. Биз Кудайга маалым болуш үчүн күнөөлөрүбүздөн тобо кылбайбыз — Ал ансыз деле баарын билет. Тобо кылуу — бул бизге тазаланууга жана кайрадан баарын жаңыдан баштоого мүмкүнчүлүк. Балдарыбыз биздей эле бул нерсеге муктаж.

## *Сыйынуу*

**Теңир**, суранам Сизден: менин баламдын (ысымын айтып) ичинде өз каталарын моюнга алуу жүрөк жаратыңызчы. Кечирим жана тазаланууга ээ болуш үчүн, ага өз күнөөлөрүнөн чын дилден тобо кылганды үйрөтүңүз. Сиздин осуяттарыңыз ага жакшылык алып келиш үчүн берилгенин түшүнгөнгө жардам бериңиз жана Сиз андан күтүп жаткан моюнга алуу, тобо кылуу анын жашоосундагы эң чоң адат болуп калышы керектигин ага түшүнүүгө жардам бериңиз. Сиздин алдыңызда чындыкта жүрүү каалоосун бериңиз, ал Дөөт менен бирге: «Күнөөлөрүмдү тазаргыча жууп, кылмышымдан тазала... Кудайым, таза жүрөк жарат, рухумду жаңыла.

Менден жүзүңдү бурба, менден Өзүңдүн Ыйык Рухуңду алба. Мага Өзүңдүн куткаруу кубанычыңды кайтарып бер, бийлиги бар Рухуң менен мени бекемде» (Заб. 50:4; 12-14), — деп айта алсынчы.

Ар бир жашыруун күнөөнү ачыкка чыгарыңыз, Теңирим, менин балам мойнуна алып, тобо кылып жана кечирилгендей болсунчу. Сиздин Сөзүңүздө жазылган: «Мыйзамсыз иштери кечирилип, күнөөлөрү жабылган адам бактылуу!» (Заб. 31:1) Менин балам эч качан күнөөсүн жашырбасын деп, тескерисинче, чын дилден тобо кылууга ар дайым даяр болсун деп сыйынам. Ал Сизге кайрылып: «Кара, мен коркунучтуу жолдо эмесминби, мени түбөлүктүү жолдо жетектеп жүр», (Заб. 138:24) — деп айтсын. Ал эч качан айып сезиминин басымында жашабасын, дайыма таза абийир менен, Сиз, Теңирим, Ыйса Машайакта аны кечиргениңизди түшүнүп жашасын. Анын жүрөгү ар дайым Сизге кайрылгандай болсун, жүзү ар дайым жарык болсун деп Сизден суранам.

## Сиздин сыйынууңузду таасирдүү кылганга жөндөмдүү болгон ЫЙЫК ЖАЗУУДАН АЯТТАР

Сүйүктүүлөрүм,
эгерде жүрөгүбүз айыптабаса,
анда Кудай алдында кайрат
туулукка ээбиз. Эмне сурасак да, Андан алабыз,
анткени Анын осуяттарын аткарып жатабыз
жана Ага жакканды кылып
жатабыз.
*1 Жкн. 3:20,21*

Күнөөкөр өз жолун,
мыйзамсыз жаман ойлорун таштап,
Теңирге кайрыл сын. Ошондо Ал ага ырайым кылат,
биздин Кудайга кайрылсын, анткени
Ал өтө ырайымдуу.
*Ыш. 55:7*

Ошондуктан, Ысрайыл эли,
Мен силерди, ар бириңерди жолуңарга
жараша соттойм, – дейт Кудай-Теңир. —
Күнөөңөрдү мойнуңарга алып, Кудайдан
кечирим сурагыла, өзүңөрдүн кылмыштарыңар
өзүңөргө тоскоол болбош үчүн,
кылмыштарыңардан
бурулгула.
*Жез. 18:30*

Өз кылмыштарын жашырган
адам ийгиликке жетпейт, ал эми өз кылмыштарын
мойнуна алып, аларды таштаган адамга
ырайым кылынат.
*Накыл. 28:13*

Ошондуктан күнөөлөрүңөрдүн
кечирилиши үчүн, тобо кылгыла, Кудайга
кайрылгыла. Ошондо силерге Теңирден кубанычтуу
мезгилдер келет, Ал силерге алдын ала дайындалган
Ыйса Машайакты жиберет.
*Элч.иш. 3:19,20*

## ЖЫЙЫРМА СЕГИЗИНЧИ БӨЛҮМ

# ДУШМАНДЫН ТИРЕКТЕРИН КАНТИП ТАЛКАЛАШ КЕРЕК

Балаңыздын жүрүм-турумунда же анын абалында сизди тынчсыздандырган, чочулаткан бир нерсе байкаган учурларыңыз, бирок ошол тынчсызданууңуздун себебин түшүнбөгөн учурлар болду беле? Эгерде андай учурлар болгон болсо, Кудай сиздин ичиңизге салган табыгий, тубаса сезимиңиздин үнүнө кулак салыңыз жана Андан мунун чыныгы себебин сураңыз. Бардыгы билген, бүт ааламдын Эгедери менен сиздин байланышыңыз бар, сиз Андан бардык ачылыштарды жана акылмандыкты сурай аласыз.

Балдарыңыздын жүздөрүнөн айыптуу сезимди байкап, бирок эмне себептен алар ушундай көрүнүп жатканын түшүнбөгөн учур болду беле? Башкача айтканда, туура эмес бир иш жөнүндө сөз болуп жатканын билесиз, бирок далилдериңиз жок болчу. Мындай учурда мен Теңирге дайыма минтип сыйынчумун: «"Оо Кудай! Сен менин акылсыздыгымды билесиң, менин күнөөм Сенден жашыруун эмес" (Заб. 68:6). Менин балам менен эмне болуп жатканын мага ачып бериңизчи». Ошондо ар дайым Теңир мага денелик кумар менен жасалган

ар бир күнөөнү ачып берчү. Маселен, балдарымдын бирөөсү өз бөлмөсүнө мен тыюу салган тамактын бир түрүн жашыруун ташып, жеп жүргөн. Башка жолкусунда, өздөрү каалаган натыйжага жетиш үчүн, алар жалган айтып коюшкан. Ар бир жолу алардын күнөөсү менин сыйынуумдан кийин ачыкка чыккан.

Балдарымы атаңарды же апаңарды алдап коем деп ойлобогула, себеби Кудай баары бир бардыгын аларга ачып берет деп мен эскерткем. Тез арада эле алар менин сөзүм чын экенин өз көздөрү менен көрүштү.

Бир окуяны мен жакшы эстеп калыптырмын. Бул окуя Аманда жети жаш кезинде болгон. Күн сайын эртең мененки тамактын алдында, биздин доктурдун тапшырмасы боюнча, мен Амандага үч кичинекей дары — витамин берчүмүн. Адатта, мен аларды анын идишинин жанына, кичине тарелкага салып койчумун. Алгач, ал кежирленип, ичкиси келчү эмес, бирок тез эле тынчтанып, каршылыгы да, наараызычылыгы да токтоду. Бирок, ушул учурдагы Аманданын жүрүм-туруму мени тынчсыздандыра берди, мен бир нерсе сезип турдум, бирок себебин түшүндүрө албадым.

Мен Теңирге: «Теңир, Аманданын жашоосунда мен көрүшүм керек болгон, бирок көрө албай жаткан нерсени көрсөтүңүз», — деп кайрылдым.

Соңку бир нече күн эч нерсе болгон жок, мен да көчүүгө даярданып, көп иш менен алек болгондуктан, бул тууралуу ойлонгонго да дарманым болбоду. Чоң жүктөрдү алып кеткенге жүк ташуучу адамдар келген учурда, биз балдардын отургучтарынан жаздыкчаларды чече баштаган элек. Ошондо, Аманданын отургучунун жаздыкчасынан мен жыйырма алты даана дары таптым. Мен көргөн көзүмө ишене албадым. Мен тапканымды күйөөмө көрсөттүм, биз күлүп жибере жаздап,

карманып калдык, бирок кызыбыз менен олуттуу сүйлөшүү бизди күтүп турганын түшүнүп турдук.

Биз дагы беш жаздыкчаны чечип, алардын төртөөсүнүн алдынан дагы жыйырма-отуздай дары таптык. Аманда отурган жерден алыс турган отургучтун гана алдында эч нерсе жок болуп чыкты. Биз боорубуз эзилгиче күлдүк.

Аманда мектептен кайтканда, анын алдында мисирейип отурган бизди көрдү. Үстөлдүн үстүндө куржкага толо витаминдер, анын жанында башка кружкада толтура суу турган эле. Ага талап түрүндө сөз айтылды: алдындагынын баарын бир ичкиси келбесе, кылыгын түшүндүрүшү керек.

Бул окуя күлкүмүштүү жана маанисиздей көрүнүшү мүмкүн, бирок бул жорук ачылбай калса, акырындап, чоң жалганга айланып кетмек, натыйжасында бул балабыздын жашоосунда жалган адаттагы иш болуп калмак. Мен Теңирге Ал бизге ушундай нерселер абдан олуттуу ишке айланып *кете электе* ачып берип турганы үчүн ыраазымын.

Балдырыңыз менен түшүнүксүз бир нерсе болуп жатканын байкасаңыз, сөсүз эле мунун себеби кандайдыр-бир жашыруун күнөө болбошу мүмкүн, балким көйгөйдүн сыры ал бир нерседен коркуп жатканында же бир нерсе аны жүрөкзаада кылып жатканында болушу мүмкүн. Мүмкүн, ал айласы кетип же каңгы баш болуп жүргөндүр, же бирөөгө көз артып, кыйналып жаткандыр, же өзүмчүлүктүн бийлиги астында болуп, текеберденүүдөн кыйналып жүргөндүр. Ойлоп-табуу дайыма кыйын; андан көрө Кудайдан сураңыз. Дал ушул учурда абалды так түшүнө албасаңыз да, баары бир сыйыныңыз. Ушундай учурларда сыйынуу үчүн Ыйса бизге үлгү калтырып кеткен: «Азгырылышбызга жол бербе» (Мат. 6:13). Кээде бизден өзгөчө баамдагычтык таптакыр талап кылынбайт; биз жөн гана Өз Рухунун күчү менен балдарыбыздын жашоосун жарык

кылып беришин жана жамандыктан сакташын сураныш, Кудайга сыйынууларыбызды жөнөтүп турушубуз керек. Эң негизгиси, ушул укугубузду барктабай койбосок эле болду.

Бүгүн сиздин балаңыздын жүрүм-туруму сизге нормалдуу көрүнүп турса да, сыйынуу таасирдүү жана эффективдүү курал болуп кала берет. Балдарды дайыма бир нерседе шекшип туруу да болбой турган иш; биз алардын жашоосуна ыңгайлуу учурду таап, кирип, таасир бергенди аңдып жүрөгн алардын жандарынын душманынан сак болушубуз керек. Кудайдын Сөзү: «Эстүү жана сергек болгула. Силердин душманыңар шайтан кимди жутуп жиберсем деп, айкырган арстан сыяктуу тегеренип жүрөт» (1 Пет. 5:8), — деп эскертүүдө. Кийинки аят да бизди так иш-аракетке шыктандырып: «*Каршы тургула», — деп* буйрук берет. Келгиле, сыйыналы.

## *Сыйынуу*

Теңир, мен балам (ысымы) үчүн арачы болуп, Сиздин алдыңызга келем жана суранам Сизден: Теңир, баламдын жашоосунан Сизге жагымсыз нерсенин баарын алып салыңыз, ошол нерселер анын күнөө кылыш үчүн жашоосуна негиз болуп калбасын. Ал эмнеден арылыш керектигин мен билбей жатсам да, Сиз билесиз. Ыйсанын ысымынан аны айыктырышыңызды суранам. Мен: «Бул дүйнөдө жашап жатканыбыз менен, адамдык кылып күрөшпөйбүз. Анткени күрөшө турган куралдарыбыз адамдык куралдар эмес, алар — чептерди талкалаган Кудайдын күчүнө ээ куралдар. Алар менен биз Кудайды таанып билүүгө каршы турган ар кандай ойлорду, менменсинүүчүлүктү талкалайбыз жана

ар кандай ой жүгүртүүлөрдү Машайакка тил алдыруу үчүн туткундайбыз» (2 Кор. 10:3-5), — деген сөзүңүздү билем.

Балам менен мамилелешүүдө мага акылмандык бериңизчи. Шайтан тымызын кыларын билем, ошондуктан Сизге гана таянам, Теңирим, жана мен билишим керек болгондун баарын мага көрсөтүңүз. Мен тынчсызданып турганда, балам үчүн кооптонуп, чочулап турган учурларда сыйынууну үйрөтүңүз. Менден жашыруун нерсенин баарын мага ачыңыз, бардык сырлар айкын болсун. Мен алдын-ала бир нерсе кылышым керек болсо, мага ачык көрсөтүңүз. Мага баламды тарбиялаганга жардам берип жатканыңыз үчүн рахмат, Теңирим.

Теңир, бүгүн мен Сиздин колуңузга баламды (кызымды, ысымдарын) тапшырып жатам, коргой көрүңүз, анын жашоосунда тамырланып бара жаткан күнөөнү ага көрсөтүңүз. Жүрөгүнө чеп куруп алгысы келген шайтан менен күрөшүүдө ага күч бериңиз. Балама душмандын жакын келип калганын айырмалап, сезгенге жардам бериңиз, дайыма зарыл болгондо Сизге чуркап келип турсун, Сизде тирек жана коргонуу издесин. Ал Сизге: «...Мени жашыруун күнөөлөрүмдөн арылт» (Заб. 18:13), — деген сөздөр менен кайрылсынчы.

Мен Сиздин Сөзүңүз боюнча жарыялайм: «Теңир мени ар кандай жамандыктан куткарып, Өзүнүн Асмандагы Падышачылыгы үчүн сактайт. Ал түбөлүккө даңктала берсин! Оомийин» (2 Тим. 4:18).

## Сиздин сыйынууңузду таасирдүү кылганга жөндөмдүү болгон ЫЙЫК ЖАЗУУДАН АЯТТАР

Сага Асман Падышачылыгынын
ачкычтарын берем. Жер үстүндө эмнени байласаң,
асманда да ошол байлануу болот. Жер үстүндө эмнени
чечсең, асманда да ошол чечилүү болот.
*Матф. 16:19*

Эгерде адам бүт дүйнөгө ээ болуп,
бирок өз жанына зыян келтирсе, андан ага эмне пайда?
Адам өз жанын куткарып алуу үчүн кандай
кун төлөй алат?
*Матф. 10:26*

Бузуку адам жазаланбай
калбайт деп, кепилге өтүүгө болот,
ал эми адил адамдардын тукуму
куткарылат.
*Накыл. 11:21*

Теңир эзилген адамга баш паана,
кайгы учурунда таяныч болот.
*Заб. 9:10*

Мени чакыр, ошондо Мен сага
жооп берем, Мен сага сен билбеген улуу жана
кол жеткис нерсени көрсөтөм.
*Жер. 33:3*

## ЖЫЙЫРМА ТОГУЗУНЧУ БӨЛҮМ

# БАЛАГА АКЫЛМАНДУУЛУККА ЭЭ БОЛУУГА КАНТИП ЖАРДАМ БЕРИШ КЕРЕК

Менин балам бейтааныш адамдын машинасына түшкөнгө болбосун билеби? Кооптуу болгондуктан, терең көлмөнүн тегерегинде ойногонго тыюу салынганын билеби? Менин уулум же кызым баңгизаттын даамын татып көрүүнү сунуш кылган досторуна «жок» деп айта алабы? Көчөдөн өтүүнүн алдында оңго, солго карайбы? Өзүнө таптакыр ылайык келбеген кызга менин уулум «турмуш куралы» деп сөз айтып койбойбу? Балдарым күмөнсүз алдыда тосуп турган коркунучту сезе алышабы? Балдардын аман-эсендиги жана коопсуз жашашы көпчүлүк учурда алар өздөрү кабыл алган чечимдерге байланыштуу болот. Бирок ошол чечимдердин мүмкүн болгон натыйжалары ар бир ата-эненин жүрөгүн оорутуп, кутун учурат.

Эгерде балдарыбыз акылмандык, чындыкты жалгандан ажырата билүү жана Кудайдын үнүн угуу сыяктуу белектерге ээ болбосо, алардын кабыл алган чечимдеринин тууралыгынан биз шектенсек болот. Бул белектерге ээ болуунун жалгыз бир жолу — Кудайга аларды берүүсүн суранып, кайрылуу. Ыйык

Жазуу бизге: «Киминерге акылмандык жетишпей жатса, баарына берешендик менен, жемелебестен берген Кудайдан сурасын, ага берилет» (Жкп. 1:5) — деп айтат.

Жашообуздун бардык абалдарын Кудай жетектеп турат деген сезим сизде болду беле? Мисалы, сиз өзүңүзгө түшүнүксүз көрүнгөн чечимди кабыл алууга туура келген, бирок натыйжасында, ал чечим эң туура болуп чыккан. Балким, светофордун жарыгы уруксат берип турса да, сиз ошол тарапка бурган эмессиз. Бирок, эгер сиз бурган болсоңуз, алдыңызда катуу ылдамдык менен келе жаткан машина менен сөзсүз кагышмак элеңиз. Сиз туура кылгансыз, бирок муну сиз өзүңүз кылган жоксуз. Кээ бирөөлөр муну жөн гана дал келүүчүлүк деши мүмкүн, бирок мен мындай учурларда Кудайдын көрөгөчтүгүн билем.

Биз балдарыбыздын акылдуу, акылман болушун тилейбиз, себеби өсүп-жетилип, алар өз жашоолорунда барган сайын оор чечимдерди кабыл алууга туура келет. Мисалы, уулум мектепти бүтүрүп, маанилүү чечим чыгарышы керек болгондо, мен өзүмчө обочо жайда отуруп, ал үчүн сыйынып жаттым: «Теңир, ага акылмандуулук бере көрүңүз жана Сиздин так жетегиңиз болсун». Кудай жооп берди жана азыр биз ошол маалда Кристофер кабыл алган чечимдин тууралыгын көрүп турабыз, бирок ошол учурда эмне себептен дал ушул чечим чыгарылгандыгынын себебин бир Кудай гана билет.

Накыл. Сөздөр китебинде жакшы айтылган: «Акылдуу уул атасын кубантат, акылсыз уул — энесинин кайгысы» (Накыл. 10:1). Акылмандуулук менен иш кылган уулун көргөн атасы сыймыктанбаганда, ким сыймыктанат, акылсыз уулун көргөн энеси кайгырып, азап чекпегенде, ким азап чегет? Насаат аңгемелер бизге мындай үйрөтөт: акылмандыкты казына изде-

гендей издеп, көрөгөчтүктү чакырсак, биз Кудай жөнүндө билимге ээ болобуз (Накыл. 2:3-5). Теңирде биз муктаж болгон бардык маалыматтар, бардык акылмундуулук бар деп мен ишенем. Келиңиз, анда биз Кудайга сыйынуу сураныч менен кайрылып, балдарыбызды кырсыктардан коргойлу.

## *Сыйынуу*

**Теңир,** менин балама (баланын аты) акылмандуулук, жамандыкты жакшылыктан ажырата бтлүү жөндөмүн биришиңизди сураныл, сыйынам. Ал Сизге өз көз караштарына карабастан, баш ийгенди үйрөтүңүзчү жана өз иштеринде Сизди көрө алсынчы. (Накыл. 3:5) Теңир, жакшылык менен жамандыкты таанып-билип, ал Ыйык Рухтун акырын айткан: «Жол мына, ушул жол менен жүргүлө» — деген үнүн уга алсын. Анын жашоосу ал сиздин Сөзүңүз боюнча, узак өмүрдү, байлыкты, таанууну, ийгиликти, кубаныч жана бакытты бере турган акылмандуулукту жана акыл-эсти кабыл алганына байланыштуу экенин мен билем. Мунун баары анын жашоосуна Сиздин батаңыз катары келсинчи.

Сиздин Сөзүңүздө: «Акылмандыктын башталышы — Теңирден коркуу, ыйык Кудайды таанып билүү — акыл» (Накыл. 9:10), — деп жазылган. Сиздин кудуретиңиздин алдында жана Сизди таанууда келген туура коркунуч анын жашоосу курулуп жаткан пайдубал болсун. Чечим чыгара турган болгондо жаңылышып калбашы үчүн, ал дайыма Сизге кайрылсын. Акылдын бүткүл казынасы жана билимдин баары Сиздин ичиңизде

катылганы жөнүндөгү чындыкты ага ачып бериңиз жана Сиз биз сураганыбызда, чын дилиңиз менен бериңизди түшүнсүн. Сизден акылмандуулук издесин, Теңир. Суранам Сизден: ал сураган нерсенин баарын ашыгы менен төгө көрүңүз, ал тынчтыктын жана өмүрдүн жолу менен жүрсүн.

**Сиздин сыйынууңузду таасирдүү кылганга жөндөмдүү болгон ЫЙЫК ЖАЗУУДАН АЯТТАР**

Адил адамдын атасы сүйүнөт,
акылманды төрөгөн кубанат. Атаң кубансын,
төрөгөн энең сүйүнсүн.
*Накыл. 23:24,25*

Эң негизгиси — акылмандык.
Акылмандыкка ээ бол, бардык мал-мүлкүң
менен акыл-эстүүлүккө ээ бол. Аны бийик бааласаң,
ал сени бийикке көтөрөт. Эгерде ага жабышсаң,
ал сенин даңкыңды чыгарат.
*Накыл. 4:7,8*

Кудайдын мыйзамы жеткилең,
ал жанга күч берет. Теңирдин сөздөрү туура,
ал жөнөкөйлөрдү акылдуу
кылат.
*Заб. 18:8*

Акылмандык жүрөгүңө киргенде,
билим жаныңа жакканда, сени эстүүлүк
сактап жүрөт, акыл кайтарып жүрөт, жаман жолдон,
жалган айткан адамдан сактайт,
*Накыл. 2:10-12*

Акылмандыкты издеп тапкан,
акылга ээ болгон адам бактылуу! Анткени акылга
ээ болуу күмүшкө ээ болуудан артык, анын жемиши

алтындан артык. Ал асыл таштардан кымбат. Сен
каалагандардын ичинен ага эч нерсе тең келбейт.
Анын оң колунда — узун өмүр, сол колунда —
байлык менен атак-даңк. Анын жолу —
жагымдуу жол, анын бардык жолу —
бейпилдик. Ага ээ болгондор үчүн ал —
өмүр дарагы, аны сактагандар —
бактылуу адамдар!
*Накыл. 3:13-18*

## ОТУЗУНЧУ БӨЛҮМ

# БАЛАГА ИШЕНИМДЕ ӨСҮҮГӨ КАНТИП ЖАРДАМ БЕРИШ КЕРЕК

Мен өспүрүмдөрдүн ата-энелеринен көп жолу мындай сөздөрдү уккам: «Менин балам эч нерсеге кызыкпайт», «Менин кызым үйдүн ичинде өзүн жоготуп койгон адам сыяктуу айланып басат», «баламды мектептен чыгарып жатышат, ал үчүн бул баары бирдей», «менин кызым жашоого эч кызыкпай калды». Бул учурлардын ар бириндe балдар жашоонун маңызын түшүнбөгөндүктөн жапа чегип жатышкан, ал эми маңызын Кудайга жана Кудайдын Сөзүнө ишенбегендиктен билишпеген.

Ишеними жок балдарга жашоо кыйын. Аларда баары жакшы болоруна үмүт жок, алар өздөрүнүн тагдырын билишпейт. Алар телевизордун алдында саат артынан саат, күн артынан күн, айлап отурушат. Көчөлөргө «укмуштуу окуяларды» издеп, сандалып жүрүшөт, адатта алар ошол «окуяларга» кабыл болушат. Ишенбеген балдар убактыларын өздөрүнө окшогон ишенбеген балдар менен өткөрүшөт. Мына ушунун өзү биз оор балдар деп атап койгон балдардын көйгөйү. Алар Ыйса алар үчүн өлгөнүн билишпейт (Рим. 5:8), аларды сүйгөн

Кудайдын балдары экенин билишпейт (Жак. 1:12), алардын өзгөчө максаты жана тагдыры бар экенин түшүнүшпөйт (1 Кор. 7:22), алардын келечеги кереметтүү болорун көрө алышпайт (1 Кор. 2:9), ошондуктан кыйынчылыктарды жеңе ала турган күчкө ээ экенин биле алышпайт (Рим. 8:37). Алар ишенгендерге «баары мүмкүн» (Марк 9:23), алардын келечеги сырдуу укмуш экенин билишпейт. Мындай балдар өздөрүнүн кемчиликтерин гана, өздөрүнүн ийгиликсиздигин, андан сырткары, улуулардын күнүмдүк кастыгын гана көрүшөт. Ошондуктан, алар жашоодон түңүлүшүп, эч нерсеге умутулушпайт.

Бирок, өзүн эч нерсеге арзыбас адам деп түшүнүү сөзсүз эле ишеними жок дегенди билдирбейт. Өзүн кемсинтип, жараксыз адам деп эсептөө менен мындай балдар Кудайды да чектеп калышат, алар Кудайдын да мүмкүнчүлүктөрү чектелүү деп ойлошот жана алардын ишеними алсырай баштайт. Ал эми балдар жашоонун жалгыз бир ишенимдүү, өзгөрүлгүс жана кудуреттүү Булагына ишенишпесе, анда алар кантип коркунучтуу жана туруксуз көрүнгөн келечегине, же өздөрүнө ишене алышат?

Азыр, бир баланы чоңойтуп, аны өзүнчө турмушка жөнөтүп, мен эми бир нерсени: алардын ата-энесинин үйүн калтырып жатканда өздөрү менен ала кете турган бир гана нерсе, алардын ишеними бар экенин түшүндүм. Балдарыбыздын Кудайга жана Анын Сөзүнө бек ишеним бар экенине биз так ишенсек, алардын жүрөгүндө Кудайдын сүйүүсү жашаарын так билсек, анда биз алар үчүн кабатыр болбосок болот, себеби алар ишенимдүү жол менен бара жатышат жана аларды түбөлүк өмүр күтүп турат. Бирок ага жетүүгө биздин алар үчүн сыйынууларыбыз жардам берет.

Ыйсаны күн сайын көрүп жүргөн, Анын укмуштуу иштеринин күбөлөрү болгон, Аны угуп жүрүшкөн элчилер да Ан-

дан: «Ишенимибизди арттыр» (Лука 17:5), — дешкен. Биз да балдарыбыз үчүн арачы болуп, сыйынып жатканда ушинтип сурансак болот.

Бизге салыштырмалуу көп кереметтерди көргөн ысрайылдыктарга да ишенимсиз болгондуктары үчүн убадаланган жерге кирүүгө тыюу салынган (Эвр. 3:19). Биз балдарыбыз алсыз ишенимдери үчүн Кудай даярдап койгон мурасты албай калышын, албетте, каалабайбыз. Биз алардын жүрөгүнө ишенимдин уругун себе турган Кудайдын Сөзүн аларга үйрөтө алабыз жана анын өсүшү үчүн сыйына алабыз.

Ишенүүчү балдар өздөрүнүн ишенбеген курдаштарынан өзгөчөлөнүшөт: алар өздөрүнө ишенимдүүрөөк, максаттарын тагыраак билишет, бактылуураак жана келечекке караган көз караштары үмүттүү жана адамдарга көбүрөөк ачык болушат. Ишенимде күчтүү адамдын сапаттарынын бири болуп башкаларга берүүнү билүү, бөлүшүүнү билүү, акчалай жана материалдык байлыктарды гана эмес, убактыларын жана сүйүүсүн бере алуулары эсептелет. Алар дайыма колдогонго, оор абалда жардам көрсөтүүгө даяр болушат. Ишенген адамдар Кудайдын сүйүүсүнө толгон жана ар дайым башка адамдар менен бөлүшүүгө мүмкүнчүлүк издешет.

Ыйык Жазуу мындай дейт: «Ал эми азыр үчөө бар: ишеним, үмүт, сүйүү. Бирок сүйүү баарынан жогору» (1 Кор. 13:13). Асманда бизге ишенимдин кереги жок болот, себеби биз баарын өз көзүбүз менен көрөбүз. Үмүттүн да кереги жок болот, себеби биз үмүттөнүп жүргөн нерселердин баары реалдуу болуп калат. Бир гана сүйүү токтобойт жана түбөлүк боло берет, себеби Кудай Өзү сүйүү, жана *Ал* түбөлүктүү. Ошондуктан, биз канчалык улуу иштерди кылып жатканыбыз, канчалык чоң сүйүүнү башкаларга берип жатканыбыздын бүт мааниси жок — мунун баарын сүйүүсүз кылып жатсак, мааниси жок. «Эгерде

мен мал-мүлкүмдүн баарын таратып берсем, денемди отко таштоого даяр болсом, бирок менде сүйүү жок болсо, мунун баары пайдасыз» (1 Кор. 13:3). Сүйүү менен жасаган иштерибиз түбөлүктө калат жана алар үчүн сыйлык — өмүр таажысы.

Сүйүү — улуу баалуулук. Ал ишенимден башталганы менен, өзү ишенимден чоң. Ошондуктан, биз балдарыбыз ишенимде өсүп, Кудайдын колундагы курал болушсун деп сыйынабыз. Адатта, адамдар башкалар менен бөлүшүүнү каалашпайт, себеби алар зыянга учурап калабыз деп коркушат, өздөрүнө жетпей калат деп чочулашат. Дагы бир себеп: алардын жүрөгүндө Кудайдын адамдарга болгон сүйүүсү жок. Келгиле, балдарыбыз башкаларга сүйүү бере алсын деп, бирок алар муну Теңирге ишеним менен, акылмандык менен, Ыйык Рухтун жетеги менен кылышсын деп сыйыналы. Алар ушул принципти жолдошсо, алардын жашоосу сөзсүз Кудайдын ырайымына толот.

Биз балдарыбыз үчүн ысык, жан-дилибиз менен сыйынганыбызда, көп учурда биз өзүбүз сыйынууга, бошонууга, жаңыланууга муктаж экенибизди көрөбүз. Эгер биз таарынычтарыбызды унута албай жатсак, анда балдарыбыз кечирүүнү үйрөнсүн деген сыйынуубуз кантип эффективдүү болсун? Эгер жүрөгүбүздө тобо кылынбаган күнөөнү сактап жүрсөк, балдарыбыз тобо кылганды үйрөнсүн деп сыйынуу үчүн күчтү каяктан алабыз? Эгер биз өзүбүз шектенүүлөр менен күрөшүп жатсак, балдарыбыздын ишенимин арттырып берүүсүн Кудайдан кантип сурана алабыз? Биз өзүбүз башкаларга ырайымдуу боло албасак, аларды адамдарды сүйүүгө үйрөтө алабызбы? Мени да ушул сыяктуу нерселер кыйнайт, бирок мен сыйынуумду токтотпойм. Мен Теңирдин алдына момун жүрөк менен келе берем, өзүмдөгү жаман нерселер үчүн тобо кылам жана кайрадан Андан жардам сурайм.

Сиздин ишенимиңиз алсыз болуп жатканын сезсеңиз, Теңирдин алдында бул нерсени мойнуңузга алыңыз жана ушул бөлүмдүн аягындагы сыйынуу менен сыйыныңыз, андан кийин гана балаңыз үчүн сыйыныңыз. Жазуу мындай дейт: «...ишеним менен кылынбаган ар бир нерсе — күнөө» (Рим. 14:23). Биз шектенип жатсак, анда биз Кудайга тил албастык кылып жатабыз; ишенип турсак, анда Ага тил алчаактыкта жүрөбүз. Шектенүү Кудайдын кудуреттүүлүгүнө ишенбестикен пайда болот. Өзүңүздүн алсыз ишенимиңизге сиз менен Кудайдын ортоңордо дубал тургузганга жол бербеңиз. Андан көрө, сиздин алсыз ишенимиңиз сиздин Кудайга тез, шашылыш түрдө ишенимиңизди арттырып берүүсүн, балаңыздын ишенимин арттырып берүүсүн суранган сыйынууңуздун себепкери болсун.

Бул китепте сыйынуулардын катарын аяктап жатканыбыз менен, мен Кудай сизге балдарыңыздын муктаждыктары үчүн арачылык сыйынууларыңыздын жаңы жолдорун көрсөтө турган сыйынуу кызматыңыздын башаты гана деп эсептейм. Сыйынуучу ата жана сыйынуучу эне катары сиз ээ болгон күч Кудайдан берилген күч экени, сиздин сыйынууларыңыз Кудайдын эрки аткарылышы үчүн дагы жаңы күчтү чыгарары эсиңизде болсун. Бул күчкө биз жете алабыз, анын запасы эч качан түгөнбөйт, бир гана тоскоол болуп Кудай сөзсүз жооп берерине ишенимибиздин аздыгы болушу мүмкүн. Бирок, бул учурда да Кудайдын ырайымы биздин ичибиздеги кичине ишенимди да, сары кычы данындай ишенимибизди да, кандайдыр-бир чоң нерсе болуп өстүрүүгө жетиштүү кылып, так ушундай таасирленет.

Келгиле, сыйынууда башка ата-энелер менен биригип, чогуу айтабыз: «сыйынууда себилген ишенимдин уругу өмүр алып келсин жана балдарыбызга жүрөгү Кудайга багытталган адамдар болуп өсүүгө жардам берсин».

## Сыйынуу

**Теңир**, Сиздин Сөзүңүздө ар бир адамга тиешелүү түрдө ишенимди бөлүп бергениңиз жөнүндө (Рим. 12:3) айтылган. Суранам Сизден: менин баламдын жүрөгүнө сепкен ишенимиңизди арттырып бериңиз. Сиздин Сөзүңүздүн чындыгы анын жүрөгүндө бекемделсин жана күнүгө аны жетектесин. Өзгөрүлүүнү каалап, Сиздин жетектөөңүздү издеген учурларда ал Сизге толугу менен таяна алсын. Сизге таянабызбы же шектенебизби, биз өзүбүз чечерибизди мен билем. Менин балама бул тандоону жасаганга жардам бериңиз. Анын үмүтү жалгыз гана Сизде экенине шектенбей, дайыма Сизге кайрылып туруусу жөнүндө мен балам үчүн сыйынам. Анын ишеними: «үмүттөнүп күтүп жаткан нерсенин ишке ашарынан шектенбөө жана көрүнбөгөн нерсеге бекем ишенүү» (Эвр. 11:1) — болсунчу. Мен суранам: ага ийгиликсиз учурларда жогору көтөрө турган, бардык нерсе ага жакшылыкка экенине (Рим. 8:28) бек ишеним бере турган ишеним бериңизчи.

Менин балам (кызым) Сиз менен байланыш анын жашоосундагы эң маанилүү нерсе экенине так ишенсин. Ал өз ыктыяры менен, эч кимдин басым жасоосусуз, өзү Сизге келсин. Мен бул дүйнө менен коштошкондо, менин баламдын ишеними бек, туруктуу болууга жетиштүү күчкө ээ болгонун, Теңирдин ишинде ар дайым ишенимдүү болгонун көрүүнү каалайт элем, Теңир. (1 Кор. 15:58)

Балам, ишеним жолунда сүйүүгө толгон, башкаларга төгүлө турган сүйүүгө толгон, Сиздин осуяттарыңызга ылайык башкалар менен бөлүшүүгө даяр болгон Сиздин жүрөгүңүзгө ээ болсунчу. Башкалар менен сүйүү бөлүшүп, өзү эч нерсе жоготпосун, тескерисинче, пайдалуу болорун ага ачып бериңиз. Балам колуна «амалкөйдүн оттуу жебелерин өчүрүүгө» жөндөмдүү болгон «ишеним калканычын» алышы үчүн (Эф. 6:16) сыйынам жана ал ишениминде бек туруп, мындай деп айта алсынчы: «Мага күч берген Теңирибиз Машайак Ыйсага ыраазычылык билдирем, анткени Ал мени ишенимдүү деп таап, кызматка дайындады» (1 Тим. 1:12). Мунун баары жөнүндө мен Ыйса Машайактын атынан сыйынам.

## Сиздин сыйынууңузду таасирдүү кылганга жөндөмдүү болгон ЫЙЫК ЖАЗУУДАН АЯТТАР

Кудайга ишенимсиз жагууга
мүмкүн эмес: Кудайга келген адам Анын бар
экендигине, Аны издегендерге Ал тиешелүүсүн
берерине ишениши керек.
*Эвр. 11:6*

Ошондуктан силерге айтып коөюн,
Кудайдан эмнени сурасаңар да, аларыңарга ишенгиле,
ошондо силерге берилет.
*Мар. 11:24*

Ыйса аларга: «Ишенимиңердин
аздыгынан улам! Силерге чындыкты айтып коөюн,
эгерде силердин сары кычы данындай эле ишенимиңер
болсо, бул тоого: «Бул жерден тиги жерге жыл», –
десеңер, ал жылат. Силер үчүн мүмкүн
болбогон эч нерсе болбойт.
*Мат. 17:20*

Бирок эч шектенбестен,
ишеним менен сурасын. Анткени шектенген
адам шамал айдаган деңиз толкунуна окшош.
Мындай адам Теңирден бир нерсе алам деп ойлобой
эле койсун. Эки ойлуу адам өзүнүн бардык
жолдорунда туруксуз.
*Жкп. 1:6-8*

Жакшылык кылып жатып
кейибейли, анткени алсырап калбасак,
өз учурунда жыйнап алабыз. Ошондуктан
убакыт барда, бардыгына, айрыкча, ишенимибиз
бирлерге жакшылык кылалы.
*Гал. 6:9,10*

## ОТУЗ БИРИНЧИ БӨЛҮМ

# ӨСҮП-ЖЕТИЛИП КАЛГАН БАЛДАР ҮЧҮН КАНТИП СЫЙЫНЫШ КЕРЕК

Балдырыңыз канча жашка чыгып калганынан карабастан, сиз үчүн алар дайыма бала бойдон кала берет. Алардын эч качан сиздин жардамыңызга жана сүйүүңүзгө, суктанычыңызга жана сыйлооңузга, рухий жана жөн эле адамдык колдооңузга болгон муктаждыгы токтобойт. Сиздин болсо балаңызга Кудайдын мээрими төгүлүп турушун каалооңуз да эч качан токтобойт. Сиз алардын коопсуз жашашын, кирешелүү жашашын жана Теңирден келген бардык нерседе өсүшүн дайыма каалайсыз, алар өздөрүнүн максатына жетип, Кудай каалагандай адам болушун сөзсүз тилейсиз. Балалуу болгон күндөн баштап, алар каякка барса да, эмне кылса да, сиздин жүрөгүңүздүн бир бөлүгү аларга таандык.

Бул китептин жарык көргөн күнүнөн баштап көп убакыт өттү, бул аралыкта менин балдарым колледжге тапшырышты, аны бүтүрүшүтү жана кайра үйгө кайтып келгенге жетишишти. Өздөрүн каржылай алган абалга жетип, алар кайрадан өз алдынча кетишти. Алар менин көз алдымда кесиптик жана

жеке жашоолорунда чечим чыгарганды үйрөнүштү. Аларга олуттуу тыянактарды чыгарууга, өздөрүнүн жаңылыштыктарын мойнуна алганга, эмне туура жана туура эмес экенин ажырата билүүнү, эмне ийгилик алып келерин, ал эми эмне аларды артка тартарын айырмалоону үйрөнүүгө туура келди. Бул убакта алар жыйынга барып турушту, Кудайдын Сөзүн үйрөнүштү. Алар сыйынуунун күчүн билишти жана сыйынуу топторунун мүчөлөрү болуп, муну башкаларга көрсөтө алышты. Алар туура чечим чыгарууну үйрөнүштү, жана мени эң кубанткан нерсе, алар ар кими өзүнүн жубайын таба алышты. Бул биз үчүн Кудайдын биздин сыйынууларыбызга жооп берип жатканынын ачык күбөлүгү жана Ага күн сайын ыраазычылык билдирип жатабыз.

Акыркы жыйырма сегиз жыл бою биздин үйдүн эшиги балдары үчүн арачылылк кылган ата-энелерден турган ар кыл сыйынуу топтору үчүн ачык болду; жана биз бир да баланы жоготкон жокпуз. Бул биздин эч бир балабыз башынан оор күндөрдү өткөргөн жок дегенди билдирбейт. Бул Ыйык Жазууга каршы болмок жана адаттан тышкары болор эле. Кайгыны жана көңүл калууну эч качан сезбеген бала кантип Кудайга муктаждыгын түшүнмөк эле? Мындай бала эч нерсеге жараксыз, алсыз, майдачыл жана жоопсуз адам болуп калмак. Биз балдарыбыздын жоопкерчиликти мойнуна алгандан коркпогон, башкаларга жаны ооруган, жакындарын түшүнө билген адам болуп өсүшүн каалайбыз. Эгерде алар Анын жардамына, коргоосуна, кам көрүүсүнө жана куткаруусуна муктаж болушпаса, анда Кудайдын Жардамчы экенин, Коргоочу, Куткаруучу экенин жана муктаждыктарды толуктоочу Кудай экенин кантип тааный алышат? Сыйынуу топторунда алар үчүн сыйынып турушкан ата-энелердин балдары жашоолорунда оор кырдаалдардан өтүштү, бирок ошолор ар-

кылуу күчтүүрөөк, акылдуураак болууну үйрөнүштү жана башкаларга боор ооруганды билишти. Сыйынуу таасирдүү!

## Ата-энесинин үйүн калтырып кетип жаткан бала үчүн кантип сыйынуу керек

Биздин балдарыбыз үчүн сыйынуубуз алар ата-энесинин үйүн калтырып, өз алдынча кеткенде да токтобойт. Сиздин сыйынууңуз эми ойлонулган, толук боло баштайт, себеби алар менен байланыштуу болгон күнүмдүк түйшүктөрдөн бош болуп каласыз. Чындыгында, эми балдарыңызга таасир бере ала турган жалгыз куралыңыз болуп калат. Сиздин сыйынууңуздун маанилүүлүгүн барк албай койбоңуз. Ата-энелердин сыйынуусу балдарга алар ата-эне үчүн дайыма бала бойдон калганы үчүн чоң таасир берет. Сиз балаңызга эмне кылыш керектиги жөнүндө дайыма эле кеңеш бере албасаңыз да, сиз душманга анын жашоосуна кийлигишүүгө тыюу сала аласыз. Сиз Кудайга жүрөгүңүздү ачып, Анын балдарыңыздын жашоосуна кантип таасир беришин каалаганыңыз жөнүндө айта аласыз. Сиздин сыйынууларыңыз аркылуу сиз жана сиздин чоңоюп калган балдарыңыздын ортосунда көзгө көрүнбөгөн байланыш пайда болот жана алар сиздин сыйынууларыңыздын таасирин сөзсүз сезишет. Бул, чындыгында, зор таасир!

Сиздин балаңыз өсүп-жетилип, үйдөн кетсе, мисалы, колледжге окууга, же бул жашоодогу өз жолун аныктоого кетсе, бул китептин аягында жазылган сыйынууларды төмөндө берилген кыскача сыйынуулар менен толуктасаңыз болот. Мен өз балдарым үчүн так ушинтип сыйынам, жана менин жүрөгүм тынчтыкка толот, себеби мен Кудай мени угуп жатканын так билем.

# Сыйынуу

## 1-бөлүм. Өз балдары үчүн сыйынууну кантип үйрөнүү керек

*Теңирим,* менин балам эми менден алыс кеткенде кантип сыйынышым керектигин мага ачып бериңиз. Мен Сиздин ачылышыңызга муктажмын. Мен эмнени билишим керек болсо көрсөтүңүз жана туура сыйынууну үйрөтүңүз. Мага сүйүүмдү көрсөтүүнү үйрөтүңүз жана туруктуу сыйынууда болом деген убадамды аягына чейин аткарганга жардам бериңиз. Менин сыйынууларым балам (кызым) үчүн колдоонун булагы болсун. Анын муктаждыктарына мен сыйлоо жана түшүнүү менен мамиле кыларыма ишеним менен бардыгын мага ачык айтып турганга ага жардам бериңиз.

## 2-бөлүм. Баланы Кудайдын колуна кантип берүү керек

*Теңир,* балам канчалык өз алдынча боло баштаган сайын, мен аны Сиздин колуңузга бергенден башка айлам жок калганын түшүнүп турам. Мен баламдын келечекте Сиздин эркиңизди аткарып, жашоо жолунда жүргөнүн билгенде гана коопсуз болоруна так ишене алам. Мен баламды тарбиялоодо колумдан келгенин кылдым, эми аны Сиздин колуңузга тапшырам, Сиз анын жашоосу үчүн кам көрө аласыз. Баламды күн сайын көрө албасам да, Сиз көрө аласыз. Сиз Өзүңүз тандаган жол менен аны жетелеп жүрөрүңүзгө ишенем.

## 3-бөлүм. Баланы жамандыктан кантип коргой алабыз

*Теңир,* мен эми баламдын кайсы жерде жүргөнүн так биле албайм, бирок Сиз билесиз. Сиздин көзүңүз дайыма менин баламдын үстүндө болгону үчүн ыраазымын жана Сиз аны жамандыктан сактайсыз. Душмандын менин баламды көздөй жөнөткөн эч бир жебеси өз максатына жетпегени үчүн мен Сизге ыраазымын. Менин балам (кызым) азыркы учурда эмне кылып жатса да — балким ал азыр машинасын айдап бара жаткандыр, самолетто учуп бара жаткандыр же жөн эле жөө бара жаткандыр — Өз периштелериңиз менен аны курчаңыз. Андан бардык жамандыкты алыстатыңыз, ага каршы душмандын түзүп жаткан жаман ойлорунун баарын талкалаңыз.

## 4-бөлүм. Сүйүктүү экенин балага кантип көрсөтүү керек

*Теңир,* мен Сиз тил алчаактарга ырайымыңызды төгөөрүңүздү билем. Мен баламдын күн сайын Сизди көбүрөөк сүйгөндү үйрөнүшү үчүн сыйынам жана ал күн сайын Сиздин ырайымыңызга ырахаттансынчы. Аны ар дайым сүйүү жана кабыл алуу коштоп жүрсүнчү. Аны бир туугандары, иштешкен достору менен, тааныштары жана бейтааныш адамдар менен Сиздин осуяттарыңыздын жетегинде мамилелешкенди үйрөтүңүз. Анын сүйүүсү башкаларга Сизге жаккандай болуп төгүлүп турсун.

## 5-бөлүм. Түбөлүк келечек жөнүндө ишенимдүүлүккө кантип ээ боло алабыз

*Теңир,* мен баламдын Сиз менен чыныгы тыгыз мамилеси болушу үчүн сыйынам. Баламдын (кызымдын) жашоодогу көз караштары ар дайым бек жаан туруктуу болсун. Мен анын көзүн дүйнөдөгү эч нерсе көр кылып койбосун, эч нерсе Сиз жөнүндөгү чындыкты жана анын жашоосундагы Сиздин ролуңузду жашырып койбошу үчүн сыйынам. Ал эч качан Сизден бурулуп кетпесин, эч качан анын жүрөгүндө куткарылуу Ыйса Сизде экенине шектенүү пайда болбосунчу. Балам жашоосунун бүт жолунда Сиз менен боло турган түбөлүк келечегине ишенимде болсунчу.

## 6-бөлүм. Балага ата-энени урматтоону кантип үйрөтсө болот жана тил албастыкка кантип каршы туруу керек

*Теңир,* мен балам Сиз үйрөткөн, ата-энеси үйрөткөн чындыкты эч качан четке какпасынчы деп сыйынам. Ага душман тил албастык көрсөтүүгө же башка бир туура эмес иш кылууга түрткү берип жатканда, каршы турганга күч жана акылмандык бере көрүңүз. Сиздин көз алдыңызда жакшы болгон нерсени момундук менен кабыл алганга үйрөтүңүз. Аны бийликтегилерди, анын үстүнөн коюлган адамдарды, мыйзамды сыйлаганга үйрөтүңүз.

## 7-бөлүм. Агайын-туугандар менен жакшы мамилени кантип сактаса болот

*Теңир,* мен баламдын алыс жашаса да, бардык туугандар менен жакшы мамилени сакташына жардам

бериңиз деп сыйынам. Балам (кызым) үй-бүлөлүк катнаштарды сыйласынчы жана жубайынын бардык туугандары менен жакшы мамиледе болсунчу, алар менен мамилеси сүйүүдө жана бирин-бири сыйлоодо негизделсинчи. Эгерде арада чыр-чатак болуп кетсе, балам элдешүүгө биринчи кадамды жасасынчы.

## 8-бөлүм. Балага ишенүүчү досторду табууга кантип жардам берсе болот

*Теңир,* менин балам адамдарды түшүнө билсинчи деп суранам. Анын жашоосуна терс таасирин тийгизе турган адамды айырмалай билгенге акылмандуулук бериңиз, жана андай адамдардан алыс болгонго жардам бериңиз. Ойлору жаман адамдардын жебесине илинип калбасын. Ал жүрөгүндө Ыйса Машайакта бир туугандар менен мамилелешүүгө умтулсун. Менин баламды чындыктын жолу менен жүрүүдө жардам бере турган адамдарга жолуктуруңуз.

## 9-бөлүм. Балага Кудайды чын жүрөктөн издөөнү кантип үйрөтсө болот

*Теңир,* менин балама Сиздин жолуңуздан четтеп кетүүгө жол бербеңиз. Баламдын жашоосунда пайда болгон ар бир жаңы милдет менен бирге анын жүөргүндө Сизге жакындоо каалоосу күчөсүнчү. Сизге кызмат кылам деген жана Сиздин жолуңузда жүрөм деген убадасына бек турсун. Теңир, балам Сиздин катышууңузду издеши үчүн, Сизди тереңирээк таанууга суусаган жүрөккө ээ болсун деп сыйынам.

## 10-бөлүм. Балага жашоодогу өз ордун табууну кантип үйрөтсө болот

*Теңир,* менин балам үчүн сыйынуумду Сизге жөнөтөм. Суранам Сизден: Сиз аны ким кылып жаратканыңыз жөнүндө так ачып бериңиз. Менин балам (кызым) мансапка умтулуп же жаңы досторду күтүп жатып, Сиз берген өмүрүн кырсыкка учуратуудан сактаңыз. Ар бир абалда адамдарга жагынуу максатында чындыктан жүрөгүн буруп кете турган азгырыктар менен күрөшкөнгө жардам бериңиз. Сиз даярдап койгон максатыңызды аткара ала турган кесипти тандаганга жардам бериңиз.

## 11-бөлүм. Балага жалгандан баш тартып, чындыкты ээрчүүнү кантип үйрөтсө болот

*Теңир,* мен балам эч качан жалганга илинип, анын курмандыгы болуп калбасын деп Сизге сыйынам. Ичинде жашаган чындыктын Руху ар дайым жалгандан чындыкты айырмалап бере турган барометр болсун. Өзүнүн жеке кызыкчылыгы үчүн жалган айтууга эч качан азгырылбасын, бул жазасыз калат деп ал эч качан ойлобосун. Ыйык рух ар дайым ага эмне чындык экенин, ал эми эмне жалган экенин эскертип турсун.

## 12-бөлүм. Баланын ден соолугу жана айыгуусу жөнүндө кантип сураш керек

*Теңир,* менин балам Сиз — анын Айыктыруучусу экениңизди дайыма эсинде тутсунчу. Балам (кызым) эч качан Сизге жардам сурап, кайрылбай туруп, дене-

лик дарт менен макул болбосун. Айыгуу кереметтерине ишеним бере көрүңүз. Балам ар дайым башкалардын айыгуулары үчүн сыйынсынчы, Теңир, жана алар менен бирге сыйынууга жоопту Сизден күтүп, алардын айыгуусуна ишенсин.

## 13-бөлүм. Балага өз денеси жөнүндө кам көрүүнү кантип үйрөтсө болот

*Теңир*, балам өз денеси үчүн кам көрүүнү кааласын деп Сизге сыйынам. Канчалык ал өз алдынча болсо да, анын денеси Сиздин Ыйык Рухуңуздун ийбадатканасы экенин ага эскертип туруңуз жана ал өз денеси үчүн кам көргөнгө милдеттүү экенин айтып туруңуз. Ойлонбогон иш кылып, өз денесине зыян келтире турган болсо, аны токтотуңуз. Өз денесине карата туура мамиле кылуу жөнүндө эмне билүү керек болсо, ага үйрөтүңүз.

## 14-бөлүм. Балада окуу жана Кудайды таанып-билүү каалоосун кантип пайда кылыш керек

*Теңир*, балам үйрөнүүнү жана өз көз караштарын кеңейтүүнү ар дайым кааласынчы. Азыркы дүйнөдөгү конкуренцияга чыдаш үчүн, ал ар дайым окууга, өзүнүн кесиптик жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүүгө мажбур болот экенин мен түшүнүп турам. Мен Сизден суранам: балам (кызым) өз жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүүнү ар дайым кааласынчы жана жашоосунун ар бир этабында үйрөнүүгө умтулсунчу. Сизди таанууда, Сиздин жолдоруңузду таанууда өссүн.

## 15-бөлүм. Баладагы Кудайдын белектерин — таланттарын жана жөндөмдүүлүктөрүн кантип аныкташ керек

*Теңир*, балам (кызым) кандай жөндөмдүүлүктөрдү жана таланттарды Сиз бергениңиз жөнүндө так жана ачык түшүнсүнчү. Таланттарын ача алсын, Сиздин ушул жердеги максатыңызга жете алсын. Таланттарын көрсөтүүдө, Сиз ойлоп койгондой көрсөтүүдө ага эч ким тоскоол болбосун.

## 16-бөлүм. Баланы өмүр сөздөрүн сүйлөгөнгө кантип үйрөтүү керек

*Теңир*, менин балам күн сайын дүйнө менен байланышта болуп жатканын билем жана дүйнөдө Сизди урматтабай турган жаман сөздөрдү да угарын билем. Сизге урмат-сый көрсөтпөгөн ар бир нерсени ажыратып билип, алардан алыс болгонго балама (кызыма) жардам бериңиз. Мүмкүн болбогон сөздөрдү колдонгон адамдарга жакындабаганга ага күч бериңиз. Өмүр бере турган сөздөрдү айтуу каалоосун анын жүрөгүнө салып бериңиз. Анын оозунан чыккан ар бир сөз жана ой-пикирлери Сиздин алдыңызда, Таянычыбыз жана Куткаруучубуз, ар дайым жагымдуу болсун (Заб. 18:15).

## 17-бөлүм. Балада ыйыктыкка умтулууну кантип ойготуш керек

*Теңир*, менин баламдын жүрөгү ар дайым таза болушу үчүн сыйынам, Сизди даңктаганга жана Сизге

кызмат кылганга тоскоол боло турган ар бир нерседен тазаланууга умтулуп турсунчу. Жакшы түшүм алып келүүгө жардам бербей жаткан жашоосундагы ар бир нерсени андан алып салыңыз. Ал өз көзүндө же айланасындагы адамдардын көзүндө туура көрүнүүгө эмес, Сиздин алдыңызда таза болууга, бул маанилүү болгондуктан, Сизге жагынууга умтулсунчу.

## 18-бөлүм. Баланын бөлмөсүн кантип коргош керек

(18-бөлүмдүн акырындагы сыйынуу менен чоңоюп калган балаңыз үчүн сыйынып жатып, «бөлмө» деген сөздүн ордуна «үй» деп коюуңуз).

*Теңир*, менин балам жашаган үй Сиздин Рухуңуз жашаган жай болсун. Үйүндө кандай буюмдар Сизди даңктабай жатканын көрсөтүңүз; Сиздин көзүңүздө жийиркеничтүү болгон эч бир нерсе менин баламдын турак-жайына кирип кетпесин. Сизге жагымсыз эч нерсе баламдын (кызымдын) жашоосуна кирип кетпесин. Анын үйүн жаман ойлуу коноктордон, ар кандай кырсыктан сактаңыз.

## 19-бөлүм. Балага коркунучтан арылууга кантип жардам бериш керек

*Теңир*, менин балам Сиз аны менен ар кайсы жерде жана ар качан болоруңузду эч качан унтупасын, Сиз аны колдоп жүргөнүңүздү эсинен чыгарбасын. Сизден күч алсынчы. Бул дүйнөдөгү күтүп турган коркунучтардын баарына карабастан, Сиз аны бардык жерде коргоп

жүргөнүңүздү эскертип туруңуз. Сиздин сүйүүңүздү тереңирээк таанып билсин, анын жүрөгүндө эч бир коркунучка орун болбосун. Сизде калканыч жай таба аларын ал дайыма билсин.

## 20-бөлүм. Балага туура ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө кантип жардам бериш керек

*Теңир*, мен балам үйдү калтырып, кеткенден кийин, бул дүйнөнүн ой жүгүртүүсүн кабыл албасынчы, Сиз мындай кылышына жол бербешиңиз үчүн сыйынам. Ачык акыл бериңиз, аны ыңгайсыздандырган, өз тарабына азгырган ар бирөөнөн сактаңыз. Анын ой жүгрүтүүсү Сиздин Ыйык Рухуңуздун көзөмөлүндө болсун. Бул кылымдагы адаттар, кызыгуулар аны азгырбасын, бирок акылы, ой жүгрүтүүсү жаңылансын (Рим. 12:2). Күнүгө өзүнүн ой жүгүртүүсүн Сизге, Ыйса, тил алчаактыкка баш ийдирсин.

## 21-бөлүм. Балага Теңирде кубанычка ээ болууга кантип жардам бериш керек

*Теңир*, бул жашоодо менин баламды кайгы-муң, жоготуулар күтүп турганын билем. Ал башка адамдардын кайгысына ортоктош болушу мүмкүн. Теңирим, ар кандай капалануударда жүрөгүндө кубанычын сактаганга Сиз ага жардам бериңиз. Кандайдыр-бир кайгы-капада ал азап тартып жатканда, ыйдын ордуна ага кубаныч бериңиз, кайгырган рухтун ордуна — даңктуу кийим бериңиз (Ыш. 61:3). Менин балам (кызым) дайым Сиз-

ге кайрылып, Сизде гана кубаныч бар экенин билсин (Рим.15:13).

## 22-бөлүм. Өткөн кездин каргыштарын кантип талкалаш керек

*Теңир*, мен балам үчүн сыйынуумду Сизге жөнөтөм жана суранам: менин өткөнкү жашоомдон же атасынын өткөнкү жашоосунан келе жаткан эч бир жаман нерсе ага зыянын тийгизбесинчи жана анын үстүнө оор жүк болуп турбасынчы. Өткөн жашообуздан келе жаткан көлөкөлөр менин балдарымдын өсүп-жетилишине жараша, кайта-кайта жолдорун тороп турушу мүмкүн экенин мен билем. Сиздин Ыйык Рухуңуздун күчү менен ар кандай өткөндөн келген каргыштарды талкалай ала турганыбызды менин балам (кызым) дайыма билсин. Теңир, балам (кызым) Сиздин ичиңизде бекем турсун жана айкаш жыгачта ал үчүн сатылып алынган эркиндикке ээ боло аларын эч качан унутпасын. Ыйса Теңир, балдарым жана мен үчүн Сиз айкаш жыгачта курман болгонуңуз үчүн ыраазымын.

## 23-бөлүм. Баңгизатка, аракечтикке жана башка көз карандылыкка кантип каршы туруш керек

*Теңир*, мен адам жашына карабастан, аракечтикке, баңгизатка, кумар оюндарына же башка зыяндуу нерселерге көз каранды болуп калышы ыктымал экенин билем. Менин баламды ушундай кырсыктардан сактаңыз. Душман менин баламдын жашоосуна ушундай нерсе-

лер аркылуу орун ээлеп алууну каалап жаткан болсо, анын бул мүмкүнчүлүгүн жоюп салыңыз, суранам. Баламды душман арак менен, же баңгизат менен азгырган сайын, аны коргоңуз жана азгырылып кетпеши үчүн жардам бериңиз. Арак, баңгизат, кумар оюндары же башка көз карандылыктар алып келе турган өлүм ордуна өмүрдү тандаганга ага Сиз жардам бериңиз.

## 24-бөлүм. Балага өз тазалыгын сактоону баалаганды кантип үйрөтүш керек

*Теңир*, биздин жашоодо толгон-токой сексуалдык кумардануулар бар экенин мен билем, алар менен күрөшүү абдан кыйын, анткени биздин коомубуз андай кумарларды макул табат. Бул азыгырктарды душман менин баламды кулатыш үчүн колдонушу мүмкүн экенин да мен билип турам. Теңир, суранам Сизден, баламдын (кызымдын) рухун бекемдеңиз жана мындай азгырыктарга каршы турганга жардам бериңиз. Аны кандайдыр-бир денелик кумарлар такыбаалык жашоодон азгырып жатса, Сиздин даңкыңыз үчүн өз жашоосун таза сакташ үчүн, каршы турганга жардам бериңиз.

## 25-бөлүм. Кудай даярдап койгон жубайын табууга балага кантип жардам бериш керек

*Теңир*, менин балам (кызым) Сиз даярдап берген жубайы менен түбөлүк жашашы үчүн Сизге сыйынам. Бул жолдо туура эмес кадам жасоодон баламды (кызымды) сактаңыз. Ал жаңылыштык кетирип, туура эмес кылса,

суранам Сизден: анын жолун оңдоңуз. Көңүл калууларында ага күч бериңиз, ишенимин бекемдеңиз, Сиздин эркиңизди бузуу азгырыгына берилбесин. Анын никеси Сизге жагымдуу болсун, ал никенин жемиши болуп, «Кудайдан тукум» болсун, Сиз каалагандай тукумдап, көбөйсүн (Мал. 2:15-16).

## 26-бөлүм. Балага кечиргенди кантип үйрөтүш керек

*Теңир*, менин балам (кызым) жашоосундагы ар кандай абалдарга карабастан, жүрөгүн катуулантпашы үчүн сыйынам. Сиз анын бардык күнөөлөрүн кечиргендей, ал да ар түрдүү капалантууларды дароо кечире алсын. Ачууга алдырып, шашылбаган жана башкалардын иштерине кичи пейил болгонго баламды үйрөтүңүз (Накыл.19:11). Ага сүйүү менен мамиле кылбагандарды да, бардык адамдарды сүйүп, кечиргенге балама (кызыма) жардам бериңиз.

## 27-бөлүм. Тобо кылуунун маанилүүлүгүн түшүнүүгө балага кантип жардам бериш керек

*Теңир*, мен Сизден суранам: менин балам дайыма күнөөлөрүнөн тобо кылып турсун. Тобо кылуунун жана мойнуна алуунун маанилүүлүгүн балам (кызым) түшүнсүн жана ал эч ким көрбөсө да, Сиз көрүп турганыңызды ал так билип, бул тууралуу жаңылышпасын. Балам (кызым) өз айыбын дайыма мойнуна алсын, жаман ойлору үчүн, жаман иштери үчүн дайыма

тобо кылып турсун. Балама Сиздин алдыңызга келип, күнөөсүн ачык айтып турганына жардам бериңиз, ал тобо кылып, күнөөлөрүнөн баш тартып, Сизден кечирим алсын.

## 28-бөлүм. Душмандын тиректерин кантип талкалаш керек

*Теңир,* мен чыныгы себептерин түшүнбөгөн душмандын биздин жашоодогу ар кандай кыйынчылыктар жана стресс абалдары аркылуу ар кандай тиректерди курарын билем. Суранам Сизден, балама (кызыма) анын жашоосундагы оор абалдардын чыныгы себептерин ачып бериңиз, аны талкалоону көздөгөн душмандын ар кандай пландарын талкалаңыз. Ал билиши керек болгон бардык нерсени ага ачып бериңиз, эч бир жашыруун нерсе анын жашоосунда калбасын (Мат.10:26).

## 29-бөлүм. Балага акылмандуулукка ээ болууга кантип жардам бериш керек

*Теңир,* мен балама (кызыма) акылмандуулук беришиңизди суранып, сыйынам. Ушул убакка чейин андан жашыруун болгон нерсенин баарын ага ачып бериңиз. Чечим чыгарыш керек болгон учурда, өзгөчө тез арада, шашылыш чечим чыгарыш керек болгон учурда, ага акылмандуулук бериңиз. Ал бакыт, тынчтык эмне экенин түшүнсүн, жыргал күндөр менен ырахаттансын, байлык жана Сиз даярдап койгон даңк менен, Сиздин акылмандуулугуңузга ээ болгондуктан, Сиз берген бардык нерселер менен ырахаттансын (Накыл.3:13-18).

## 30-бөлүм. Балага ишенимде өсүүгө кантип жардам бериш керек

*Теңир,* мен баламдын жашоосунда анын ишеними сыналган күндөр болгонун билем. Мындай абалдар аны келечекте да күтүп турганын да түшүнөм. Ал кыйынчылыктардан өтө алсын жана ишеними бекемделсин. Менин баламдын (кызымдын) ишеними анын курагы менен бирге өссүн. Анын жашоосуна Сиз аркылуу келген ар бир нерседен шектенбесин. Сиз мүмкүн болбогон нерселерди мүмкүн кыла аларыңызга болгон ишеними анын жашоосунда ийгиликтүү күндөр келгенде да токтобосун.

## ТИРКЕМЕ

# БАШКА АТА-ЭНЕЛЕР МЕНЕН БИРГЕ БАЛДАРЫҢЫЗ ҮЧҮН СЫЙЫНЫҢЫЗ

Бир нече жыл бою балдарыбыз үчүн биргелешип арачылык сыйынуулар үчүн сыйынуу топторун чогултуу аракеттеринен кийин гана мен акырында мындай чогулуштарды кантип уюштуруш керектигин түшүндүм. Мындай сыйынуу чогулуштарынын күн тартиби жыйырмадан ашык эмес балдар үчүн сураныччтардан ашпаш керек экенин түшүндүм, себеби ар бир баланын муктаждыктарын кароо үчүн жок дегенде 20-30 мүнөт сарпталчу эле. Жыйырма балага сыйынуу үчүн алты саат талап кылынган. Ата-энелерге көп убактыларын курман кылууга туура келген, бул учурда балдардын да абалын элестетүү кыйынга турбайт. Ошондуктан, биз мындай чогулуштар жылына бир-эки жолу болуш керек, ишемби же майрам күндөрү өтүшү керек деп чечтик.

Чогулушубузду биз саат 14:00 баштачубуз, 17.00 дөн 17. 30 га чейин тыныгуу, андан соң сыйынуулар 20. 30 га чейин улантылчу. Кээде биз тамак-ашты өзүбүз менен алып келчүбүз, кээде заказ кылчубуз. Биз өспүрүмдөрдөн майда балдар үчүн кам көрүп туруусун суранчубуз.

Бир үй-бүлөнүн балдарынын баары үчүн бир сыйынуу туура эмес экенин көрдүк, себеби алар сыйынуудан кийин дароо үйлөрүнө жөнөп калышчу. Сыйынып коюуну суранып, анан алар үчүн сыйынгандан кийин, дароо кетип калганды да биз туура эмес деп таптык, же андан да жаманы, баласын сыйындырууга алып келип, таштап коюп, анан сыйынуу бүткөндөн кийин аны алып кетүү үчүн гана келгендерди да биз токтоттук. Бир гана жолу биз жалгыз бой эненин ушундай суранычына макул болдук, себеби ал иште болгондуктан, чогулушка катыша албайт эле. Мындай чогулуштарда бардык ата-энелер бардык балдар үчүн толук убакыт сыйыныш керек эле. Адамдар алардан эмне талап кылынып жатканын дароо түшүнүшү керек эле, алар ойлонуп, катыша алабы же жокпу, чечиши керек болчу.

Биз үй-бүлөлөрдүн тизмесин түзүүдөн баштачу элек, ошондо биз иш-аракеттерибиздин иретин биле алар элек. Андан кийин, биз ар бир үй-бүлөнүн тун балдары үчүн, андан соң кичүүлөрү үчүн ирети менен сыйынчубуз.

Биз сыйынууну баланын өзү жок кезинде баштайбыз, ата-энеси өз чочулоолорун, коркунучтарын ачык айта алыш үчүн, баласы же кызы укпаса жакшы болмок деген өзгөчө муктаждыктарын ачып бере алышы үчүн ушундай кылганбыз. Ал бала үчүн сыйынууну биз Теңирден анын ден соолугун бекемдеп беришин, коргошун, анын жашоосун жетектешин, жөндөмдүүлүктөрүн жана таланттарын өнүктүрө алсын деп сыйынып, анан анын ата-энеси айтып кеткен, өзгөчө муктаждыгын кылдаттык менен айтып, суранабыз.

Мисалы, бир эне баласына достору жаман таасир берип жатканы үчүн чочулап жатканын айтты эле. Бала жок кезинде анын ар бир досу үчүн арачылык кылып, сыйындык. Бала келгенде, биз бала Теңирдин артынан ээрчиген жана Кудайга кар-

шы болгон досторун айырмалап биле алышы үчүн сыйындык. Ушул маалда баланын алдында сылык болуп, өзүн айыптуу сезип калуусуна жол бербеш керек, ар бир бала өзүнүн сүйүктүү экенин сезиши зарыл.

Ошол жылдарда бирге сыйынып жүргөн ата-энелер биздин биргелешкен сыйынууларыбыздын балдарынын жашоосуна чоң таасир бергени жөнүндө, ошол сыйынуулардын көбүнө жооп алганы жөнүндө күбөлөндүрүшөт. Балдар да өздөрүн керектүү жана сүйүктүү сезген ошол чогулуштар жөнүндө көп эстешет. Үйүнөн алыс кеткен чоң балдары же кыздары үчүн сыйынууну суранышкан ата-энелер да болгон. Сыйынуулардын жакшы түшүмдөрү жөнүндө алар да күбөлөндүрүшүүдө.

Ата-энелери бирге сыйынуу үчүн чогулгандары үчүн гана канча балдар аман калгандыр жана дагы аман калышар, ким билет? Сиз да ушундай сыйынуу топторун уюштурууга шашылыңыз. Муктаждык абдан зор, сиз чечим чыгарсаңыз, адамдар сөзсүз чогулушат.

# МАЗМУНУ

Ыраазычылык ........................................ 3

Сөз башы ........................................ 4

Кириш сөз ........................................ 10

1-Бөлүм. Өз балдары үчүн сыйынууну кантип үйрөнүү керек ........................................ 12

2-Бөлүм. Баланы Кудайдын колуна кантип берүү керек ........................................ 34

3-Бөлүм. Баланы жамандыктан кантип коргой алабыз ... 41

4-Бөлүм. Сүйүктүү экенин балага кантип көрсөтүү керек ........................................ 48

5-Бөлүм. Түбөлүк келечек жөнүндө ишенимдүүлүккө кантип ээ боло алабыз ........................................ 57

6-Бөлүм. Балага ата-энени урматтоону кантип үйрөтсө болот жана тил албастыкка кантип каршы туруу керек ........................................ 64

7-Бөлүм. Агайын-туугандар менен жакшы мамилени кантип сактаса болот ........................................ 72

8-Бөлүм. Балага ишенүүчү досторду табууга кантип жардам берсе болот ....................................................78
9-Бөлүм. Балага Кудайды чын жүрөктөн издөөнү кантип үйрөтсө болот ............................................85
10-Бөлүм. Балага жашоодогу өз ордун табууну кантип үйрөтсө болот ..........................................92
11-Бөлүм. Балага жалгандан баш тартып, чындыкты ээрчүүнү кантип үйрөтсө болот ....................100
12-Бөлүм. Баланын ден соолугу жана айыгуусу жөнүндө кантип сураш керек ..........................................107
13-Бөлүм. Балага өз денеси жөнүндө кам көрүүнү кантип үйрөтсө болот .............................................113
14-Бөлүм. Балада окуу жана Кудайды таанып-билүү каалоосун кантип пайда кылыш керек .........119
15-Бөлүм. Баладагы Кудайдын белектерин — таланттарын жана жөндөмдүүлүктөрүн кантип аныкташ керек .......................................125
16-Бөлүм. Баланы өмүр сөздөрүн сүйлөгөнгө кантип үйрөтүү керек ..................................................132
17-Бөлүм. Балада ыйыктыкка умтулууну кантип ойготуш керек....................................................137
18-Бөлүм. Баланын бөлмөсүн кантип коргош керек .....144
19-Бөлүм. Балага коркунучтан арылууга кантип жардам бериш керек ..........................................150

20-Бөлүм. Балага туура ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө кантип жардам бериш керек ..156
21-Бөлүм. Балага Теңирде кубанычка ээ болууга кантип жардам бериш керек ..........................................162
22-Бөлүм. Өткөн кездин каргыштарын кантип талкалаш якерек.................................................168
23-Бөлүм. Баңгизатка, аракечтикке жана башка көз карандылыкка кантип каршы туруш керек .177
24-Бөлүм. Балага өз тазалыгын сактоону баалаганды кантип үйрөтүш керек ....................................182
25-Бөлүм. Кудай даярдап койгон жубайын табууга балага кантип жардам бериш керек .............188
26-Бөлүм. Балага кечиргенди кантип үйрөтүш керек ...195
27-Бөлүм. Тобо кылуунун маанилүүлүгүн түшүнүүгө балага кантип жардам бериш керек .............203
28-Бөлүм. Душмандын тиректерин кантип талкалаш керек ..........................................................................209
29-Бөлүм. Балага акылмандуулукка ээ болууга кантип жардам бериш керек..........................................215
30-Бөлүм. Балага ишенимде өсүүгө кантип жардам бериш керек ..............................................................221
31-Бөлүм. Өсүп-жетилип калган балдар үчүн кантип сыйыныш керек ...................................................230
Тиркеме. Башка ата-энелер менен бирге балдарыңыз үчүн сыйыныңыз ..................................................247

Сторми Омартиан

**Ата-энелик сыйынуунун күчү**